ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

# УЛУТТУК ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ИДЕЯСЫ ЖАНА РУХАНИЯТ НЕГИЗДЕРИ

## 7-КЛАСС

Толукталган жана кайра иштелген 5-басылышы

*Улуттук идея жана идеология илимий-практикалык борбору басмага сунуш кылган*

ТАШКЕНТ «MA'NAVIYAT» 2015

УЎК 37.035.6 = 512.154
КБК 66.3(5Ў)я721+71.04(5Ў)я721
К 48

**М. КАРШЫБАЕВ, С. НИШАНОВА,
А. МУСУРМАНОВА, Р. КОЧКОРОВ**

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 7-класстары үчүн арналган бул окуу китеби Өзбекстан Республикасы Президенти Ислам Каримовдун «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» жана «O'zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» китептери негизинде кайра иштелди. Анда Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздерин түзө турган негизги билим жана түшүнүктөр заманбап методикалык усулдар жана талаптардын негизинде ачып берилген.

**UO'K 37.017.92(075)**
**KBK 66.3(5U)ya721+71.04(5U)ya721**

К 48 Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери: 7-класс үчүн окуу китеби / М. Каршыбаев (жана башк.), Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги. – Толукталган жана кайра иштелген 5-басылышы. – Т.: «Ma'naviyat», 2015. – 120 б.
I. Каршыбаев М.

ISBN 978-9943-04-149-3

**ШАРТТЫ БЕЛГИЛЕР:**

– эсинде тут
– кунт коюп оку
– билип ал
– суроо жана тапшырмалар
–ачкыч сөз
– чыгармачылык менен ой жүгүрт

**Республикалык максаттуу китеп фондунун эсебинен басылды**

ISBN 978-9943-04-149-3
© М. Каршыбаев жана башк. 2015
© «Ma'naviyat», 2015

## КИРИШҮҮ

Саламатсыңбы, ардактуу окуучу!

Ата Мекенибизде улуу майрам – Эгемендүүлүк майрамы уланып жаткан бул күндөрдө сен башка предметтер катары «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздерин» да үйрөнүүгө киришүүдөсүң.

**Бул предмет Өзбекстан Республикасы Президенти Ислам Каримовдун 2001-жыл 18-январда кол коюлган «Улуттук эгемендүүлүүлүк идеясы: негизги түшүнүк жана принциптер» предмети боюнча окуу программаларын жаратуу жана республика окуу системасына киргизүү жөнүндө»гү указынын негизинде окутулууда. Ал эки бөлүктөн – улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздеринен турат.**

**Биринчи бөлүктө сен элибиздин улуттук идеясы, анын негизги түшүнүк жана принциптери жөнүндө зарыл болгон билим жана маалыматтарга ээ болосуң. Бул болсо элибиздин кандай улуу максаттарды көздөп жашап жатканы жөнүндө үстүртөн билип алууңа кызмат кылат.**

*«Улуттук» деген сөз элибиз, журтубуз, улутубузга тиешелүүлүктү билдирет. «Эгемендүүлүк» болсо – өз алдынчалык дегени. Демек, Улуттук эгемендүүлүк идеясы Өзбекстан элинин эгемендүүлүк менен байланыштуу бардык үмүт-умтулуулары, максат жана кызыкчылыктарын түзөт.*

Өзбекстандын татыктуу перзенти, чыныгы жараны болом деген ар бир инсан, улуттук идеяны билүүсү, окууда, иште, турмушта анын негизги талап жана принциптерин ишке ашырууга умтулуп жашоосу

керек. Белгилүү болгондой, инсан үй куруудан мурда анын планын сызып алат. Антпесе, ишти эмнеден баштап, эмнеден аякташын, кандай жана канча каражат, материал сарптоону билбей башы катат. Эгемендүүлүккө жетишип, жаңы коом курмакчы болгон эл да өзүнүн негизги максаттарын анык белгилеп алат. Бул максаттар анын улуттук идеясында көрүнөт.

**Өзбекстан элинин улуттук идеясы Президентибиз Ислам Каримовдун жетекчилигинде иштеп чыгылды. Ал «Улуттук эгемендүүлүк идеясы» же «Улуттук идея» деп аталат.**

Улуттук идеябыздын маани-мазмуну баштап «Улуттук эгемендүүлүк идеясы: негизги түшүнүк жана принциптер» китепчесинде кеңири жарытып берилди, кийинчерээк мамлекетибиз жетекчисинин чыгармаларында, айрыкча, «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде дагы да байытылды. Ушул китепте төмөнкү сөздөр жазылган:

**«Адамзаттын көп кылымдык тарыхы бул дүйнөдө өзүнүн улуттук мамлекетин курмакчы болгон ар кандай эл ыйык милдеттерди ишке ашыруу, ушул жолдо адамдарды бириктирүү жана багыттоо, алардын дилинде ишеним ойготуу, эски социалдык режимден таптакыр жаны режимге өтүүдө өзүнө кошумча күч-кубат жана колдоо табууда жалпы, бирдиктүү максат жана үмүт-тилектердин натыйжасы болгон Улуттук идеяны таяныч деп биле тургандыгынан кабар берет»[1].**

**Улуттук идеябызды жаратуудан максат – журтташтарыбыз, оболу, сен өңдүү жаштарды Мекенибизди чын дилден сүйүп, анын тагдыры жана келечеги үчүн күйүнүп, өзүнүн кимдиги, кандай улуу элдин перзенттери экенин билип, сыймык менен жашай турган инсандар кылып тарбиялоодон турат. «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» предметинин максаты да дал ушуну көздө тутат.**

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 71-бет.

**Ушул китептин экинчи бөлүгү «Руханият негиздери» деп аталат. Сен бул бөлүмдө «руханият» түшүнүгү жөнүндө, анын инсан, эл жана коом турмушунда кандай маанилүү орун тутушу жөнүндө кең маалыматка ээ болосуң.**

**Жыйынтыктап айтканда, «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» предмети сага Мекенди сүйүү, ага татыктуу перзент болуу илимин, анын руханий жактарын үйрөтөт.**



Ушул предметтин билим берүү системасына киргизилиши жана окутулушу мамлекетибизде дени соо жана жеткилең муунду тарбиялоого багытталган өзгөчө көңүл буруунун натыйжасы. Демек, журтубуз жаштарын ар тараптуу жетишкен жана жеткилең кылып тарбиялоого кызмат кылуу – бул предметтин негизги милдети болуп эсептелет.

Бул предмет өзүнүн максат жана милдетерин ишке ашырууда адабият, тарых, укук таануу, дин таануу сыяктуу илим-билим тармактарынан, педагогика жана психология предметтеринин заманбап түшүндүрүү, чечмелөө усулдарынан кеңири пайдаланылды.

*Нерсе-окуялардын эң маанилүү белги жана касиеттерин туюнта турган сөз же сөз тизмеги түшүнүк деп аталат.*

*«Принцип» сөзү жакка багытталуу, бир нерсени жактоо, ага ыкташуу деген маанилерди билдирет. Улуттук эгемендүүлүк идеясынын негизги түшүнүк жана принциптери дегенде бул сөз принцип маанисинде колдонулган.*

*«Принцип» – латынча сөз болуп, белгилүү бир теория же окуунун негизги мыйзам-эрежелерин, дүйнөкараш жана көз карашты билдирет.*

Бир чындыкты дайыма эсте тут. Бүгүн биз ээ болуп жашап жаткан эгемендүү турмуш ата-бабаларыбыз үчүн кылымдар бою изги

тилек, улуу идея болуп келген. Бабаларыбыздын мына ушул жолдо узак убакыттар бою алып барган машакаттуу күрөштөрү, оор эмгектери себеп биз азыркы эркин жана азат күндөргө жетиштик. Элибиз эгемендүүлүк жылдарында материалдык жана руханий жактан дүйнөдө эч кимден кем болбостон жашоо, өнүккөн өлкөлөрдүн катарынан татыктуу орун ээлөө үчүн умтулуп жаткан болсо, бул жолдо биз эл-журтубузга таяныч болуу ыйык перзенттик бурчубуз болуп саналат.

Бул үчүн биз башка предметтер менен бирге «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздерин» да жакшы өздөштүрүп, Ата Мекенибизге туруктуулук менен кызмат кылууга ар тараптан даяр болушубуз зарыл. Бул жолдо сен үйрөнүүгө киришип жаткан бул предмет эң жакын жардамчы болот.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» предметине ким тарабынан жана качан негиз салынган?
2. Ушул предмет канча бөлүктөн турат?
3. Бул предметтин биринчи бөлүгү кандай аталат жана эмнелерди үйрөтөт?
4. Улуттук идея эмне үчүн кызмат кылат?
5. «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» предметинин экинчи бөлүгү кандай аталат жана эмнелерди үйрөтөт?
6. Улуттук идеябыздын маани-мазмунун чагылдырган китептин атын айтып бер.
7. Президентибиз Ислам Каримовдун кайсы китебинде улуттук идеябыз андан да байытылды?
8. «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» предметинин максаттары эмнелерден турат?
9. Бул предметтин максаттары жөнүндө айтып бер.
10. Ушул сүрөттөргө карап инсандын изгилик жаратманы экендиги жөнүндө айтып бер.


*a*


*b*


*d*


*e*

# I бөлүм

# ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖАНА УЛУТТУК ИДЕЯ

## УЛУТТУК ИДЕЯ – ИЗГИ ҮМҮТ-ТИЛЕКТЕРДИН ТУЮНТУЛУШУ

Дүйнөдөгү ар бир элдин Улуттук идеясы анын үмүт-тилектери, дили, аң-сезиминин туюнтулушу катары пайда болот. Ошол эле учурда Улуттук идея өз-өзүнөн калыптанып, ишке ашып калбайт. Ал үчүн, оболу, ыңгайлуу тарыхый шарт зарыл болот.

**Эгемендүүлүк Улуттук идеянын калыптанышы үчүн эң маанилүү тарыхый шарт болот. Ошондуктан да «эгемендүүлүк» жана «Улуттук идея» түшүнүктөрүн бири-биринен ажыратып болбойт. Ошол себептен Улуттук идеябыз эгемендүүлүк маанисин билдире турган сөз менен бирге Улуттук эгемендүүлүк идеясы деп аталат.**

**Эгемендүү мамлекетте гана эл эркин жана азат жашоо, өз алдына улуу максаттар коюп, аларды ишке ашыруу үчүн бүткүл күч-кудуретин, акыл-эсин багыттоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.**

Улуттук идеябызда камтылган изги үмүт-тилектер кылымдар бою элибиздин дилинде жашап, анын жасаган иштеринде белгилүү бир деңгээлде чагылып келген. Бирок аларды толук ишке ашыруу, элибиз, анын патриот перзенттери канча аракет кылбасын, жетиштүү тарыхый шарт болбогондуктан аягына жетпестен кала берген.

Мисалы, XX кылымдын баштарында журтубузда чоң агартуу иштерин аткарган жадиддер илим-билим таратуу, жаңыча усулдагы мектептер, китепканалар, театрлар ачуу, газета-журналдар уюштуруу аркылуу Мекенибизди өнүктүрүү, элибиздин турмушун абат жана жыргал кылууга умтулушкан. Бирок жогоруда айтылган тарыхый шарт – эгемендүүлүктүн жоктугу себеп алардын аракеттери аягына жетпеген.

**Мындай шарттын пайда болушу жана андан өз убагында пайдалануу үчүн элди ойготуу, бириктирүү, жолдоодо чоң жетекчилик жөндөмүнө ээ болгон, март, эр жүрөк, алысты көздөп иш алып бара турган жетекчинин тарых сахнасына чыгышы чечүүчү мааниге ээ.**

Сен Президентибиз Ислам Каримовдун «O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» китебин окуп, бул пикирге толук ынанасың. 1989-жыл 23-июнда – Ислам Каримов Өзбекстандын башчысы катары иш баштаган маалда мурдагы СССРдин курамында болгон журтубуз өтө оор жагдайга түшүп калганын сен ушул китептен билип аласың. Ошондо СССРдин борбордук шаарларынан Өзбекстанга тергөөчүлөр, биздин шартыбыз, тилибиз, үрп-адаттарыбызды таптакыр билбей турган, урматтабай турган жетекчилер жиберилген эле. Алар пахта жеке бийлиги шартында, өтө кыйын шартта жашап жаткан элибизге карата кысымды күчөтүшкөн. «Пахта иши» деген жалган айыптоолор менен канчалаган бейкүнөө адамдар камалган, бөөдө жазага тартылган. 1989-жылдын май айында Фергана облусунда тополондор башталып, журтубузда өтө оор кырдаал пайда болгон. Мына ушундай татаал шартта Ислам Каримов бүткүл жоопкерчиликти өз мойнуна алып, элибизди эгемендүүлүккө карай баштаган. Эми гана жаңы кызматка шайланган Өзбекстан жетекчисинин республика денгээлинде өткөргөн чоң жыйындагы биринчи докладын «Биз мындан ары эскиче жашай албайбыз жана мындай жашоого замандын өзү жол бербейт» деген сөздөр менен башталышы анын чындан да элибиздин дилиндеги Улуттук идея – эзелки үмүт-тилектерин ишке ашыруу үчүн чечкиндүү кайрат менен майданга чыкканынан кабар берет эле.



Эгемендүүлүк жолунда мына ушундай чоң эрдик менен баштал-

ган аракетер себеп тез арада Фергана облусунда болгон кайгылуу окуяларга акыйкат баа берилип, алардын кесепеттери жоюлду. Журтубузда калкка кошумча жер үлүшүн таркатуу, «пахта иши» менен бөөдө камалгандарды жазадан бошотуу, пахтанын наркын ашыруу, гозо эгиле турган аянттарды азайтуу, ичимдик суусу жана табигый газ менен камсыздоону жакшыртуу боюнча көптөгөн тарыхый чечимдер кабыл алынды. Элибиздин руханий турмушунда да чоң өзгөрүүлөр болду. Өзбек тилине мамлекеттик тил статусу берилди, Нооруз жалпы элдик майрамынын, Рамазан жана Курман айт сыяктуу диний майрамдардын, улуттук баалуулуктарыбыз, улуу бабаларыбыздын ыйык аттары, мурасынын кайра калыбына келтирилиши буга мисал болот. Булардын бардыгы журтубуздагы кескин кырдаалга чек коюп, элибиздин дилинде эртеңки күнгө, анын өз күчү жана мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимди күчөттү.

**Ар бир эл эгемендүүлүккө жетишүү менен өз улуттук мамлекетин түптөйт жана аны жаңыдан курууну баштайт. Биз да Мекенибиз эгемендүүлүгүнөн соң дээрлик үч миң жылдык тарыхка ээ болгон улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү түптөдүк. Мына ушул улуттук мамлекеттүүлүккө, анын бай тажрыйба жана салттарына негизделип, ушуну менен бирге, дүйнөдөгү өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасын эсепке алып, журтубузда укуктук демократиялык мамлекет, жарандык коому курууга кириштик.**

Оболу, мына ушул жаңы мамлекет жана коомдун максат жана милдеттерин анык-так белгилеп алып, андан кийин бүткүл элибизди бул улуу ишке үндөө үчүн жаңы тарыхый шартта улуттук идеябыздын негизги түшүнүк жана принциптерин калыптандыруу күчтүү зарылдыка айланды. Бул жаатта мамлекетибиз Президенти Ислам Каримовдун Улуттук идея, Өзбекстанда курулуп жаткан жаңы мамлекет жана коомдун социалдык-экономикалык, руханий-идеологиялык негиздери жөнүндөгү пикирлери, бардык фундаменталдык чыгармалары негиз болду. Ушул түрдө 2000-жылы «Улуттук эгемендүүлүк идеясы: негизги түшүнүк жана принциптер» китепчеси даярдалып, басылды. Анда улуттук идеябыздын маани-мазмуну ар жактуу баяндалып, далилдеп берилди. Мамлекетибиз башчысынын

2008-жылда басылган «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде улуттук идеябыздын негизги түшүнүк жана принциптери дагы да кеңири жарытылды.


Биз «эзүүчү режим», «советтик колония доору», «коммунисттик идеологиянын үстөмдүгү» деп атай турган мурдагы СССР заманында улуттук идеябыздын айрым белгилери элибиздин жүрөгүндө жашап, маал-маалы менен эрксиз түрдө, б.а. анык системага ээ болбогон, таркак түшүнүктөр, үмүт-умтулуулар көрүнүшүндө байкалып калчу. Эгемендүүлүк доорунда гана улуттук идеябыз жалпы система болуп калыптанды.

### *Суроо жана тапшырмалар:*

1. Улуттук идеянын пайда болушу үчүн оболу эмне зарыл?
2. Улуттук идеябыз эмне үчүн улуттук эгемендүүлүк идеясы деп аталат?
3. Улуттук идеянын толук калыптанышы жана ишке ашуусу үчүн эң маанилүү тарыхый шарт дегенде эмнени түшүнөсүң?
4. XX кылым мурда жадиддер баштаган иштер эмне үчүн аягына жетпей калды?
5. Президентибиз Ислам Каримовдун «O'zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida» китебин окуп, эмнеге ынанабыз?
6. Сүрөттөргө карап, мамлекетибизде эгемендүүлүк идеясы кандай ишке ашырылгандыгы жөнүндө айтып бер.



*a*



*b*


*d*


*e*

## РУХАНИЯТ ЖАНА АНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Кадырлуу окуучу, бул предметтин аты «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» болгондугу үчүн, оболу, руханияттын өзү жөнүндө кененирээк түшүнүккө ээ болууга аракет кылалы.

Президентибиз Ислам Каримов руханиятка төмөнкүдөй мүнөздөмө берген:

**«Руханият – инсанды рухий жактан арууланууу, жан дилинин улгаюусуна жетелөөчү, адамдын ички дүйнөсүн, эркин күчтүү, ишеним жана ынанымын бүтүн кыла турган, ыйманын ойгото турган өзгөчө күч, анын бардык көз караштарынын нормасы болуп саналат»[1].**

Демек, рухий жактан аруулук – руханияттын башкы шарты. Рухий жактан арууланууга умтулган инсандарда руханият башкаларга караганда күчтүү болот.

*Рухий жактан арууланууу дилдин тазалыгын, изги ой-тилектер менен кынтыксыз жашоону билдирет.*

Жогоруда эске алынган түшүндүрмөдө негиздеп берилген дагы бир керектүү норма жан дилинин улгаюусу болуп саналат.

*Жан дилинин улгаюусу өзүбүз туулуп өскөн Мекенди дилден сүйүү, жүрөгүбүз Ата мекенибизге мээрим жана махабат менен толуп, ушунун негизинде актан караны ажыратып, бекемделип баруусун билдирет.*

Кезектеги норма – руханияттын инсандын ички дүйнөсүн, эркин күчтүү, ишеним жана ынанымын бүтүн кылуу өзгөчөлүгү болуп саналат.

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 19-бет.

*Адамдын ички дүйнөсү – жашоону сырттан гана эмес, ошол эле учурда, ойлоо жана элестетүү жардамында күзөтүп, анализдеп баруу мүмкүнчүлүгүн бере турган рухий-руханий дүйнө болуп саналат.*



Руханий дүйнөсү бай кишиде ички көз караш күчтүү болот. Мындай инсандарды жан дүйнөсүнүн көзү ачык адам деп да мүнөздөшөт. Демек, руханият биздин сырткы гана эмес, ошондой эле жан дүйнөбүздүн да көзү ачык болуусун талап кылат. Мына ошол ички көз менен нерсе-кубулуштардын сырттан караганда, көрүнбөй турган маани-маңызы баамдап алынат. Натыйжада, бир топ ката-кемчиликтерден арылуу, досту душмандан, жакшыны жамандан айырмалоо мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Ички дүйнөсү кең, бай жана бакубат инсан бардык ишти ар тараптуу ойлоп, пикирлеп ишке ашырат, ички руханий жолдошу, кеңешчисинен кошумча күч-кубат алып турат. Ошондуктан да Журтбашчыбыз руханияттын жеңилгис күч экендигине өзгөчө көңүл бурат.

*Инсандын эркинин күчтүүлүгү анын аң-сезими, сезим-туюмдарынын анык бир максатка багытталып, өзүн ички жактан да, сырткы жактан да башкара алуу мүмкүнчүлүгү менен белгиленет.*

Эрки күчтүү адам өз жан дүйнөсүндөгү мына ушул сезим-туюмдарды ойготуп, денесинде жаңы күч-кайратты сезгендей болот жана башкалардан көбүрөөк иштеп же окуп, артыкчылыгын көрсөтөт.

Мисалы, мурдагы совет режими доорунда келечекке чоң үмүт менен карап, эркин жана эгемендүү күндөр келишине ишенип жашаган элибиздин жүрөгүндөгү тарыхый эскерүү сезиминен, улуу бабаларыбыздан сыймыктануу сезиминен ченемсиз күч-кубат алган. Ошондуктан да ошол оор заманда канча зулум жана зордуктар болбосун, алар элибиздин эркин бүгө албаган, рухун өчүрө албаган.

Тынымсыз аракет, турмуш сыноолорунда чыңалуу, кыйынчылыктардан чочубастан, алдыга гана карай умтулуу, өзүнүн күч жана мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүүнүн натыйжасында адамдын эрки чыңдалып, бекемделип барат.

**«Эрк — бул чындыгында туруктуу ишеним дегени. Эрки күчтүү адам өзүнө ишенет жана ар кандай татаал милдетти өзүнө алуудан коркпойт»[1].**

Дагы бир норма — ишеним-ынанымдын бүтүндүгү да руханияттын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

*Изгилик жана чындыкка, инсанды улуулай турган нерселерге туруктуу ишеним ынанымдын айкын белгиси саналат.*

Инсандагы ишеним-ынаным бүтүн, башкача айтканда толук жана жеткилең болсо, эч кандай шексинүү, күмөнсүрөөлөр ага зыян келтире албайт. Ушундай түрдө ал руханияттын таянычы, өзөгүнө айланат.

Инсандын ыйманын ойгото турган теңдешсиз күч да руханияттын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат.

*Ыйман бардык нерсеге чындык жана адилеттүүлүк түрдө кароо, баа берүү менен байланышкан түшүнүк.*

Турмушта жакшылык жана изгиликтин нормасында иштеши үчүн күрөшүү, жакшыга — жакшы, жаманга — жаман мамиледе болуу ыймандуу адамдын иши.

Дүйнөдөгү жалганчылык, көз боёочулук, уятсыздык, бирөөнүн акысына кыянат кылуу сыяктуу жаман илдеттер инсандагы ыйман сезимин соолтуп, бара-бара аны ыймансыз бирөөгө айландырып коюшу мүмкүн. Руханият болсо тескерисинче — ыйман сезимин ойготууга кызмат кылат.

**«Ыйманы ойгоо адам айланасында болуп жаткан окуяларга, жардам жана көмөккө муктаж инсандардын көйгөйлөрүнө, адилеттүүлүктүн тепселишине кайдыгер карай албайт. Айрыкча, эл-журт кызыкчылыгына зыян келтире турган жаман иш-аракеттерге эч качан четтен унчукпай карап тура албайт, өз журту**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 123-бет.

**жана элине карата кыянаттык менен саткындыкты такыр кабыл ала албайт. Мындай абалдарды көргөндө жүрөгү кыйналат,- дайыма күйүп-жанып жашайт, кандай кылып болсо да, аларды жоюуга умтулат, керек болсо, бул жолдо жанын да аябайт»[1].**

Руханият ыйманды ойготкондугу үчүн да инсандын бардык көз караштарынын нормасы болуп келүүдө.

*Инсандын бардык көз караштарынын нормасы деп, анын инсандык бейнесин, дүйнө карашын, кыймыл-аракеттерин белгилей турган ынанымга айтылат.*

Ишеним-ынаным – руханияттын негизи. Демек, инсандын көз караштарынын ченемин жогорку руханият белгилейт. Б.а, адамзат нерсе-кубулуштарга баа берүүдө дал ушул руханиятка, руханий нормаларга таянып иш көрөт.

**«Чынында да, эгерде адамзат бул дүйнөдө рухий жактан аруу болуп, эрки күчтүү, ыйманы бүтүн, жүрөгү ойгоо болуп жашабаса, анда адамдын жашоосунда кандай маани калат?»[2]**

Жыйынтыктап айтканда, руханият – инсан, эл жана коомдун турмушунун негизги жана башкы белгиси болуп саналат.

### *Суроо жана тапшырмалар:*

1. Руханияттын мүнөздөмөсүн айтып бер.
2. Инсандын ички дүйнөсү дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Сен жашоого дил көзү менен карап көргөнсүңбү?
4. Инсан эркинин бакубаттуулугу жөнүндө айтып бер.
5. Жан дүйнөнүн улгаюусу дегенде эмнени түшүнөсүң?
6. Ушул сүрөттөргө карап, эркти чыңдоо жолдору жөнүндө айтып бер.


*a*


*b*


*d*


*e*

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 27–28-беттер.

[2] Ошол чыгарма, 28-бет

## ПИКИР ЖАНА ИДЕЯ

Ардактуу окуучу, демек руханият инсан, эл жана коом жашоонун негизги белгиси экендигин көздө туткан абалда, аң – сезимдүү жандык болгон адамзаттын эң маанилүү өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү пикирлер менен маегибизди улантабыз. Мына ушундай сапаттардан бири инсанга гана мүнөздүү болгон ойлоо жана пикирлөө жөндөмү болуп саналат.

**Инсан турмушта күн сайын ар түрдүү окуя-кубулуштарды көрүп, аларга байкоо жүргүзүп, алар жөнүндөгү маалыматтарды тынымсыз кабыл алып баргандыктан анын аң-сезиминде да дайыма өзгөрүүлөр болуп турат. Аларды биз пикир, ой же кыял дейбиз.**

Көптөгөн журтташтарыбыз Мекенибиздин борбор шаарына келип, бул жердеги өзгөрүүлөрдү көргөндөн соң, өз көргөндөрүн мындайча баяндайт: «Ташкентке барып, пикирим, түшүнүгүм таптакыр өзгөрүп кетти, ал жердеги Мустакиллик жана Эскерүү аянттарын, Өзбекстан Улуттук багы, Амир Темур сейилбагы, Хазрати Имам комплексин, жаңы-жаңы имараттар, лицей жана колледждер, абат көчөлөрүн көрүп, эгемендүүлүктүн күчүнө дагы бир жолу ынандым». Ушундан да билсек болот, жаңылык жана өзгөрүүлөр адамдардын аң-сезиминде жаңы пикирлер пайда кылат, оюн өзгөртөт.

Андыктан, кел, баштап пикир жөнүндө токтололу.

**Адамдардын ой-тилектерине карап, пикирлер эки түрдүү болот. Биринчиси – бир гана адамдын оюн туюнта турган жеке пикир. Экинчиси – көпчүлүктүн оюн туюнта турган социалдык пикир.**

*Пикир адамдардын көңүлүн өзүнө тарта турган, аларды бириктире турган, аракетке үндөөчү болсо, идея деп аталат.*

**Жеке, башкача айтканда, бир адамдын жеке оюн же кызыкчылыгын туюнта турган пикир башкалар үчүн идея боло албайт. Анткени ал бир гана адамдын максатын туюнтат. Мисалы, «Мен үй курмакчымын» же «Мен китеп окумакчымын» деген пикирлер башкаларды бириктирүү жана аракетке чакыруу күчүнө ээ эмес.**

**Идея оболу көпчүлүктүн үмүт-тилектерин жана кызыкчылыктарын туюнтушу, адамдарды бириктирүүсү жана кандайдыр бир максатты ишке ашыруу үчүн багытталышы керек.**



Ошондуктан да социалдык мааниге ээ, башкача айтканда көпчүлүктүн кызыкчылыктарына таандык болгон пикир идеяга айланышы мүмкүн. Мисалы, «Мен мааленин раиси болсом, адамдарды бириктирип, алардын күчү менен жаңы спорттук аянтча курдурамын» деген сүйлөм ушул мааленин мүчөлөрү үчүн социалдык пикир болот. Бул, өз кезегинде, маале адамдарын мына ошол адам үчүн добуш берүүгө үндөй турган, ушул жолдо бириктире турган жана багыттоочу идея да боло алат.

Эгерде пикир мамлекет деңгээлинде социалдык мааниге ээ болсо, ал учуру келип, улуттук идеяга айланышы мүмкүн.

**«Улуттук идея дегенде, ата-бабалардан кийинки муундарга өтүп, кылымдар бою ардактап келинген, ушул журтта жашап жаткан ар бир инсан жана бүткүл элдин жүрөгүндө терең тамыр атып, анын руханий зарылчылыгына жана турмуштук талабына айланып кеткен, башкача айтканда, ар кайсы улуттун эң изги ой-тилектери жана үмүт-максаттарын өзүбүзгө элестетип көрө турган болсок, менин оюмча, мындай кең маанилүү түшүнүктүн маани-маңызын туюнткан болобуз»[1].**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 71-бет.

Мисалы, эгемендүүлүк кылымдар бою ата-бабаларыбыздын жүрөгүндөгү эң ыйык тилеги эле. Ал социалдык мааниге ээ болгондугу, барган сайын бүткүл элибиздин кызыкчылыктарына жооп бере турган максатка айлангандыгы үчүн жалпыны бириктире турган улуттук идеяга айланды. Элибиз Президент Ислам Каримов башчылыгында мына ушундай идеянын айланасында биригип, 1991-жыл 31-августта аны ишке ашырды жана эгемендүү Өзбекстан мамлекети пайда болду.

**«Биздин эң улуу максатыбыз, эң чоң идеябыз Өзбекстандын бир жолу бар: эгемендүүлүктү чыңдап, мамлекетибизди ар тараптуу өнүктүрүп, жаркын жана эркин жашоону көздөй алдыга жүрүү болуп саналат»[1].**

Эгерде көңүл бурган болсоң, телевизор жана радиодо «социалдык пикирди үйрөнүү» деген сөз көп иштетилет. Анткени, демакратиялык коом куруу жолунан бара жаткан мамлекеттер, атап айтсак, биздин журтубузда да адамдардын коомдогу өзгөрүү жана реформаларга карата мамилесин, жалпы маанайын билүү үчүн алардын пикири үйрөнүлөт. Социалдык пикирдин кандайлыгы, элди көбүрөөк кайсы маселелер кызыктырышына карап, өкмөттүк мекемелер, саясий партиялар, коомдук уюмдар тарабынан мамлекетти өнүктүрүү боюнча жаңы-жаңы идеялар илгери сүрүлөт.

Социалдык пикир көпчүлүктүн максат жана кызыкчылыктары менен байланыштуу болгону үчүн аны ишке ашырууда эл менен кеңешилет. Мисалы, мамлекетибиз парламенти – Олий Мажлистин төмөнкү – Мыйзам чыгаруучу палатасы же жогорку палатасы – Сенатынын сессияларында жаңы мыйзамдар кабыл алынат. Бул мыйзам элибиздин чыныгы кызыкчылыктарын туюнта турган маселелердин укуктук чечимин көрсөтүп берет. Мисалы, фермердик, кичи бизнес жана жеке ишкердикти өнүктүрүү, жаштардын дени соо жана жеткилең болуп чоңоюшу үчүн бардык шарттарды жаратуу – булардын бардыгы элдин социалдык пикирин үйрөнүү аркылуу Олий Мажлис палаталарынын сессияларында мыйзамдар документтери түрүндө кабыл алынат

[1] **Ислам каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 76-бет.




Демек, журтубузда курулуп жаткан демократиялык коом шартында социалдык мааниге ээ болгон идеялар парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдар, Президент указдары жана буйруктары, өкмөт токтомдору, программалары жана башка мыйзам документтер аркылуу ишке ашырылат. Өзбекстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү да мамлекетибиздин парламентинде 1991-жыл 31-август күнү кабыл алынган мыйзам документи аркылуу ишке ашырылды.

Албетте, турмушта жеке пикирди ишке ашыруу боюнча да кимдир бирөө менен кеңешилет. Алсак, кимдир бирөө үй сатып алмакчы болсо, үй-бүлө мүчөлөрү, жакын туугандары жана дос-тамырлары менен кеңешет. Жалпысынан алганда ишти кеңеш менен жасаган жакшы. Себеби, элибиздин тили менен айтканда, кеңештүү той тарабайт, башкача айтканда аягына чейин жакшы өтөт. Бирок жеке пикир боюнча ар канча кеңешсе да, акыр-аягында кандай токтомго келүү – пикир ээсинин колунда болот. Анткени бул пикир анын гана кызыкчылыгын туюнтат, башкалардын кызыкчылыктарына байланыштуу болбойт. Демек, жеке пикир жеке жыйынтыкка, жеке идеяга айланышы мүмкүн, бирок көпчүлүк үчүн идея боло албайт.

**Жеке пикир инсандын жеке токтомунун негизинде ишке ашырылат.**

Мисалы, сен эрезеге жеткенинде кайсы кесипти тандоо, кайсы окуу журтуна кирип окуу жөнүндө ата-энең, устаттарың, досторуң менен сөзсүз кеңешесиң. Бирок кызыгуу жана жөндөмүңдөн келип чыккан түрдө, кайсы кесипти тандоо же кайсы окуу жайына кирип окуу жөнүндө өзүң бир токтомго келесиң.

Биз эмне үчүн улуу инсандардын өздүк сапаттарын, өз перзенттери, үй-бүлө мүчөлөрүнө айткан үгүт-насааттарын, каттарын үйрөнөбүз? Алар бир өмүр улуу идеялар менен жашаганы, дайыма көпчүлүктүн бакыт-таалайын ойлоп жашагандыктан өздүк жашоосу да ушунчалык баалуу болуп кеткен.

**Улуу максаттар менен жашаган инсандардын жеке пикири да социалдык мааниге ээ болот.**

*Кызыкчылык дегенде максатка ылайык болгон, талап жана керектөөлөргө жооп бере турган нерсе-кубулуш, иш-аракет же ишмердүүлүк түшүнүлөт.*

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Адамда пикир кандай пайда болот?
2. Пикирлер канча түрдүү болот?
3. Жеке жана социалдык пикирдин айырмасы эмнеде?
4. Бул сүрөттөрдө ким кандай пикир билдирип жатканын түшүндүр?
5. Сен өз пикиринди оболу кимге айтасың?
6. Идея кандай пикирден пайда болот?
7. Улуттук идея деп эмнеге айтылат?
8. Үй-бүлөдө, мектепте кимдерден кеңеш сурайсың? Бул кеңештер сага кандай жардам берет.



*a*



*b*



*d*



*e*

## ИДЕЯНЫН НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Ардактуу окуучу, жашоо өтө көп кырдуу жана ар түркүн экенин сен жакшы билесиң. Андагы ар бир окуя-кубулуш кайталангыс көрүнүшү, маани-мазмуну жана маңызына ээ. Ушуну менен бирге, жашоо абдан тез өзгөрүп турат. Айрыкча, азыркы ургаалдуу, тез доордо кечээ жаңылык болуп көрүнгөн нерсе бүгүн эскирип калышы эч нерсе эмес.

Инсандардын көз караштары, ой жана пикирлери да түрдүүчө болот. Бул тууралуу Президентибиз Ислам Каримов өзүнчө пикир билдирип, төмөнкүлөрдү баса белгилеген:

**«Жер жүзүндө канча инсан жашап жаткан болсо, бармагынын изи да, ички дүйнөсү да бирдей болгон эки адамды табуу, кезиктирүү кыйын. Андыктан, бул инсандардын ойлоо жана жашоо мүнөзү да бири-биринен айырмаланат»[1].**

Ошондуктан, адамдардын максаты, үмүт-тилектерин туюнта турган идеялар да ар түрдүү болот.

**Идеялар өзүнө мүнөздүү система пайда кылуу, уюштуруу, багыттоо, башкача айтканда алдыга баштоо, аракеттин булагы болуу сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ.**

Өткөн маегибизде пикир жана идеянын бири-биринен айырмасы жөнүндө сүйлөшкөн элек. Идеянын өзү да пикирден туularын билип кой.

**Идея өсүп, өркүндөп бара турган, көпчүлүктө кызыгуу ойгото турган пикир болуп саналат.**

Өркүндөп бара турган ар кандай нерсе белгилүү бир системага ээ болот.

**Идея да өзүнүн маани-мазмунуна жакын болгон пикирлер, түшүнүк жана элестөөлөрдү бириктирип система пайда кылат.**

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 23-бет.

Мисалы, азаттык идеясын алалы. Боштондук, эркиндик, күрөш, эгемендүүлүк, укук, теңдик жана адилеттүүлүк сыяктуу түшүнүк жана элестөөлөрдү бул идея өз айланасында бириктирет. Ошондуктан аны ишке ашыруу зарылдыкка айланганда, бул системадагы түшүнүк жана элестөөлөрдүн бардыгы актуалдуу болуп, адамдарды өзүнө тартат. Сен боштондук үчүн күрөш алып барган элдер тарыхы, атап айтсак, өз тарыхыбыз мисалында да буга ынанууга болот.



Даракка көңүл бургансыңбы? Жаз мезгилинде ал жаңы бутактар чыгарып, дүркүрөп өсөт. Анткени көктөм маалында анын өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу шарт пайда болот. Идеянын өсүп-өнүгүп баруусун да ушуга салыштыруу мүмкүн.

**Коом чоң өзгөрүүлөр алдында турганда, элдин жол башчыларынын аң-сезиминде да адамдар үчүн турмуштук зарыл идеялар туулат.**

Мисалы, эгемендүүлүктүн алдында жана эгемендүүлүктөн кийин Президентибиз Ислам Каримов тарабынан журтубузда жаңы коом куруу, реформаларды ишке ашыруу, журттун тынчтыгы, элибиздин жыргалчылыгы, жеткилең инсанды тарбиялоо боюнча канчадан-канча изги идеялар илгери сүрүлдү. Алардын бардыгы улуттук идеябызга сиңдирилип, бүгүнкү күндө Конституциябыз, мыйзамдарыбыз аркылуу турмушубузда өз чечимин табууда.

**Ар бир доор адамдардын алдына жаңыдан-жаңы милдеттерди коёт. Ушуга карап идеялардын түзүлүшү, алардын системасы да өзгөрөт.**

Мисал үчүн, адилеттүүлүк идеясын алалы. Бул идеяны ишке ашырууда байыркы замандарда адилеттүү падыша, адилеттүү өкүмдар идеясы көңүл борборунда болгон. Сен Алишер Наваий жана башка классикалык акындарыбыздын чыгармаларын окусаң, аларда мына ушул идея чагылдырганын көрөсүң. Бирок XX кылымдын баштарына келип биздин журтубузда адилеттүүлүккө жетишүүнүн негизги

шарты – элдин каалоо-тилеги менен башкарыла турган коом куруу, адамдардын аң-сезимдүү, билимдүү жана маданияттуу болушу, деген көз караштар пайда болгон. Мындай идеяларды агартууну жактоочу жадид бабаларыбыз илгери сүргөн. Ал эми биздин доорубузда дүйнөдөгү өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасынан келип чыгып адилеттүүлүккө жетишүү эркин жана жыргал турмуш, ар бир инсандын өз укуктарын билиши, мыйзамдын үстөмдүгү аркылуу ишке ашырылат, деген идея негизги орунду ээлөөдө.

**Идеялар заман талабына карап өз түзүлүшүн өзгөртүшү, алардын системасындагы кээ бир түшүнүк жана караштар эскириши, алардын ордуна жаңылары пайда болушу мүмкүн.**

Идеянын уюштуруучулук өзгөчөлүгү анын система пайда кылуу өзгөчөлүгү менен үзгүлтүксүз байланыштуу. Чындыгында система пайда кылуу, бир-биринен таасирлүү, кызыктуу түшүнүк жана пикирлерди өз айланасында бириктире турган максат да оболу адамдарды уюштуруу, бирдиктүү күчкө айландыруудан турат. Анткени түрдүү көз караш жана элестөөлөргө ээ болгон адамдардын ар бирин башкы идеянын тегерегинде уюштуруу үчүн мына ушундай ар түрдүү түшүнүк жана идеялар керек болот. Мисалы, бир эле азаттык идеясы башка пикир жана идеялар менен бирге кызыкчылыктары түрдүүчө болгон инсандарды өзүнө кеңири тартат. Мисалы эркин болсок, жерибиз, суубуз өзүбүздүкү болот, деген пикир дыйкандарда, завод-фабрикаларыбыз өзүбүздүкү болот, деген идея ишкер инсандарда, аң-сезимибиз, ой жүгүртүүбүз эркин болот деген көз караш болсо, интеллигенттерде чоң кызыгуу ойготот. Ушундай түрдө бардык категориядагы адамдарды уюштуруу мүмкүнчүлүгү туулат.

Идеянын багыттоо, башкача айтканда алдыга баштоо жана аракет булагы болуу өзгөчөлүктөрүнө да турмуштан көптөгөн мисалдар келтирүү мүмкүн. Сен адамдар арасында «бул жыл жакшы иштеп, тапкан кирешеме той кыламын же машина аламын», «үй курамын», «жаңы дүкөн ачамын» деген сөздөрдү көп уккансың. Көрдүңбү, анык максат аларды багыт алууга, аракетке үндөйт. Идея да ушундай болот.

**Түркий, б.а. азыркы өзбек тили фарс жана араб тилдеринен кем эмес, деген идея Алишер Наваийди өзбек тилинде көптөгөн чыгармалар, атап айтсак, беш дастандан турган «Хамса» китебин жаратууга үндөгөн.**

*Ардактуу окуучу, айтчы, кандай пикир же максат сени жакшы окууга үндөйт?*

**!** **Изги идеялар өз айланасына бардык улуу сезимдерди, түшүнүк жана элестөөлөрдү бириктирет. Ошондуктан алар адамдарды жакындатуу, бириктирүү кудуретине ээ. Жакшы идеялар эч качан өлбөйт. Анткени алар элдин үмүт-ишениминен, бабалардын үмүт-тилектеринен пайда болот. Жылдар, кылымдар өтсө да, жаңыдан күчкө толуп, инсандарды күрөшкө, аракетке үндөп жашай берет.**

Изгилик жана жакшылык идеялары эң байыркы замандарда да адамдардын кыялын ээлеп келгендигин тарыхтан жакшы билесиң. Элибиздин улуу руханий эстелиги болгон «Авесто» китебинде изгилик, башкы идея катары баяндалган. Арадан кылымдар, миң жылдар өткөнүнө карабай, изгиликти асыроо, адамдарды жакшылыкка үгүттөө бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп турат. Ошондуктан да дээрлик ар күнү мектепке аттанып жатканында, ата-энең сага: «Балам, жакшы оку, жакшы бол, жамандарга кошулба» деп насаат кылат.

Элибизде «Жакшы сөздүн канаты болот» деген накыл бар. Себеби жакшы сөз тез таралат, адамдардын дилин дароо эле ээлейт. Жакшы идея да ушундай. Устат жазуучубуз Абдулла Каххар «Адабият – атомдон күчтүү» деген. Эмне үчүн адабият атомдон күчтүү? Адабияттын күчү сөз аркылуу туюнтула турган үлгүлүү пикир жана идеяда. Сен адабият сабагынан адабияттын негизги куралы – сөз экендигин жакшы билесиң. Бирок бул курал кандайдыр бир пайдалуу пикир же идеяны туюнтса гана таасир күчүнө ээ болот. Муну мамлекетибиздин жетекчиси «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде өзгөчө белгилеп өткөн.

**«Инсанды, анын руханий ааламын ачыкка чыгара турган дагы бир күчтүү каражат бар, ал да болсо, сөз өнөрү, көркөм адабият болуп саналат. Адабияттын инсанды таануучу илим деп, акын жана жазуучулардын болсо инсандын жан дүйнөсүнүн инженерлери, деп мүнөздөлүшү бекеринен эмес, албетте»[1].**

*Идеялар бир түрдөгү, б. а. өз өзгөчөлүктөрү боюнча өз ара окшош идеяларды бириктирет. Алар идеянын түрлөрү деп аталат.*

---

[1] **Ислам каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 136-бет.

**Идеялар улуттук же жалпы адамзаттык, диний же дүйнөлүк, илимий же философиялык болуусу мүмкүн. Бир мамлекеттин элинин максат жана кызыкчылыктарын чагылдырса, ал улуттук идея болот. Мисалы, жаңы коом куруу – Өзбекстан эли үчүн улуттук идея эсептелет. Планетабызды асырап-абайлоо, кандуу согуштарга жол койбоо – жалпы адамзаттык идея.**

Дүйнөдө адамдарды анык максатты көздөй багыттоо, алдыга жетелөөнүн ордуна, тескерисинче, аларды изги ниеттер, жакшы иштерден чалгыта турган же алардын аракет кылулууларына жол койбоочу идеялар да бар. Ошондуктан да идеялар алдыңкы жана консервативдик болуусу мүмкүн.

*Консервация латынча сөз болуп, эскиликти кайра калыбына келтирүү аны жактоо деген маанилерди билдирет.*

**Бүгүнкү күндө эволюциялык, б. а. баскычтуу түрдө өнүгүү жолунан баруу алдыңкы идея, эски советтик режимдеги административдик-буйрукчул усулда иш жүргүзүүнү жактоо болсо консервативдик идея болуп эсептелет.**

**Идеялар элдин эрки, үмүт-тилектери жана кызыкчылыктарын канчалык туура же туура эмес чагылдыруусуна карап чыныгы же жасалма, жаратуучу же кыйратуучу болушу мүмкүн.**

Сен эгемендүүлүккө арналган сабактардан журтубузда эгемендүүлүктөн мурда коммунистик партия деген күч өкүм сүргөнүн билесиң. Бул партия алгачкы мезгилде большевиктер партиясы деп аталган. Большевиктерди жактоочулар көпчүлүктү түзөөрүн көрсөтүү үчүн башталышында өздөрүн ушундай ат менен аташкан.

*«Большинство» дегени орус тилинде көпчүлүк деген маанини билдирет.*

Большевиктердин негизги идеяларынан бири өзүмдүк мүлктү түп-тамыры менен жок кылып, мамлекеттик мүлк бийлигин орнотуу жана адамдарды социалдык жактан тендештиребиз деп, бардык адамдарды мал-мүлкүнөн ажыратуу, кедей кылуудан турат. Бул идея жасалма эле. Себеби, өзүң билсең керек, дүйнөдө эч бир адам өз мал-мүлкүнөн ажырап жарды болуп жашоону каалабайт. Мал-дүйнөсүн жоготкон адам эркиндигин да, кадыр-баркын да жоготот. Большевиктер мурдагы СССР аймагында жеке бийлике жетиш-

кенден соң, бул чоң аймактагы бардык элдерди ушундай абалга салды жана муну өздөрүнчө тендик деп аташты.

**Бүгүн биз ишке ашырууга умтулуп жаткан жалпы элдин мыйзам алдындагы теңдиги чыныгы идея болуп саналат. Анткени, коомдо мыйзам жана адилеттүүлүктүн үстөм болушун, эч кимдин укугу кемсинтилбестигин бардыгы каалайт.**

**Адамзат үчүн кадырлуу болгон изги идеялар өнүгүүнүн натыйжасында байып, өркүндөп, жалпы адамзаттык баалуулуктар системасына сиңип кетет. Мисалы, биздин жергебизде пайда болгон зардуштийлик (зороастризм) окуусундагы изгилик, Ислам дининдеги жеткилеңдик, кең пейил жана берешендик, байыркы Грециядагы демократия, эркиндик идеялары, Батыш Кайра жаралуу доорундагы билим берүү идеялары ушулар катарына кирет.**

Табияттын өзү инсанды изденүүчү жана кызыгуучу кылып жараткан. Ал дайыма кандайдыр бир жаңылыкка, өзүнүн акылы жана жөндөмү менен изги иштер жасоого, өзүн таанууга умтулат. Мунун натыйжасында анын дилинде жаңыдан-жаңы сезимдер, аң-сезиминде болсо идеялар пайда боло берет.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Идеянын негизги өзгөчөлүктөрү жөнүндө айт.
2. Идеянын ар бир өзгөчөлүгүнө бирден мисал айтууга аракеттен.
3. Дүйнөдө бири-бирине дал окшош болгон эки адамды кездештирүү мүмкүнбү?
4. Бул сүрөттөрдөгү адамдардын жүзүндөгү айырмаларды түшүндүрүп бер.



*a* *b* *d* *e*

5. Кандай окуялар система пайда кылат?
6. Дарактын дүркүрөп өсүшү менен идеянын өнүгүшүнүн ортосунда кандай окшоштук бар?
7. Изги идеялар эмне үчүн өлбөйт?
8. Алдыңкы идеяларга мисал келтир.
9. Консервативдик идеяларга мисал келтир.
10. Чыныгы жана жасалма идеялардын айырмасын тап.

## КООМДУН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ЖАРАТМАН ИДЕЯЛАР

Ардактуу окуучу, өткөн маектерибизден жакшылык жана жамандык, жаңылык жана эскилик ортосундагы күрөш өтө байыркы тарыхка ээ болуп, эч качан бүтпөй тургандыгы маалым болду. Инсан мындай күрөштө жаратман идеяларга таянат.

Президентибиз Ислам Каримов мындай карама-каршылыктардын маңызын төмөнкүчө түшүндүрүп берген:

**«Эгерде адамзаттын тарыхын, анын аң-сезиминин өнүгүүсүн эволюциялык түрдө карап чыга турган болсок, жашоодо инсанды жеткилеңдикке, бийик чокуларга жетелей турган изги идея жана окуулар менен караөзгөй жана зыяндуу идеялардын ортосунда эзелтеден күрөш болуп келгенин жана бул күрөш бүгүн да уланып жатканын көрөбүз»[1].**

*«Жаратман» сөзүнүн маанисин жаратуучу дегени.*

**Инсандын дили жана аң-сезиминде жаратуучулук жөндөмүн ойготуп, өз эли, Мекени жана адамзатка пайдалуу иштер кылуусуна багыттай турган идея жаратман идея болуп саналат.**

Дүйнөдө ар бир эл жаратман идеялар менен жашайт. Анткени ар бир эл өзүнүн эмнелерге жөндөмдүү экенин, жаратуучулук кудуретин жаратуучулук аркылуу гана көрсөтө алат. Сен улуу жаангер бабабыз Амир Темур тарабынан Шахрисабздагы Аксарайдын жогорку бөлүгүнө көрүнөө кылып жазылган «Ким биздин кудуретибизге шек санаса, биз курган имараттарды көрсүн» деген мазмундагы үгүттөөчү сөздөрдү жакшы билесиң. Бул сөздөрдө элибиздин жаратуучулук жөндөмү, күч-кудурети канчалык чоң экендигине белги берилген.

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 112-бет.

Көңүл бургансыңбы, улуу бабабыз бул орунда, «биздин жоокерлерибизди, байлыктарыбызды, биздин дүйнөнүн тең жарымын ээлеп жаткан чоң мамлекетибизди көрсүн» деп айтпаган. Эмне үчүн? Эгерде, ушундай деп айтканда да ал элибиздин кудуретин белгилүү бир мааниде көрсөткөн болот эле. Анткени Амир Темур бийлик жүргүзгөн мезгилде дүйнөдө анын жоокерлерине тең келе турган армия, анын казынасына тең келе турган байлык, анын империясындай чоң мамлекет болбогон. Бирок жаангер бабабыз өз мамлекети жана элинин ушунчалык кудуреттүү белгилеринен бирөөн гана жана эң негизгисин баса көрсөткөн. Ал да болсо, элдин жаратуучулугу. Мунун негизинде чоң маани бар. Бул маани Амир Темур мамлекети жетишкен бардык ийгиликтер оболу элдин жаратуучулугуна негизделгендигинде турат. Ал эми бул сапатыбыз ошол мезгилде курулган кооз жана кайталангыс имараттарда айкын көрүнгөн.

Мындай улуу сапаттар биздин алыскы тарыхыбыздан бери калыптанып, тынымсыз байып барган жаратман идеялардан азыктанган. Мындан 2700 жыл илгери жаратылган баа жеткис руханий мурасыбыз болгон «Авесто» китебиндеги «Изги пикир, изги сөз, изги иш» деген эреже элибиздин байыркы замандардан баштап жаратуучулукту өзү үчүн негизги максат, негизги идеология деп билгенинен кабар берет. Бул эреженин негизинде инсандын ойлой турган пикиринде да, сүйлөй турган сөзүндө да, жасай турган ишинде да жалаң гана жакшылык болсун, ошондо анын бүткүл жашоосу жаратмандыктан түзүлөт, деген маани жатат.

Же дагы бир улуу бабабыз Бахауддин Накшбанддын «Dil ba yor-u dast ba kor», башкача айтканда «Дилиң Аллахта, колуң мээнетте болсун» деген чакырыгын эстеп көрөлү. Бул учкул сөз ар бир ишибизди анык максатты көздөп, аягын ойлоп жаса, убакытты бекер өткөрбө, деген үлгүлүү пикирди туюнтат.

**«Ата-бабаларыбыз улуу олуя Бахауддин Накшбандга чын дилден ыкылас кылып, аны «Бахауддини Балогардон» деп мүнөздөп келүүсүндө да терең маани бар. Анын «Дилиң Аллахта, колуң мээнетте болсун» деген терең маанилүү учкул сөзү динибиздин гуманисттик маани-маңызын даана туюнтуп, кудум бүгүнкү күндө айтылгандай сезилет»[1].**

---

[1] **Ислам каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 40-бет.



**Бухара. Бахауддин Накшбанд мавзелейи**

Эгерде тереңирээк ойлоп көрө турган болсок, Жер жүзүндөгү жандуу жана жансыз нерселердин бардыгы тынымсыз аракетте. Бул аракеттердин бардыгы анык максатка каратылган. Дүйнөдө максатсыз жаратылган, ашыкча болгон нерсенин өзү жок. Заманбап илим жадагалса эң майда жандыктар да дүйнөдө кандайдыр бир экологиялык тең салмактуулукту сактап тураарын көрсөтөт. Эгерде алар жоготулса, ааламдагы жалпы тең салмактуулук бузулат. Улуу бабабыз мына ушул чындыкты көздө тутуп, инсандарга карата, сен да Аллахтан үлгү ал, эрте-кеч эмгектен, аракеттен токтобо, деп жатат.

**Тынымсыз изги аракет жаратуучулук дегени. Чын дилден аракет кылбай турган, ойлонбой турган, өз алдынча пикирлей албай турган, ким эмне буюрса унчукпай аткарып кете бере турган адамдын ишин болсо жаратуучулук деп болбойт. Чын дилден аткарылган эмгектен гана чыныгы укмуштар пайда болот.**

**Жаратман эмгектин натыйжасы болгон укмуштарды дүйнөдө көп кезиктирүүгө болот. Египет пирамидалары, Рим, Париж жана Венеция шаарлары, байыркы Чыгыштын имараттары мына ушундай укмуштардан болуп саналатг. Журтубуздагы Самарканд, Бухара жана Хива сыяктуу көөнө шаарлар, Регистан, Шахизинда, Минараи Калан, Бухара Аркасы, Ичанкала сыяктуу баалуу архитектуралык эстеликтер, «Шашмакам»дай кайталангыс искусство берметтери да адамзаттын акылы менен жаратылган ушундай укмуштардын катарында турат.**

Улуу бабаларыбыздан мурас калган мындай байлыктарыбыз бар экендигинен сыймыктанып жашайбыз, өзүбүз да келечекте мына ушундай жаратуучулук иштерин жасоого аракет кылабыз.

*Ардактуу окуучу, бул үчүн сен кандай окууң, эмнелерге көбүрөөк көңүл буруууң керек?*

Элибизге мүнөздүү жаратмандык салттары эгемендүүлүк жылдарында кайра калыбына келтирилип, татыктуу түрдө улантылып жатат. Мында Президентибиздин эгемендүүлүктүн биринчи жылдарынан баштап «Жаңы үй курбай туруп эскисин бузба» деген идея менен эми калыптанып жаткан жаңы коомубуз үчүн жаратмандыкты негизги максатка айландырганы чоң мааниге ээ болду. Анткени биз эгемендүүлүккө жетишкен 1991-жыл, андан кийинки алгачкы жылдар ар жактан өтө татаал бир доор болчу. Ошондо кээ бир мамлекеттер эгемендүүлүккө жетишкенинен кандайдыр бир магдырагансып, эми жаңы коом курабыз деп, жаратуудан көрө бузууга көбүрөөк берилип кеткен эле. Бирок жаңы коомду бир күндө, жадагалса бир-эки жылда да куруп болбойт. Бул – узакка созула турган, көп изденүү жана тажрыйбаларды, тынымсыз машакаттуу эмгекти талап кыла турган өтө оор жараян. Бул чындыкты терең аңдаган мамлекетибиз жетекчиси эски коомдун имаратын сактап турган абалда, жаңысын баскычтуу түрдө куруп баруу жолун тандады.

Бул жолдун мааниси төмөнкүдөн турду: ал оболу мекендештерибиздин дилиндеги жаратуучулук сезимин ойготту, аларды улуу бабаларыбыздын салттарын татыктуу түрдө улантууга чакырды. Ошондуктан да эгемендүүлүк жылдарында шаар жана айылдарыбыз ар тараптан абат болду, жаңы-жаңы мектептер, лицей жана колледждер, жогорку окуу жайлары, музейлер, театрлар, заманбап ишканалар, көркөм турак жайлар, кооз сейил бактар, тегиз жолдор, базарлар, көпүрөлөр журтубуздун чырайына чырай кошууда. «Жаратман» деген ат тилибиздеги эң көп колдонулуучу сөздөрдөн бирине айланып, журтубузда ушул сөз менен атала турган кооз жерлер, мекеме жана жамаалар пайда болду.

**Адамзат изгиликке карап умтулган сайын анын аң-сезиминде жаратман идеялар туула берет.**

Элибиз: «Кыймылдаган кыр ашат», – дейт. Көңүл бурган болсоң, ата-энелер өз балдарын дени соо жана жеткилең кылып чоңойткон сайын алардын жүрөгүндө жаңы-жаңы тилектер туула берет: балдарымды окутсам, эл-журтка той берсем, аларды үйлүү-жайлуу

кылсам, неберелеримдин таалайын көрсөм, деген ниеттер менен жашайт. Эгерде алардын көңүлүндө изги максаттар болбосо, эртеңки күнүнө ишеним менен карабаса, ушунча үмүт-тилектер каерден пайда болот эле?

**Жаратман идеялар адамдардын жана элдердин дилиндеги изги максаттардан пайда болот.**

**Бүгүнкү күндө адамзаттын алдындагы жалпы кооп-коркунучтарга каршы улуттарды жана элдерди бириктирүүдө жаратман идеялар чоң мааниге ээ болууда. Заман талаптары боюнча өткөрүлүп жаткан түрдүү иш-чараларда мындай идеялар негизги орунга ээ болууда. Мисалы, эл аралык спорт мелдештери, илимий-маданий конференциялар, искусство майрамдары, кинофестивалдарда дүйнөдөгү өнүгүүнү жактоочу күчтөрдү бириктирүү, достук, ынактык, тынчтык сыяктуу изги идеяларга өзгөчө маани берилип жатат.**

Сен инсанга берилген көптөгөн мүнөздөмөлөрдү уккан болсоң керек. Инсанды – Жаратқандын улуу укмушу, улуу жана кайталангыс зат, табияттын гүл таажысы, акыл-эс, аң-сезим ээси дейбиз. Бул мүнөздөмөлөрдүн бардыгы туура. Бирок инсанды мына ушул мүнөздөмөлөргө татыктуу кылган анын жаратмандыгы болуп эсептелет. Эгерде инсан акылы менен ой жүгүртүп чыгармачылык кылбаганда, күч сарптап, теңсиз укмуштарды жаратпаганда, аны мүнөздөөгө ушунча кооз сөздөр да айтылбаган болот эле.

Жыйынтыктап айтканда, инсандын изги умтулуулары, улуу максаттары, дилинде адилеттүүлүк менен чындыкка болгон ишеним сезими бар болсо, жаратман идеялар да эч качан жоголбойт.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Жаратман сөзүнүн мааниси эмне?
2. Жаратман идея деп кандай идеяга айтылат?
3. Инсан акыл-эси менен курулган, жаратман эмгектин жемиши болгон кандай укмуштарды билесиң?
4. Амир Темур бабабыз элибиздин жаратмандыгынан сыймыктанып эмне деген?

5. Элибиздин тарыхындагы кандай жаратман идеяларды билесиң?
6. Сүрөт сызуу, нерсе жасоо, гүл же көчөт отургузууну жана өстүрүүнү билесиңби?
7. Өзүң тааный турган инсандардан чыныгы жаратман деп атоо мүмкүн болгондору жөнүндө айтып бер.
8. Журтубуздагы «Жаратман» (Bunyodkor) деген ат менен атала турган жайлар, мекеме же жамаалар жөнүндөгү пикирлериңди айтып бер.
9. Ушул архитектуралык эстеликтерден кайсы биринин мандайына көрүнөө кылып Амир Темур бабабыздын белгилүү учкул сөзү жазылганын айт.


*a*


*b*


*d*


*e*

## БИЛИМ ЖАНА РУХАНИЯТ

### *(Практикалык көнүгүү)*

Ардактуу окуучу, сен руханият жөнүндө, пикир жана идея тууралуу баштапкы билимге, элеске ээ болуп жатасың. Руханият да, идея да инсанды таанууда, түшүнүүдө өтө чоң мааниге ээ болоорун эсиңде тут. Ошондуктан биз руханиятты, анын курамдык бөлүгү болгон идеяны, бул эки баалуу кубулуштун өзгөчөлүгү жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн канчалык терең билип алсак, адамдарды да ошончолук жакшы түшүнө турган болобуз. Бул болсо жашоодо туура жол тандообуз, жакшыны жамандан, тууранын ийриден ажырата алууда чоң жардам берет.

Инсан канча көп адамды көрсө, алар менен байланышып, тажрыйбасы артса, анын билими, руханияты ошончолук күчтүү болот. Эгерде сен улуу бабабыз Захириддин Мухаммад Бабурдун «Бабурнаама» китебин кызыгып, барактап көргөн болсоң, анда китептин автору фарсча бир бейтти эске алат. «Harchi dar oina javon binad, Pir dar xishti puxta on binad» деген бул бейттин мааниси төмөнкүчө: жаш адам терезеге карап эмнени көрсө, кары адам кышка (кирпич) карап андан да жакшыраак көрөт.

Үйдө ата-энең, чоң энең же чоң атаң, мектепте мугалимдериңдин сөздөрү, иш-аракеттерине көңүл бурсаң, алардын канчалык көп нерсе билүүсү, көп нерсеге акылы жетишине ынанасың. Мисалы, сабак учурунда мугалимиң бир өзү класстагы 25—30 баланын кыймылын, эмне менен алектенип жатканын, дептерин, китебин каерге коюп, ручканы, калемди колу менен кандай кармап жатканына чейин көзөмөлдөп турат. Эч нерсе анын көңүлүнөн четте калбайт. Ошондой эле, устатың ушунча баланы көзөмөлдөөдөн сырткары бүткүл ой-пикирин жаңы сабакты силерге кызыктуу кылып өтүүгө каратуусу, маал-маалы менен дептерин, китебин ачып, класстык доскага керектүү эрежелерди жазып баруусу, түшүнбөй калган жерлериңерди кайрадан түшүндүрүп берүүсү керек. Устаттын билими, тажрый-

басы жетиштүү, руханияты жогорку даражада болгону үчүн болгону 45 минутада сага бир топ байлыкты, башкача айтканда, билимди тартуулайт. Ортодо убакыт таап, турмуштук маселелер, адептүүлүк боюнча да зарыл жол-жоболорду берет. Булардын бардыгы жылдар бою кылынган тынымсыз эмгек жана машакат, үзгүлтүксүз изденүүнүн натыйжасы болуп саналат. Жогоруда эске алынган макалга ылайыктап айта турган болсок, сен күзгүгө карап көрө турган, араң айырмалап ала турган нерселерди устатың кадимки кыш же кесекке карап да айтып берүүсү мүмкүн. Билим жана руханияттын теңдешсиз күчү мына ушунда.

**Билим, илим, руханият инсанга кошумча күч-мүмкүнчүлүк, мурдагы сабактарыбыздын биринде айтылгандай, кошумча көз — жан дүйнөнүн көзүн берет, аны курчутат. Инсан мына ушул көздүн жардамында башкалар көрбөгөн нерселерди көрүп, алар билбеген нерселерди билип алат. Айрыкча, жаныбызда жүргөн, ар күнү биз менен сүйлөшө турган ата-энебиз, ага-инилерибиз, жоро-жолдошторубуз, устаттарыбыздын көңүлүн, максат-тилектерин бат билип, алар каалаган иштерди аткаруу, алар эңсегендей жакшы инсан болууда мындай руханий сапаттар өтө баалуу болуп саналат.**

Биз жашоодо өз ордубузду табуу, ар бир маектешибизге анын ички дүйнөсүн, мүнөзүн эсепке алган түрдө мамиле кылуу, орунсуз сөз айтып, башкалардын дилин оорутуп койбоо, бир сөз менен айтканда, адептүү жана маданияттуу болуу үчүн инсанды да, руханиятты да таанып билген жашоого умтулушубуз керек.

Ата-энең, устаттарың сага ар күнү туура жана керектүү кеңештер, жол-жорук берет. Анткени алар сенин мүмкүнчүлүгүңдү, руханиятыңды, эмнеге муктаждыгыңды, эмнеге күчүң жетип, эмнеге жетпестигин жакшы билишет.

Өзүң да ар күнү үй-бүлөдө, мектепте, көчөдө канча адам менен учурашып, маектешесиң. Чындыгында, өзүң толук сезбесең да, алардын руханиятын түшүнүп, өздштүрүп барасың. Муну сен ата-энең, үй-бүлө мүчөлөрүң менен бүтүндөй башка темада, классташ досторуң менен таптакыр башка темада сүйлөшкөнүңдөн да билсе болот. Же уул балдарга кылган азил-тамашаңды эч качан кыздарга

колдобойсуң. Демек, сен алар руханий жактан бири-биринен айырмаланаарын, ар бир классташыңдын өз руханий дүйнөсү бар экендигин жакшы билесиң жана ушуга карап, алардын ар бирине өзүнчө мамиле жасайсың. Башкача айтканда, ар бир досуңдун, классташыңдын руханий дүйнөсүнө туура келген мамиле түрүн таба аласың. Бул — сенин чоң ийгилигиң.

Жыйынтыктап айтканда, билим жана руханият бири-бири менен тыгыз байланышта. Инсандын билими, тажрыйбасы ашкан сайын анын руханияты да жогорулап барат.

Ушул практикалык көнүгүүбүздүн талабынан келип чыккан түрдө, оболу сен менен бирге отура турган классташыңдын руханияты кандай экендигин мүнөздөөгө аракет кыл. Ал башкалардан эмнеси менен айырмаланат? Аз сүйлөйбү, көп сүйлөйбү? Көп окуйбу? Ал кандай фильмдерди көрөт, кандай китептерди окуйт? Спорт менен машыгабы? Ата-энесине кандай жардам берет? Сени менен бир өмүр дос болуп калуусун каалайсыңбы? Эмне үчүн?

Журтубуздагы, дүйнөдөгү кайсы белгилүү спортчу же чыгармачыл адамдар сага жагат? Алардын руханий дүйнөсү кандай деп ойлойсуң?

Дүйнөдө ар бир инсан дилиндеги түйшүгүн, үмүт-тилектерин тартынбастан айта ала турган өзүнө жакын сырдаш досу болуусун каалайт. Сенин ушундай досуң барбы? Өзүң башкалардын ички сырларын угууга, анын көңүлүн көтөрүүгө, ага пикирлеш болууга умтуласыңбы?

Практикалык көнүгүү учурунда мына ушул суроолор жөнүндө ойлонуп, устатың, классташтарың менен пикир алмашууга аракет кылып көр.

#### ПРАКТИКАЛЫК КӨНҮГҮҮЛӨР ҮЧҮН АДАБИЯТТАР:

1. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat — yengilmas kuch. Ташкент. «Ma’naviyat», 2008-жыл, 18—29-беттер.

2. Ислам Каримов. Vatan va xalq mangu qoladi. Ташкент. O‘zbekiston Milliy kutubxonasi басмасы, 2010-жыл.

3. O‘rta asrlar Sharq allomalari va mutafakkirlarining tarixiy merosi, uning zamonaviy sivilizatsiya rivojidagi roli va ahamiyati. Xalqaro konferensiya materiallari. Ташкент, «O‘zbekiston» басмасы, 2014-жыл, 4—36-беттер.

4. Захириддин Мухаммад Бабур. Бобурнома. Ташкент. «Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын башкы редакциясы, 2002-жыл, 159-бет.

## КАЙТАЛОО

Ардактуу окуучу, «Улуттук эгемендүүлүк идеясы жана руханият негиздери» китебинин биринчи бөлүмүн да окуп бүтүрдүк. Өтүлгөн темаларды кайталап, алган билимдериңди бышыктоо үчүн ар бир сабак боюнча берилген суроо жана тапшырмаларды эсте. Эң негизгиси, ар бир темада Президентибиз Ислам Каримовдун «Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch» китебинен алынган пикирлердин маани-маңызын дагы бир жолу түшүнүп ал.

Өтүлгөн сабактарды кайталоо жана эсте сактап калууда аларда баяндалаган негизги таяныч түшүнүк жана терминдер маанилүү рол ойнойт. Сен мына ушул таяныч түшүнүк жана терминдерди ар бир тема боюнча дептериңе жазып чык. Мисалы, «Инсан — изгилик жаратманы» деген тема боюнча төмөнкү тартипте жазуу мүмкүн.

Негизги таяныч түшүнүк жана терминдер: улуттук идея, элдин үмүт-тилектери, ыңгайлуу тарыхый шарт, эгемендүүлүк, чоң жетекчилик жөндөмүнө ээ болгон жетекчинин тарых майданына чыгышы, улуттук мамлекет жана баалуулуктардын кайра калыбына келтирилиши, улуттук идеябыздын негизги түшүнүк жана принциптери, «Улуттук эгемендүүлүк идеясы: негизги түшүнүк жана принциптер» китепчеси, «Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch» китеби.

Мына ушундай өзүң маанилүү деп эсептеген таяныч түшүнүк жана терминдерди жазып алганыңдан соң алардын негизинде устатың, классташтарың менен чогуу теманы кайталашың мүмкүн.

Буга кошумча түрдө ар бир тема боюнча суроолор жана тесттерди даярдап, дептериңе жазып бар.

II
бөлүм

# ИДЕЯГА КАРШЫ ИДЕЯ, ПИКИРГЕ КАРШЫ ПИКЕР

## ЗЫЯНДУУ ИДЕЯЛАР

Ардактуу окуучу, дүйнөдө бардык нерсенин карама-каршысы, башкача айтканда тескериси болгону сыяктуу, жаратман идеялардын жолунда тоскоол болууга аракет кыла турган идеялар да бар. Алар зыяндуу же кыйратуучу идеялар деп аталат.

*Жаратман идеялар инсандын дилинде изги үмүт-тилектерди ойготуп, аны жаратуучулукка, адал эмгекке чакырса, кыйратуучу идеялар бузгунчу, терс сезимдерди ойготот жана жамандыкка баштайт.*

Сен тарыхтан жакшы билгениндей, адамзат өз өнүгүүсү доорунда канча согуш жана жаңжалдар, кандуу кагылышууларды көргөн. Жадагалса бүгүнкү күндө да дүйнөдөгү түрдүү күчтөрдүн ортосунда карама-каршылыктар бар экенин көрүү мүмкүн. Булардын бардыгы жаратуучулук менен кыйратуучулуктун ортосундагы күрөш алиге чейин уланып жаткандыгынан кабар берет.

«Инсан жакшылык үчүн, бакыт үчүн төрөлгөн», дейбиз. Анда жамандык, кыйратуучулук каерден пайда болот? Президентибиздин төмөнкү пикирлери бул суроого жооп болот:

**«Бул дүйнөдө табиятта да, коомдо да боштук болбойт. Каердедир боштук пайда болсо, аны албетте кимдир толтурууга аракет кылаары талашсыз»[1].**

Инсандын сезим-туюмдары айланасындагы нерсе-кубулуштардын таасирине тез берилет. Мисалы, адамзат жакшы нерселерди көргөндө, алар менен байланышканда, анын дилинде изги жана оң сезимдер ойгонот. Кооз көрүнүштү көргөндө, жакшы китеп окуганда, кызыктуу фильм көргөндө же адептүү бала менен сүйлөшкөндө, аларга кара-

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 12-бет.

та мээримибиз, сүйүүбүз артат. Тескерисинче, жаман нерсени көрсөк же андан таасирленсек, кыжырыбыз кайнап, жек көрүүбүз артат. Мисал үчүн, жалганчы, өзүмчүл адамдарды, жагымсыз көрүнүштү, балит жайларды көргөндө, маанайыбыз бузулат, терс сезимдерибиз күчөп кетет. Эрки бир аз бошураак болгон адамдар болсо мына ушул таасирлерге тез берилип, аларга ылайыкташып алганын билбей да калат.

**Жаратман идеялар инсандагы оң сезим жана умтулууларды тарбиялоо, аларды ишке салууга каратылган болсо, зыяндуу, кыйратуучу идеялар адамдагы терс сезимдерди козготууга аракет кылат. Мунун натыйжасында жашоодо ар түрдүү көңүлсүздүктөр пайда болот.**

*Кыйратуучу идея деп инсандын дилиндеги терс умтулууларды ойготуп, изги түшүнүктөрдү жасалмалап, алардан жаман максаттар жолунда пайдаланууга аракет кылуучу идеяга айтылат.*

Жаратман идеялардын негизги өзгөчөлүгү изгилик, инсанга мээрим-сүйүү, адамгерчилик, жаңылык, өнүгүүгө умтулуу болсо, зыяндуу идеялардын негизги белгиси караөзгөйлүк, инсанды жек көрүү, таш боорлук, инсандыкка жат сапаттар, жаңылык жана өнүгүүнү көрө албастыктан турат.

**«Өкүнүчтүүсү, бул күчтөрдүн чыныгы жүзүн, максат-тилектерин, мүмкүнчүлүктөрүн толук жана ачык-айкын элестетүү оңой эмес. Эмне үчүн дегенде, алар адатта түрдүү бет каптар, кызыктыруучу ураандар жана идеялардын пардасы астында иш жүргүзүшөт. Мындай күчтөрдүн ыктыярында өтө чоң материалдык, финансылык ресурстар жана мүмкүнчүлүктөр бар болуп, алардын терең ойлонгон, үзгүлтүксүз жана узакка созулган терс максаттарына кызмат кылууда»[1].**

Зыяндуу идеялардын кооптуу жагы алардын көпчүлүктө кызыгуу ойгото турган, алардын кызыкчылыгына тиешелүү болгон бийик максаттар менен жүзүн жашырып алат. Мисалы, журтубузда 70 жылдан ашуун бийлик жүргүзгөн, элибиздин башына көп азаптүйшүктөрдү келтирген большевизм социалдык теңдикке жетишүү,

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 12-бет.



**Каршы. Байыркы көпүрөө**

карапайым эмгекчилердин кызыкчылыгын камсыздоо сыяктуу максаттарды туу тутуп алган эле. Бирок 1917-жылда бийликке жетишкенден соң бул идеология карапайым адамдарды катуу кыйноо жана азаптарга туш кылды. «Өзүмдүк мүлктү жоёбуз!» деген ураандар менен канча адамдар мал-дүйнөсүнөн ажыратылды, «кулак» катары Сибирь токойлоруна сүргүн кылынды, түрмөлөргө ташталды. «Коллективдештирүү» шылтоосу менен жер жана суу, бардык материалдык байлыктар элден тартып алынды. «Маданий революция», «Пролетардык маданият» деген ураандар менен улуттук-маданий мурасыбыз жокко чыгарылды, тарыхый эстеликтер аёосуз жексен кылынды, улуу окумуштууларыбыздын ыйык аттары, жазган чыгармаларына тыюу салынды, интеллигенттерибиз куугунтукка алынды. Советтик бийлик доорунда көкөлөтө макталган ураандар менен кылынган мындай жосунсуз жоруктарды санап аягына чыгуу кыйын. Ошол замандагы кайсы бир коммунисттик иш-чараны алып карабайлы, бардыгынын бузгунчулуктан турганын көрөбүз. Булардын бардыгына себеп большевизм идеяларынын кыйратуучу идеялардан болгону эсептелет.

*Большевизм дегенде, коммунисттик идеологиянын негизинде калыптанган, XX кылымда мурдагы СССРдин аймагында иш алып барган зордукчул багыттагы саясий күчтүн зыяндуу, кыйратуучу теориясын, идеологиясын жана иш-аракетин түшүнөбүз.*

Кыйратуучулук идеологиясын ишке ашырууда фашизм жана бүлдүргүч атеизм таш боорлорчо жол тутат. Сен фашизм жана бүлдүргүч атеизм балээсинен адамзат XX кылымда кандай жапа тартканы жөнүндө тарых сабагынан билип аласың.

*Атеизм (грекче «а» – жокко чыгаруу «teos» – кудай, башкача айтканда кудайсыздык) жалаң гана материалдык нерселерди таанууга, дин жана диний баалуулуктарды жокко чыгарууга негизделген. Ал чыгышта жокко чыгаруу – кудайсыздык (dahriylik) деп колдонулат.*

Атеизмдин эки жагы бар. Ал бир жагынан динди сындаса, экинчи жагынан, аалам жана адамдын жаралуусу жана жашоо өзгөчөлүктөрүн материалдык негизде түшүндүрүүгө аракет кылат.

*Бүлдүргүч атеизм кудайсыздыктын бир түрү болуп, өз идеяларын зордукчулдуктун негизинде сиңдирүүгө аракет кыла турган идеология болуп саналат. Ошондуктан да аны кыйратуучу идеология дейбиз.*

Бүлдүргүч атеизм адамзаттын, атап айтсак, элибиздин диний өнүгүшү жолунда жетишкен ийгиликтерин таптакыр четке кагып, аларды жок кылууга умтулат. Элибиз башынан өткөргөн колониялык доордо «марксча-ленинче атеизм» деп аталган бүлдүргүч атеизм совет мамлекетинин расмий идеологиясына айланды.

*Расмий идеология дегенде, мамлекет жана коомду башкаруу куралы болгон, адамдардын аң-сезимине мажбурлап сиңдирилген идеология түшүнүлөт.*

Большевизмдин расмий идеологиясы СССР аймагында каалаган жоругун жасай берчү. Ага эч ким каршы чыга албайт эле.

Мисалы, бүгүнкү күндө чоң эстелик комплекси катары кайрадан тургузулган Имам Бухарийдин мавзолейи совет доорунда минералдык жер семирткичтер сактала турган кампанын ичинде калып кеткен эле. Же дагы бир улуу бабабыз Имам Маатуридий жана дагы көптөгөн азиз-олуяларыбыздын сөөгү жаткан Самарканд шаарындагы Чокардиза көрүстөнү бузулуп, анын ордуна үй-жайлар курулган. Адамдар мечиттерге бара албаган, жадагалса ата-эне жана жакындарынын жаназасын жана башка маарекелерин да эркин өткөрө албаган. Ажы сапарына баруу, Каабаны зыярат кылууга таптакыр тыюу салып коюлган болчу.

Бүлдүргүч атеизм совет доорунун соңку жылдарында ушунчалык күч алып кеткендиктен, динге эч кандай тиешеси болбогон, табият өзгөрүүлөрүн өзүндө чагылдыра турган, миң жылдардан бери белгиленип келген Нооруздай байыркы майрамыбызга да тыюу салып койду.

Эгемендүүлүккө жетишкенибизден кийин мындай адилетсиздиктерге бүтүндөй чек коюлду, диний баалуулуктарыбыз кайрадан калыбына келтирилди.

Атеизм, башкача айтканда кудайсыздыкты дүйнөлүк өнүгүү менен адаштырбоо керек.

*Дүйнөлүк өнүгүү – эркин жана эгемендүү мамлекеттердин өз элинин каалоо-тилегинин негизинде тандап алынган, адамзаттын көп кылымдык өнүгүүсүндө сыналган өнүгүү жолу, жашоо мүнөзү жана дүйнөкараштарынын түрү болуп саналат.*

*Атеизм – динди, диний баалуулуктар жана диний окууларды жокко чыгара турган дүйнөкараштын түрү болуп эсептелет.*

Президент Ислам Каримов бул эки түшүнүктүн ортосундагы айырманы чечмелеп, мындай деген эле:

**«Дүйнөлүк өнүгүү, айрым догмачылардын нааразылыктарынан айырмаланган түрдө, эч кандай атеизм эмес»[1].**

**Дүйнөлүк өнүгүүдөгү мамлекетчилик шартында башка баалуулуктар катары дин да, диний ынаным эркиндиги да мыйзам жолу менен кепилдикке алынат, анын руханиятты өнүктүрүүдөгү маанисине өзгөчө көңүл бурулат. Ал эми атеизм идеологиясы өкүм сүргөн жерде, тескерисинче, дин жана диний баалуулуктарга тыюу салынат.**

Ошентип, адамзат жашап турса, жаратман жана зыяндуу идеялардын ортосундагы күрөш да улана берет. Сен ар күнү телевизор аркылуу дүйнөнүн түрдүү бурчтарында жакшы жана изги иштер менен бирге түрдүү кыйратуулар, жардыруулар да болуп жатканын көргөн болсоң керек. Ушунун өзү да бул күрөш бүгүнкү күнгө дейре токтобогондугун, жаңы көрүнүштөрдө уланып жатканын көрсөтөт.

**«Идеология» (арабчасы «mafkura») пикирлөө деген маанини билдирет.**

Өткөн сабагыбызда идеянын система пайда кылуу өзгөчөлүгү жөнүндө маектешкен элек. Эгерде бир канча идеялык система өз ара биригип, идеялар, пикирлер, түшүнүк жана элестөөлөр, салт жана баалуулуктар комплексине айланса, идеологияны калыптандырат.

Мисалы, «базар идеологиясы» деген терминди уккан болсоң керек. Бул идеология мүлк формаларынын ар түрдүүлүгү, акча жана

---

[1] **Ислам Каримов**. Ozod va obod Vatan, erkin va farovon hayot – pirovard maqsadimiz. –Т.: «O‘zbekiston» басма үйү, 2000-жыл, 504-бет.

товарлардын эркин айлануусу, эркин атаандаштык сыяктуу идеяларды, адалдык, нысап, береке, нарк, кымбатчылык, арзанчылык сыяктуу түшүнүк жана баалуулуктарды камтып алат. Же сен үйрөнүүгө киришип жаткан улуттук эгемендүүлүк идеясын ала турган болсок, ал да негизги идеялар, туруктуу түшүнүк жана принциптерди өз ичине алат. Бүгүнкү күндө мына ушул системанын негизинде элибиздин жаңы идеологиясы калыптанып барууда.



**Самарканд. Имам Матуридий мовзелейи**

**Бир сөз менен айта турган болсок, идеология адамдын, эл же коомдун өз алдына койгон максатын ишке ашыруу жолунда пайдалана турган идеялар, түшүнүк, принцип, баалуулук жана салттарынын системасы болуп саналат.**

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Жаратман идея деп кандай идеяга айтылат?
2. Жаратман идеялардын кыйратуучу идеялардан айырмасы эмнеде?
3. Зыяндуу идеялар жөнүндө тарыхтан дагы кандай мисалдар келтирүү мүмкүн?
4. Бүлдүргүч атеизм эмне үчүн зыяндуу?
5. Жаратман идеялардын бүгүнкү жашообуздагы натыйжалары жөнүндө эмнелерди билесиң?
6. Идеологиянын кандай пайда болуусун түшүндүрүп бер.
7. Бул сүрөттөрдө кайсы улуу бабаларыбыздын эстеликтери сүрөттөлгөнүн жана алар качан жаңыдан курулганы жөнүндө айтып бер.



*a*



*b*



*d*



*e*

## СЕРГЕКТИК ЖАНА САКТЫК

Биз чыныгы маданияттын үлгүсү болгон кинофильм, театр же көркөм сүрөт өнөрүнүн үлгүлөрүн көргөндө, алардагы оң каармандарды жакшы көрүп калабыз, алардан үлгү алууга, алар сыяктуу эл-журт кызыкчылыгы жолунда берилгендик менен кызмат кылууга, адамдарга жакшылык кылууга умтулабыз. Анткени чыныгы маданият үлгүлөрү инсанды изгиликке, улуу идеялар жолунда күрөшүүгө, Ата Мекендин кадыр-баркын асырап-абайлоо, аны бийик чокуларга көтөрүп жашоого үгүттөйт. Бирок, тилекке каршы, бүгүнкү күндө журтубузга четтен кирип келе жаткан жасалма маданият үлгүлөрү да көп. Алардан эң кеңири таралганы «массалык маданият» деп аталат.

Бир караганда өтө кызыктуу, зыянсыз жана жөнөкөй болуп туюла турган жасалма «массалык маданият»тын үлгүлөрү болсо акырындык менен дилибизге, аң-сезимибизге таасир этип, сезим-туюмдарыбызды өзүнө тартып алат. Дилибиз, сезимдерибиз, ой



жүгүртүүбүз мына ушул жасалма маалыматтарга ылайыкташып, өздүгүнөн ыраакташат, рухубуз жапайылашып, өз алдынча пикирлөө, жашоого сергек көз менен кароо жакпай кала баштайт. Натыйжада жалган жана жасалма жашоону гана чыныгы жашоо катары кабыл кыла турган, өзүбүздү курчап турган, эрезеге жеткирген аруу чөйрөдөн – элибиздин кылымдардын сыноосунан өткөн үрп-адат жана салттарынан, кооз баалуулуктарынан алыстап жатканыбызды билбей калабыз. Кудум бутубуз жерден

үзүлгөндөй болот. Дилибиз, аң-сезимибиз өзүбүздүкү эмес, башка бир күчкө тиешелүүдөй болуп калат. Мына ушул күчкө гана баш ийип, анын таасиринде аракет кыла турган болуп калабыз. Бул чындыгында маңкурттуктун заманбап көрүнүшү, руханий көз карандылыктын белгиси болуп саналат.

*Бүгүнкү күндөгү маалымат жана «массалык маданият» түрүндөгү кооптор биздин денебизге зыян келтирбейт, кайсы бир жерибизди канатпайт да. Бирок алар ата-энебизден өткөн, бизди табиятка, сулуулукка жакындаштырып туруучу сезим-туюмдарыбызды өлтүрөт, дилибиз жана аң-сезимибизди таптакыр ээлеп, өзүнүкү кылып алат, бабаларыбыздан мурас болуп келе жаткан руханиятыбызга кол салат. Ошондуктан мындай зыяндуу таасирлерди руханий кооптор деп атайбыз.*

**«Руханий кооп дегенде, оболу тили, дини, ынанымынан көз карандысыз түрдө, ар кандай адамдын чыныгы маанидеги эркин инсан болуп жашоосуна каршы багытталган, анын дал ошол рухий жан дүйнөсүн изден чыгаруу максатын көздөгөн идеологиялык, идеялык жана маалыматтык чабуулдарды көздө тутуу зарыл, деп ойлоймун»[1].**

Адам качан чыныгы мааниде эгемендүү болот? Качан гана дили жана аң-сезими, бүткүл тулку-бою анын өзүнө таандык болсо, ал өз каалоо-тилегине гана таянып аракет кыла алса.

**Руханий кооптор бизди мына ушундай улуу мүмкүнчүлүктөн, башкача айтканда бул дүйнөдө ыктыяры өзүндө болгон, эркин жана азат инсан болуп жашоо бактынан ажыратуучу, башкача айтканда, инсанды жаштайынан баштап руханий кул кылмакчы болот.**

Биз эч качан буга жол койбостугубуз зарыл. Анткени биз руханий да, физиологиялык жактан да дайыма көз карандысыз жана эркин болуп келген, ошондуктан тарыхта бүткүл адамзатты таң калтыра турган теңсиз укмуштарды жараткан улуу элдин перзентибиз. Бул эл өз перзенттеринин дени соо жана жеткилең гана

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 13—14-беттер.

болуусун каалайт. Дүйнөлүк аренада эч кимден кем болбостон, бабалары баштаган улуу иштерди татыктуу улантууну каалайт.

Ошондуктан да Президентибиз Ислам Каримов азыркы татаал дүйнөдө барган сайын күч алып бара жаткан аёосуз таймашта өзүбүздү жеңдирип койбоого, тескерисинче, кандай улуу иштерге жөндөмдүү экендигибизди иш жүзүндө көрсөтүп, физиологиялык жактан да, руханий жактан да чыныгып, өркүндөп барууга үгүттөйт.

**«Бүгүнкү күндө заманбап маалымат майданындагы аракеттер ушунчалык теңдешсиз, ушунчалык тез болгондуктан, эми мурдагыдай, «ии, бул окуя бизден өтө алыста болуп өтүптүр, анын бизге тиешеси жок», — деп кайдыгер кароого болбойт. Мына ушундай маанайга берилген эл же улут өнүгүүдөн жүз жылдар артта калып кетүүсү толук мүмкүн»[1].**

Демек, бүгүнкү күндө бир азга гана кайдыгерлик жана кенебестикке берилүү да адамзатка өтө кымбатка түшөт. Буга жол койбоо үчүн адам оболу айланасына сергек назар салып, ар күнү, ар саат, ар минутада сергек жана сак болуп жашоосу зарыл.

**«Каерде кайдыгерлик менен кенебестик өкүм сүрсө, эң актуалдуу маселелер өзү болорчулукка таштап коюлса, ошол жерде руханият эң алсыз жана күчсүз чекитке айланат. Жана тескерисинче — каерде сергектик менен күйүмдүүлүк, жогорку акыл-эс жана аң-сезим өкүм сүрсө, ошол жерде руханият кудуреттүү күчкө айлана тургандыгы бардыгыбызга маалым болушу керек»[2].**

Азыркы күндө көптөгөн өнүккөн мамлекеттер оболу жаш муундун заманбап байланыш каражаттары аркылуу тынымсыз адамдардын аң-сезимине зордоп сунушталып жаткан ахлаксыз, маанисиз, жасалма жана тайыз маалыматтар, уятсыз көрүнүштөргө, түрдүү жеңил-желпи электрондук оюн жана көнүгүүлөргө байланып, реалдуу турмушту унутуп коё баштаганына абдан кайгырышууда. Күнү бою жалаң гана ушундай көнүгүүлөр менен алек болуп өсүп жаткан балдардын дили жана аң-сезими эртең кимдин колунда болот,

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 112-бет.

[2] Ошол булак, 116-бет.

алар реалдуу турмуштан үзүлүп, убакыттын өтүүсү менен адамзат тарабынан айтыла турган бир ооз ширин сөзгө зар болуп калбайбы, деген суроо аларды ойлондурууда. Мындай социалдык чөйрөдө мээр-акыбеттин жетишсиздиги, өз ара ишеничтин жоктугу чоң социалдык көйгөйгө айланууда. Адамдар өздөрүнүн мээр-акыбетке болгон дилиндеги керектөөлөрүн кандыруу үчүн жадагалса айбандарды асырап, алар менен бирге жашоого аракет кылып жатканы мындай мамлекеттерде реалдуу окуяга айланып барууда

Биздин элибиз эзелтеден мээр-акыбетти, адамдыкты эң улуу сапат даражасына көтөрүп келген жана бул улуттук жашоо мүнөзүбүздүн ажырагыс бөлүгүнө айланып кеткен. Биз көчөдө көргөн адамдарга албетте колубузду көкүрөгүбүзгө коюп салам беребиз. Жардамга муктаж, майып же башына кокусунан оор иш түшкөн адамдарга чын дилден жардам көрсөтүү үчүн шашабыз. Маалебизде той же маараке, ашар жана башка иш чаралар болсо, эл катары убагында жетип келип, «Кана, бизге эмне кызмат?» деп ушул жамааттын мүчөсү катарындагы бурчубузду аткарууга аракет кылабыз.

Эгерде башка шаар же айылдан келген адам түнөгөнү жай таба албай кыйналып жүргөн болсо, эч ойлоп отурбастан, үйүбүзгө чакырып, ардактуу конок катары урматын жайына коёбуз, андан эч нерсени аябайбыз.

Булардын бардыгы биздин руханият жаатында канчалык чоң мураска ээ экенибизди жана дал ушул багытта башкалардан үстөмдүүлүгүбүздү көрсөтөт.

**«Мисалы, изги адатыбызга айланып кеткен мээр-акыбет түшүнүгүн ала турган болсок, анын өтө терең тарыхый, улуттук, диний тамырлары бар экенин көрүү мүмкүн. Бул, оболу инсандын инсан менен, кошунанын кошуна менен, туугандын тууган, үй-бүлөнүн үй-бүлө менен, эң негизгиси, жеке инсандын коом менен шайкеш түрдө жашоосун, жетим-жесир, бечара жана инвалиддерге, мусаапырларга көмөк көрсөтүүнү, чын дилден, ак ниеттик менен жардам берүүнү билдирет жана мындай өзгөчөлүк элибиздин руханий дүйнөсүнө сиңип кеткенин эч ким тана албайт»[1].**

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 8–9-беттер.



Чындыгында да, дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттерде, чоң-чоң шаарларда жашап жаткан адамдар жадагалса кошунасы ким экендигин да билбейт. Билүүгө кызыкпайт да. Себеби аларга мээр-акыбет сезими жат. Биз болсо үй сатып ала турган болсок, оболу болочок кошунабыз ким экендигин сурапсүрүштүрөбүз, ошого карап иш тутабыз. Элибиздин «Короо алба, коңшу ал» деген макалынын негизинде өтө терең маани бар. Башкача айтканда, адамга тилсиз-жансыз төрт дубалдан турган үй эмес, оболу оюн түшүнүп, урматын жайына коюп, бир өмүрлүк көңүлдөш, пикирлеш боло турган, мээрим көрсөтүүгө жарай турган инсан керек.

«Кошунаң тынч – сен тынч» деген мазмундуу сөздөр жогоруда айтылган пикирлерди толтурат. Башкача айтканда, элибиз башкалардын кайгы-түйшүгүнө ушунчалык таасирчен жана берилген болгондуктан, дубалдын наркы жагында коңшусу дарттан же башка бир турмуштук көйгөйдөн кыйналып жаткан болсо, ээн-эркин жүрө албайт.

Дүйнөдөгү кээ бир мамлекеттерде жалаң гана өзүн ойлоп жашоого, өзүмчүлдүккө берилген адамдар «Бирөөнүн түйшүгү менен менин эмне ишим бар, ар ким өзү үчүн өзү жооп берет», деген маанай менен жашоосу мүмкүн. Бирок биздин элибиз коңшусу тынчсызданып турган маалда тынч жашай албайт.

Сен күндөлүк жашообузда бул пикирлердин далили боло турган көптөгөн мисалдарды көргөн болсоң керек. Айрыкча, уулу же кызына той кылам деп турган инсандар коңшусунда аза болуп калган учурда, каза болгондун урматын кылып, тойду токтотуп турганы жөнүндө уккансың. Же келиндер дарбаза алдын шыпырып жатканда, чаңы коңшусунун короосуна өтпөсүн, деп көчө жакка карап шыпыруусу жана башка мисалдар элибиздин коңшу-колоңдукту канчалык жогору баалашын билдирет.

Мындай адат жана салттар өз жашоосун коомдун жашоосу менен бир бүтүн абалда көрүү, эл-журтка туруктуулук жана берилгендиктин үлгүсү боло алат.

Биздин мына ушундай улуу руханий байлыгыбыз бар болгондуктан, сыртынан кызыктыруучу болуп көрүнө турган, бирок сырты бүтүн, ичи бош, маңызы жок идеяларга алданып калбастыгыбыз керек. Ал үчүн өзүбүз гана эмес, аң-сезимибиз да дайыма ойгоо жана сергек болуусу зарыл.

Инсан сергектик жана сактык сезимин ашыруу үчүн дайыма айланасы жана дүйнөдөгү окуялардан кабардар болуп барышы керек. Мекенинин тарыхын, элинин улуттук баалуулуктарын, бай маданий мурасын жакшы билиши керек. Мекенге болгон сүйүү, Мекендин кызыкчылыгы ар иште, ар кадамда башкы норма болушу керек.

### *Суроо жана тапшырмалар:*

1. «Массалык маданият» деп атала турган жасалма нерселердин чыныгы маданиятка тиешеси барбы?
2. Чыныгы маданияттын үлгүсү болгон чыгармалар бизди эмнеге үндөйт?
3. «Массалык маданият»тын үлгүлөрү кандай кесепеттерге алып келүүсү мүмкүн?
4. Руханий кооп дегенде, эмнени түшүнөбүз?
5. Бир азга гана кайдыгерлик жана кенебестикке берилүү эмнеге себеп болуусу мүмкүн?
6. Бул сүрөттөрдөгү жагдайлар жаштардын жеткилең болуп чоңоюусунда кандай мааниге ээ.


*a*


*b*


*d*


*e*

## УЛУТТУК ӨЗДҮК ЖАНА САЛТТАР

Ардактуу окуучу, бүгүнкү күндөгү түрдүү зыяндуу идеологиялык таасирлерге берилбестен, ар кандай шартта да улуттук түспөл, кайталангыс сапаттарыбызды сактап калышыбызда байыркы салт жана баалуулуктарыбызды асырап-абайлап, аларга амал кылып жашоо өтө чоң мааниге ээ болот.

Эң оболу, төмөнкүнү эсиңде туткун: Жер жүзүндөгү ар бир улут анын өзүнө гана мүнөздүү болгон салт жана баалуулуктары менен өзүнчө айырмаланып турат. Ар кайсы элдин баа жеткис байлыгы болгон мындай баалуулук жана салттар бир-эки күндө пайда болуп калбагандыгы табигый көрүнүш. Адамзаттын канча миң жылдык тарыхый тажрыйбасы көрсөткөндөй, кандайдыр бир нерсенин салтка, айрыкча, баалуулукка айлануусу көп мезгилди талап кылат. Жылдар, кылымдар бою түрдүү көз караш, адат, түшүнүк, тажрыйбалар замандардын, муундардын сыноосунан өтөт, өнүгүп барат. Эгерде алар кийинки муундар тарабынан да кабыл алынса, улантылып, үрп-адатка айланса, демек, эми аларды улуттук салт жана баалуулук деп атоо мүмкүн болот.

Улуттук баалуулуктар жөнүндө сен «Мекен сезими» предметин үйрөнүү учурунда көптөгөн маалыматтарга ээ болгонсуң. Улуттук баалуулуктар улуттун тарыхы, жашоо мүнөзү, руханияты жана маданияты менен тыгыз байланышкан абалда көрүнөт.

Элибиздин кылымдардан-кылымдарга өтүп келе жаткан улуттук баалуулуктары да узак тарыхый жараянда калыптанган. Атап айтсак, өзү туулуп өскөн Ата Журтуна урмат, өз тагдырын мына ушул журтсуз элестете албастык, өткөн бабалардын элесине туруктуулук, улууларга дайыма урмат, кичүүлөргө ызат көрсөтүү, ар кандай шартта да ийменүү жана уятты сактоо, турмушта адалдыкка өзгөчө көңүл буруу сыяктуу көптөгөн сапаттар биздин улуттук баалуулуктарыбыздын негизин түзөт.

Баалуулуктар конкреттүү бир шартта калыптанат. Башкача айтканда, бир улуттун баалуулуктарынын башкасыныкынан айырмалануусу ошол баалуулуктун калыптануу шарты менен түшүндүрүлөт.

Жогоруда биз өз элибизге мүнөздүү болгон айрым баалуулуктарды санап өттүк. Ошол баалуулуктардын бири – элибиздин өзүнүн туулуп өскөн үйү, маалеси, айылы же шаарына терең урмат менен кароосу, жашоосун ушул жергесиз элестете албастыгынын себептерин издеп көрөлү.



Тарых сабактарынан үйрөнгөндөрүндөн жакшы билгениндей, өзбек эли өтө байыркы мезгилдерден баштап эле көчмөнчүлүктөн отурукташып жашоого өткөн, ушундай жашоо түрүнө үйрөнгөн. Адамдар өзү орношуп калган жерди, анын тегерегиндеги суу булактарын баалоону, абайлоону адат кылышкан. Себеби мына ушул жер жана суунун жардамында алына турган пайда адамдардын ырыскысынын, тиричилигинин маанилүү булагы болуп эсептелген. Мындай отурукташып жашоо мүнөзү адамдардын жамаа болуп, бири-бирине желкелеш болуп жашоосуна, эмгектенүүсүнө, эмгегинин жемишин өз ара айырбаштоо аркылуу соода мамилелерине киришүүгө алып келген. Ушундай түрдө айыл чарбасы жана шаар маданияты өркүндөп барган. Журтубузда курулган Самарканд, Каршы, Бухара, Хива, Шахрисабз, Андижан, Маргылан, Термез жана Кокон сыяктуу ондогон шаарлардын жашы миң жылдар менен өлчөнүүсү да бекеринен эмес.

Айтмакчы болгонубуз, элибиз өзү туулуп өскөн жергесине катуу байланган, аны ардактоону балалыгынан үйрөнүп, туюп өсүп жаткан улут болуп саналат. Элибиздин бул жааттагы көз караштары, руханий түшүнүктөрү анын төмөнкүдөй көптөгөн макалдарында да айкын көрүнүп турат:

**Динден чыксаң да, элден чыкпа; «Ит – тойгон жеринде, эр киши – туулган жеринде» (мында «эр киши» – чыныгы инсан маанисинде); «Өзгө журтта султан болгончо, өз журтунда ултан бол» (мында «ултан» – кедей, жарды маанисинде); «Элге таянсаң, толосуң, Элден чыксаң, солосуң»; «Элге эл кошулса – дөөлөт, Элден эл кетсе – мээнет» (мында «мээнет» – түйшүк, жоготуу маанисинде); «Эл өлбөсө, жер өлбөйт» жана башкалар.**

Демек, элибиздин өз журтуна чексиз туруктуулугу, урматы менен байланышкан улуттук салт жана баалуулуктары анын бай тарыхы менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле, элибиздин улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат көрсөтүү, меймандостук, жардамга муктаждарга кечиримдүү болуу, ийменүү, уят жана мээр-акыбет, аялын – үй-бүлөсүн сактоо, күндөлүк турмушта адалдыкты жогору баалоо сыяктуу салт жана баалуулуктары да турмуштун узак сыноолорунан өткөн өлбөс руханий мурасыбыз болуп саналат.

Мекенибиз эгемендүүлүккө жетишкенге чейин, элибиз оор жана узакка созулган эзүүчүлүк шартында жашап келген. Көөнө Түркстан өлкөсү оболу орус Падышачылыгы өкмөтү тарабынан, кийин болсо совет бийлиги тарабынан эзилди. Ар эки баскынчы режим да биздин жерибизди гана эмес, табигый байлыктарыбызды, эмгек ресурстарыбызды талоо, өздөштүрүү менен, ошондой эле элибиздин рухий, руханий байлыктарына көз артуу, аны тепсенди кылуу менен да үзгүлтүксүз алектенген. Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарында эле бул оор күндөрдү эч качан унутпоо керектигин белгилеген Президентибиз, 1994-жыл 22-сентябрында болуп өткөн парламент жыйналышында төмөнкү ачуу чындыкка малынган пикирлерди билдирген эле:

**« – Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, ардактуу достор, эзүүчү режим, колониализм доорунда биз ким элек?**

**– Тагдырыбыз, эркибиз кимдердин колунда болчу?**

**– Кааба деп каерге сыйынат элек? Ар таңда «Ассалом!..» деген гимндин обондорунун астында кимдерге баш ийип, ойгонот элек?**

**– Тилибиз, динибиз кандай абалда эле? Имам Бухарий, Имам Термезий, Кожо Бахауддин Накшбандийлердин ыйык мүрзөлөрүнө көңүл бурулганбы? Амир Темур, Бабур Мырза жана башка улуу ата-бабаларыбыздын ыйык наамдары кайсы топурактарда аралашып жаткан эле?**

**– Улуттук сыймыгыбыз, инсандык баркыбыз, үрп-адаттарыбыз кандай түшүнүктөргө алмаштырылган эле?...»**[1]

Ардактуу окуучу, бул олуттуу суроолордун анык жоопторун билүү, эзүүчүлүк режими учурунда тепсенди кылынган улуттук салт жана баалуулуктарыбыз эгемендүүлүк жылдарында кандай түрдө кайра

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 5–6-беттер.

калыбына келгендигин таануу ар бирибиз үчүн карыз да, парыз да болуп саналат.



Чындыгында, дээрлик 130 жылга созулган эзүүчүлүк доорунда журтубуздун материалдык байлыктары гана эмес, ошондой эле элибиздин кылымдар бою жыйнап-чогулткан, чыгармачылык кылган, акыл күчү менен жараткан канчалаган маданий-руханий байлыктары талап-тоноолду. Мындай караөзгөйлүктөр, айрыкча, советтик бийлик учурунда чыдай алгыс даражага жетти. Бул режим дүйнөгө канчалаган улуу даанышмандарды тарбиялап чыгарган элибизди сабатсыз, маданиятсыз, окубаган жарды бир улут болгон, деп кемсинтүүгө өттү. Элибиздин өкүлдөрүн мамлекет башкаруусу, саясат жана маданий иштерден алыс кармоо, улутубузду өз тагдырын өзү белгилөө укугун менсинбестик кадимки көрүнүшкө айланды.

Кырдаал ушунчалык даражага баргандыктан, расмий кагаздарда кудум «союздаш республика» саналган Өзбекстандын гимни башка бир улутка «салам» берүү менен башталчу. Чындыгында, дүйнөнүн башка бир да көз каранды мамлекетинин гимнинде мындай кордукту, эзүүчүлөрдүн болсо мындай бой көтөрүнгөндүгүн табуу кыйын эле.

Дүйнөдөгү эң бай тилдерден бири эсептелген өзбек тили оозеки мамилеге гана – көчөнүн тили даражасына түшүрүлгөн эле. Бардык мамлекеттик башкаруу иштери, расмий документтер, мекемелер арасындагы жазышуулар башка тилде алып барылчу, жадагалса өзбек тилинде сабак өтө турган мектеп жана башка билим берүү мекемелеринде да документтердин өзбек тилинде жүргүзүлүшүнө жол коюлбайт эле.

Бардык союздук республикаларда болгону сыяктуу, Өзбекстанда да адамдардын диний көз караштары, ынаным-ишеними куугунтукка алынчу, динчил адамдар мамлекет иштерине да, окуу мекемелерине да кабыл алынбачу. Журтубузда көп кылымдар ичинде курулган, канчалаган окумуштуу жана даанышмандарды окутуп тарбиялаган белгилүү медреселер, ыйык зыярат жайлар – мечиттер, улуу инсандар

жашаган үйлөр (honaqo), азиз-олуялардын күмбөздөрү бузуп ташталган. Бул арты ойлонбогон саясаттан аман калган зыярат жайлары болсо, бир жерде нерв ооруулары ооруканасы, башка жерде базар же дүкөнгө, дагы бир жерде, жадагалса, малканага да айландырылып жиберилген эле. Адамдар Орозо жана Курман айттарын кең-кесири өтөй алышпаган, анда катышкандар ишканаларда өтүүчү чогулуштарда талкууга алынып, ыза кылынган. Атүгүл, жакын туугандарынан айрылган жетекчилик кызматтагы адамдар, эгерде жаназа аземинде катыша турган болсо, иштен айдалчу, коомчулукка жамандап көрсөтүү үчүн газета-журналдардагы макалалар аркылуу караланчу.

**«Адамзаттын көп миң жылдык тажрыйбасы, дүйнөдөгү зордукчул жана агрессивдүү күчтөр кайсы бир эл же мамлекетти өзүнө көз каранды кылып, баш ийдирмекчи, анын байлыктарын ээлемекчи болсо, оболу, аны куралсыздандырууга, башкача айтканда эң улуу байлыгы саналган улуттук баалуулуктары, тарыхы жана руханиятынан ажыратууга умтулат»[1].**



Чындыгында эле, советтик режими өкүм сүргөн мезгилде Имам Бухарий, Имам Термезий, Кожо Бахауддин Накшбанд сыяктуу жүздөгөн даанышман бабаларыбыз калтырган руханий мурас элден жашырылды, улуулардын наамдары кемсинтилди, ыйык жайлары болсо тепселенди. Тарых окуу китептеринде Амир Темур, Бабур Мырза сыяктуу ондогон таланттуу мамлекеттик ишмерлер, дүйнө саясатынын улуу өкүлдөрүнүн аруу аттарына «баскынчы», «канкор», «ырайымсыз феодал өкүмдар» деген жалаалар жабылды, жалган сөздөр менен тилге алынды, жаштарды аларга карата жек көрүү рухунда тарбиялоого күч берилди.

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 11-бет.

Миң жылдар сыноодон өткөн кооз үрп-адаттарыбызга, улуттук-маданий баалуулуктарыбызга амал кылууга жол берилчү эмес, аларды элдин эсинен чыгарып таштоо саясаты алып барылчу.

Мына ушундай татаал кырдаалда журтубуздун жетекчилигин өз мойнуна алган Ислам Каримов элибизди бул оор көйгөйлөрдөн бүткүл арылтууга киришти. Журтбашчыбыз эгемендүүлүктөн дээрлик бир жарым жыл мурда – 1990-жыл 24-февралда жасаган докладында, атап айтсак, мындай деген эле:

**«Улуттук салттар элдин эң назик, эң урмат талап кылуучу сапаттары болуп саналат.**

**Өкүнүчтүүсү, четтен келген кээ бир адамдар мына ушул нерсе менен эсептешпеген маалдар болгон. Жадагалса өзүбүздөн чыккан айрым жетекчилер Нооруз майрамына, улуттук кийимдерге каршы чыккан. Атүгүл тууганын көмүү аземине катышууга да эскилик деп каралган даражага жетти, мындай адамдарга, айрыкча, жетекчилерге карата кысым жасалды...**

**Ошондуктан бүгүн бул иштерди кескин каралап жатканыбызды, эл салттарына, анын мурасына, адамдардын диний ынанымдарына туруктуу урмат жана көңүл буруу менен караш керектигин дагы бир жолу баса белгилемекчимин»[1].**

Жарык күндөр келип, 1991-жылдын 31-августунда Өзбекстандын биринчи Президенти Ислам Каримов бүтүн дүйнөгө журтубуздун эгемендүүлүгүн бийик үн менен, коркпостон жарыялады.

Журтбашчыбыздын жетекчилигинде элибиздин тарыхый эстутумун кайра калыбына келтирүү, байыркы үрп-адат жана баалуулуктарды аздектөө, ыйык зыярат жайларын мурдагы абалына кайтаруу, адамдардын диний эркиндигин камсыздоо боюнча чыныгы тарыхый мааниге ээ иштер жасалды. Бул кең көлөмдүү жараян бир эле өзбек улутунун өтмүшүн, тилин, динин жана баалуулуктарын калыбына келтирүү, өнүктүрүү менен чектелип калбастан, мамлекетибизде жашоочу бардык улут жана элеттердин салт жана баалуулуктарына чоң урмат көрсөтүү менен тыгыз байланышта алып барылды. Бул болсо Өзбекстанды өзүнүн ыйык Мекени деп билген бардык жа-

---

[1] **Ислам Каримов.** O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. –Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2011-жыл, 143–144-беттер.

рандарыбыз арасындагы өз ара урмат, достук, кең пейилдик сапаттарынын ачыкка чыгуусунда, Журтбашчыбыздын «Ушул куттуу Мекен – баардыгыбыздыкы» деген изги идеясы турмушка үзгүлтүксүз колдонулушунда маанилүү роль ойноодо.


**Президентибиз баса белгилегендей, «Тарыхый эскерүүсүз – келечек жок». Тарыхый эскерүү болсо өзүндө улуттук салт жана баалуулуктарды, алардын руханий кудуретин да камтыйт. Бул баалуулуктардын кайра калыбына келиши, ардакталышы элибиздин руханий жогорулоосунда, анын бул дүйнөдө эч кимден кем болбогонун билүүдө, туюуда, эң негизгиси – мындан кийин да эч кимден кем болбостукка умтулуусунда күчтүү фактор болоору бышык.**

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Улуттук салт жана баалуулуктар кандай түрдө пайда болот?
2. Элибиздин улуттук салт жана баалуулуктары кандай сапаттарды өз ичине алат?
3. Элдик макалдар, уламыш жана рабаяттарда элибизге мүнөздүү болгон кандай баалуулуктар даңкталат?
4. Элди руханий мурастан, салт жана баалуулуктардан ажыратуу кандай кесепеттерге алып келүүсү мүмкүн деп ойлойсуң?
5. Эгемендүүлүк жылдарында өзүң жашаган аймакта улуттук салт жана баалуулуктарыбызды кайра калыбына келтирүү боюнча кандай иш-чаралар жасалды?
6. Элибиз тарабынан жаратылган руханий мураска, улуттук салт жана баалуулуктарыбызга совет доорунда кандай мамиле кылынганы жөнүндө чоң ата жана чоң энеден сурап бил.
7. Төмөнкү сүрөттөрдө кандай баалуулук жана салттарыбыз чагылдырылганы жөнүндө аңгеме түз.


*a*


*b*


*d*

## ТАРЫХЫЙ ЭСТЕЛИКТЕР

***(Практикалык сабак)***

Бүгүнкү практикалык сабактын планын түзүү, аны каерде жана качан өткөрүү, албетте, мугалиминдин ыктыярында. Бирок бул сабакка эч кандай даярдыксыз, «куру кол менен келүү» сага жарашпайт, туурабы? Андыктан, кел, алдыдагы сабакка өзүбүздү даярдайлы, мурдатан билүүбүз мүмкүн болгон нерселер жөнүндө сүйлөшүп алалы.

Өзүң билгениндей, журтубуздун ар бир областы, шаар-айылы, кыштагы жана маалесинде алыс же жакын өтмүш менен байланышкан тарыхый эстеликтер табылат, деп ойлойбуз. Бул эстелик байыркы медресе же мечит, дербишкана же мунара, сарай же сардаба, мончо же көпүрө, музей же китепкана болуусу мүмкүн. «Тарыхый эстелик» түшүнүгү өтө кең маанилүү болуп, ал өз ичине маалеңде сакталып калган байыркы тегирменди да, көп жылдык даракты да, көөнө мазарды да, баалуу кол жазмадагы китепти да камтып алат. Ушундай экен, мугалимиң мына ушул эстеликтерден кээ бирин мисал катары алуу менен сен жана теңкурларыңа элибиздин илимий-чыгармачыл бедели жөнүндө кең түшүнүк берүүсү мүмкүн.

Биз алдында турган ушул сабак учурунда сенин жөнөкөй саякатчы, көрүүчү, байкоочу болуп калбастыгынды каалайбыз. Албетте, мугалимиң же практикалык сабакка чакырылган адис адам сага ошол тарыхый эстелик жөнүндө көп нерселерди айтып берет. Оболу, сен бул аңгемелерди жан дилиң менен толук укканга, керектүү маалыматтарды дептериңе жазып алганга аракеттен. Устатың же адистен түшүнбөгөн нерселеринди сурап алууга, такташтырып алууга да зерикпе.

**Эгерде бул эстелик кандайдыр бир тарыхый имарат болсо, анын жайгашкан орду, өлчөмү, бөлмөлөрүнүн саны жана чоңкичинелиги, сырткы жана ички жасалгалары, маңдайындагы жазуулардын мааниси, бул жазуулардын эмне менен жазыл-**

**ганы, кайсы тилде экени, ушул имарат ким, качан, эмне себеп менен жана эмнеге арналып тургузулгандыгы сыяктуу көптөгөн маселелер көңүлүңдөн четте калбасын.**

Мисалы, көпчүлүк мындай белгилүү имараттардын айланасында бабаларыбыз адатта тыт дарагын эгишкен. Кызык, эмне үчүн дал мына ушул дарак эгилген?

Анын жөнү мындай, тыт дарагы өзүнүн терең кеткен тамырлары менен ушул имарат жайгашкан жердин астындагы жана анын айланасындагы ным сууларды тартып, бутак жана жалбырактары аркылуу абага буулантып жиберүүдөй өзгөчө касиетке ээ экенин бабаларыбыз өтө жакшы билишкен. Натыйжада, чоң имараттын пайдубалы жана дубалдары кургак, бекем сакталган, узак кылымдар бою зыян көрүү эмнелигин билбеген. Жадагалса, тыт өзүнүн балдай таттуу, пайдасы мол мөмөсү, денеге ырахат тартуулай турган көлөкөсү, узак жашоосу менен да башка дарактардан айырмаланып турат.

Кызыгып көрүшүң мүмкүн болгон дагы бир маселе – ушунча бийик кылып курулган имараттардын кылымдар бороонуна – жамгыр жана кар, шамал жана добулдар «чабуулу»на, жер титирөө жана канчалаган уруш-талаштар, салгылашуулардын соккусуна дагы эле чыдап келе жаткандыгынын сыры эмнеде экендиги. Бул имараттардын негизине, пайдубалына эмне, канча терендикте төшөлгөндүктөн, алар ушул жерде канча мезгилден бери мынчалык зыңк этпей турат? Бүгүнкүдөй бышык темир курулмалар, цемент жана бетон аралашмалар таптакыр иштетилбеген болсо да, алардын калың дубалдарын, күмбөздөрүн, устунсуз порталдарын эмне кармап турат? Сырткы жана ички жасалгаларына иштетилген боёкторду көргөн адамдын көзүн куунатып жиберишинин сыры эмнеде? Бул жана башка ондогон суроолорду сен бербесең, ким берет, бул кызыктуу суроолордун өзүнөн да кызыктуураак жоопторду сен билип албасаң ким билип алат?

Имараттын маңдайы же башка жайындагы жазуулар жөнүндө сөз козгодук. Эстеткенибиздей, бул жазуулардын эмне маани берүүсү, кандай тилде же стилде жазылганы, оюп жазылганбы же бөртмө түрүндөбү – булардын бардыгы да өзгөчө мааниге ээ. Айталы, мечит менен медреседе кезиге турган жазуулар, мавзолей же мунарага оюп жазылган сөздөр бири-биринен ар тараптуу айырмаланат. Эң

негизгиси – бул жазуулар ошол имарат, жай, зыярат кылуучу жер жөнүндө өтө маанилүү маалыматты өзүндө сактагандыгы менен баалуу болуп саналат...

Өзүң көбө болгонундай, «Тарыхый эстеликтер» темасында өткөрүлө турган практикалык сабак да кадимки саякат болуп калбастан, ар бирибизден олуттуу даярдыкты, көптөгөн суроолорду ойлоп көрүүнү талап кылат.

**ПРАКТИКАЛЫК САБАК ҮЧҮН АДАБИЯТТАР:**

1. Ислам Каримов. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. Ташкент. «Ma'naviyat», 2013-ж.
2. Ислам Каримов. Yoshlarimiz – xalqimiz ishonchi va tayanchi. «Ma'naviyat», 2006-ж.
3. Ислам Каримов. O'zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. Ташкент. «Өзбекстан» БПЧҮ, 2011-ж.
4. Barkamol avlod – kelajagimiz tayanchi. «Ma'naviyat», Ташкент. 2010-ж.
5. Орто кылымдар Чыгыш ойчул жана окумуштууларынын тарыхый мурасы, анын заманбап цивилизациянын өнүгүүсүндөгү ролу жана мааниси. Эл аралык конференциянын материалдары. Ташкент, «O'zbekiston» басмасы, 2014-жыл, 4–36-беттер.

## ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

Т а п ш ы р м а: **«Руханияттын коомдун өнүгүүсүндөгү ролу»** темасында реферат даярда.

Анда төмөнкү маселелерди чагылдырууга аракет кыл:

– Журтбашчыбыз Ислам Каримов тарабынан «руханият» түшүнүгүнө берилген мүнөздөмө;

– элибиздин бай руханий мурасын өздөштүрүүнүн зарылдыгы;

– руханиятка көңүл буруу – келечекке көңүл буруу экени;

– инсандын руханияты эмнелердин эсебинен байышы мүмкүн экени;

– эркин, демократиялык коомду руханияты жогору болгон адамдар гана кура алышы;

– элибизди дүйнөгө таанытууда улуттук руханий байлыктарыбыз – адабиятыбыз, көркөм өнөрүбүз, маданиятыбыздан кеңири пайдалануунун мааниси жана башка маселелер.

III
бөлүм

# РУХАНИЯТКА КООП – ӨЗДҮГҮБҮЗГӨ КООП

## КӨЗГӨ КӨРҮНБӨЙ ТУРГАН КООПТОР

Ардактуу окуучу, өткөн сабактарыбыздан билип алганыңдай, «глобалдашуу» сөзү «Жер жүзү», «бүткүл Жер жүзүнө тиешелүү» деген маанилерди билдирет. Глобалдашуу сөзү аркылуу, ошону менен бирге, бүгүнкү дүйнөдө илим жана техника тармагындагы ачылыштардын кескин көбөйүүсү, информация жана маалыматтарды тез таркатуу мүмкүнчүлүгүнүн жогорулашы, мамлекеттер аралык жана адамдардын ортосундагы бардык байланыштардын ылдамдашуусу сыяктуу кубулуштар да туюнтулуп жатат.

**«Глобалдашуу – бул, оболу жашоо темпинин ченемсиз даражада ылдамдашуусу деген»[1].**

Бул сөз жана түшүнүктөрдүн улуттук идеяга, руханиятка, инсандын рухий дүйнөсүнө кандай тиешеси бар?

Өзүң күбөсү болуп жатканыңдай, кайсы бир инсан, улут же мамлекеттин айланасындагы ааламдан, жаратылыш жана коомдон ажыраган түрдө, ар тараптан жашынып жашашы да, алдыга карай жылышы да такыр мүмкүн эмес. Эзелтеден адамдар, улуттар жана мамлекеттер дайыма өз ара байланышта болуп келишкен, бири-бирине ар жаатта таасир көрсөтүшкөн. Бирок, көп кылымдардан бери бул байланыш-таасирлер өтө акырындык менен, чакан чөйрөлөрдө, чек арага жакын аймактарда болуп турган. Мисалы, Батышта жасалган жаңылык же адат Чыгышка жетип келип, салтка айлангыча, жүздөгөн жылдар өтүп кетет эле. Дал ушундай эле мисалдарды Чыгышта да көп күзөтүүгө болот. Мисалы, Чыгыш элдери өтө байыртадан пайдаланып келген, тазалык жана ден соолуктун маанилүү фактору болгон мончодо жуунуп тазалануу адатын Батыштыктар үйрөнгөнгө чейин канча кылымдар талап кылынган болчу. Азырчы?

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 111-бет.

**Азыр Жер жүзүнүн башка жарым шарында, бизден он миндеген чакырым алыстагы мамлекетте болуп өткөн окуя-кубулуштар, иштеп чыгарылган буюм, илимий ачылыштар жөнүндө кабар табуубуз үчүн минуталар эмес, секунддардын өзү жетиштүү болот.**

Эгерде сөз кабардар болуу менен гана чектелгенде да буга көңүл бурбастык мүмкүн эле. Мында сөздүн бардыгы, ошол – он миндеген чакырым алыста болуп өткөн окуя-кубулуштар эрте өтүп бүрсүгүнү дүйнөнүн каалаган бир бурчунда да болушу мүмкүндүгүндө. Кудум ушул сыяктуу – дүйнөнүн бул бурчунда иштеп чыгарылган буюмду башка бир бурчуна алып барып берүү үчүн да бир нече күн жетиштүү. Эсинде болсо, бул жөнүндө өткөн маектерибизде да азыраак ой билдирген элек.

Албетте, дүйнөнүн кай жеринде болбосун, жаратылган илимий ачылыштардан жалпынын тез кабардар болуусу, анын жардамында адамдар турмушун дагы да жакшыртышы, оорун жеңилдетүүсү – өтө зарыл жана сооптуу иш. Же алыс бир мамлекетте иштеп чыгарылган, сен менен бизге да көп пайдасы тие турган нерсеге (мисалы, эң акыркы моделдеги компьютер же уюлдук телефонго, азырынча өзүбүздө иштеп чыгарылышы башталбаган машина жана курулмаларга, оор оорулардан арылта турган жаңы дары-дармек жана башка көптөгөн зарыл нерселерге) тез ээ болуу канчадан канча көйгөйлөрүбүздү жеңилдик менен чечип берет. Бул өңдүү жагдайлар глобалдашуу кубулушунун оң жактары болуп, аларды жалаң гана колдоп-кубаттоо керек. Биздин да мына ушул жараянда кең жана натыйжалуу катышуубуз, глобалдашуу темпинен, дүйнөнүн өнүгүүсүнөн үзүлүп калбастыгыбыз талап кылынат.

Бакытка каршы, бул – глобалдашуу жараянынын башка жактары да бар.

**«Ар кандай өнүгүүнүн натыйжасынан эки түрдүү максатта – изгилик жана жамандык жолунда пайдалануу мүмкүн... Глобалдашуу жараянынын дагы бир өзүнө мүнөздүү жагы азыркы шартта ал идеологиялык таасир өткөрүүнүн өтө курч куралына айланып, ар түрдүү саясий күчтөр жана борборлордун кызыкчылыктарына кызмат кылып жатканын сергек ой жүгүртө турган ар кандай адам, албетте, күзөтүшү анык»[1].**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 112–113-беттер.

Жогоруда биз дүйнөнүн түрдүү бурчтарында болуп жаткан оң окуя-кубулуштар, ачылыштар жөнүндө айттык. Бирок бир окуядан экинчи окуянын, бир ачылыштан башка бир ачылыштын айырмасы бар экендигине акылың жетет, албетте.

**Эң коркунучтуусу – дүйнөнүн түрдүү бурчуна жайгашып алган кыйратуучу күчтөр да глобалдашуудан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланууга аракеттенишүүдө.**



Мындай күчтөрдү, руханий-идеологиялык кол салууларды шарттуу түрдө, эки чоң бөлүккө бөлүп көрүп чыгуу мүмкүн.

Алардан бирин ыйык Ислам дининин атынан мыйзамсыз иш алып барып жаткан ар түрдүү бузгунчу күчтөр түзөт. Догматизмди, диний экстремизмди, ырайымсыз террорчулукту өзүнө курал кылып алган мындай топтор биздин журтубуздагы тынчтык жана бейпилдикке кооп салуунун түрдүү усулдарын ойлоп табууда. Алар бүткүл Жер жүзүндөгү адамдардын ортосунда диний, расалык, улуттук келишпестиктерди келтирип чыгаруу, бардыгын өздөрү сыяктуу пикирлөөгө, жашоого мажбур кылуу жолунда эч нерседен кайтышпайт.

Өзүң билгениндей, Өзбекстандын жергеси байыртадан эле түрдүү улут жана элеттер, диндер, маданияттар өз ара шериктеш-кызматташ болуп жашаган, өнүккөн ыйык журт болуп саналат. Узак тарыхтан бери биздин өлкөбүздө бул маселелердин тегерегинде эч кандай келишпестиктер, уруш-жаңжалдар келип чыкпаган. Себеби өзбек эли өзүнүн кең пейилдиги, улуттар аралык жана диндер аралык ынтымактыкты кадырлоосу менен көпчүлүккө үлгү болгон. Жадагалса, биздин журтубузда Ислам дининин эң улуу өкүлдөрү туулуп өсүшкөн, таалим-тарбия алышкан. Алардын арасында хадис илиминин султандары – хадис таануучулар, Ислам укук таануучулугу болгон фикх илиминин окумуштуулары, инсанды физиологиялык да, руханий да жеткилендикке карай үгүттөөчү рухий жана билим берүүчүлүк окуусу – тасаввуф илиминин генийлери бар. Бул жана дагы башка көптөгөн руханий факторлор элибиздин ыйманынын

бекем, ынанымынын туруктуу болуусун камсыздаган. Президентибиздин сөзү менен айтканда, Аллах – биздин дилибизде, жүрөгүбүздө.

Догмалык, экстремисттик күчтөр болсо мына ушул ынанымды бузуу, ыйык динибизди жаман максаттарда колдонууга умтулууда.

*Диний догматизм (aqidaparastlik) диндеги белгилүү бир догма же эрежелерди орундуу же орунсуздугуна карабастан, караманча колдонуу жана абсолютташтырууга умтулуу болуп саналат. Догматизм бардык диндерде түрдүү мазхаб жана багыттардын арасында кескиндик, келишпестик, кагылышуу жана уруштардын келип чыгуусуна себеп болот.*

Догматизмге таандык адамдар кандайдыр бир сөздү, чындыкты түшүндүрүү, ишендирүү, б. а. билим берүү аркылуу үгүттөөнү кабыл албайт. Өзүн дайыма шексиз түрдө туурамын деп билүү, чындыкты мен гана билем деген менсинбөөчүлүк болсо, сөзсүз, зордукчулдукту келтирип чыгарат. Тактап айтканда, догмага ишенген адам, акыр түбү экстремизмдин пайда болуусуна алып келет. Экстремизм болсо түрдүү көрүнүштөрдө ачыкка чыгып, террорчулукту да өз ичине алат

*Экстремизм (латинче «extremus» – өтө, агрессия деген маанилерди берет) – социалдык-саясий көйгөйлөрдү чечүүдө өтө кескин иш-чараларды, аракеттерди, пикир-идеяларды жактоочу көз караштар, ушулардын негизинде иш жүргүзүү болуп эсептелет.*

Экстремизм, мазмуну боюнча, диний жана дүйнөлүк характерге ээ болушу мүмкүн. Ишке ашырылуусу, көрүнүшү боюнча болсо аймактык (бир мамлекет ичинде), регионалдык (белгилүү бир региондо же континентте) жана эл аралык (бүткүл дүйнө бойлоп таркалган) түрлөргө бөлүнөт.

**Диний экстремисттик маанайдагы көз караштарды дүйнөдөгү бардык диндердин арасында да кезиктирүү мүмкүн.**

Ал, бакытка каршы, Ислам ааламында да таралган. Диний экстремисттер каерде иш жүргүзсө да, негизги ниети – кандайдыр бир чындыктан алыс, бүдөмүк бирдиктүү Ислам мамлекетин куруу болуп эсептелет. Ал эми бул максатка түрдүү каршылыктар, куралдуу кол салуулар аркылуу, башкача айтканда күнөөсүз адамдардын канын төгүү жана зордукчулдук менен жетишүүнү көздөшөт.

Өз-өзүнөн маалым болгондой, мындай аракеттер коомдогу тынчтыктын, бейпилдиктин, адамдардын ортосундагы өз ара ишеним жана кызматташтыктын бузулушуна, жүрөктүн үшүн алган өлүмдөргө, кыйроолорго алып келет. Экстремизмдин кең таралган көрүнүштөрдүн бири терроризм болуп эсептелет.

*Терроризм (латинче «террор» – коркуу, өтө коркуу) – жаман максаттар жолунда, күч иштетип, адамдарды күрөөгө (залог) алуу, алардын өзүн жок кылуу, коомдо коркуу сезимин козгоодон турган зордукчулдук усулу.*

Ал кандай ниетте ишке ашырылбасын, баары бир, адамзатка, өнүгүүгө, изгиликке, жашоого каршы кылмыш болуп эсептелет. Мисалы, диний максаттарды өзүнө беткап кылган террорчулук да кудум ушундай маңызга ээ болуп, ал дүйнөдөгү бардык тынчтыкты жактоочу күчтөр тарабынан бардык жерде бирдей караланат. Өз алдынча өнүгүү жолунан ылдам бара жаткан биздин мамлекетибизге карасанатайлык менен кароочу кара күчтөр террорчулук жолу менен бизди улуу максаттарыбыздан кайтарууга, дагы көз карандылыкка салууга бир канча жолу аракет кылып көрүштү. Бул максатта алар чыккынчылардан да, буюртма боюнча, акча үчүн кыйратуучулук жана баскынчылык менен алектенүүчү жалданма террорчу топтордон да пайдаланышты.

**Демек, ар түрдүү түстөгү догмачылар, экстремисттер, террорист кылмышкерлер кандай идеялардын артына жашынбасын, алардын чыныгы ниеттерин айырмалай билүү, жасаган кара иштерин өз убагында сезип, ачып таштоо – Мекенибиздин келечегин, анын тынчтыгын жана жыргалчылыгын ойлой турган ар бир мекендешибиздин бурчу болуп саналат.**

Эми руханий-идеологиялык чабуулдардын экинчи бир түрүнө токтололу.

Азырга чейин өтүлгөн «Тарых», «Адабият», «Адеп», «Мекен сезими» сыяктуу сабактардан жакшы билгениндей, элибиз өзүнүн адеп-ахлагы, ар-намысы, ыйбаасы жана кичипейилдиги менен көптөгөн элдердин урматына ээ болуп келген. Бул сапаттар улутубуздун кан-жанына сиңип кеткен болуп, элибиз аларсыз өз жашоосун элестете да албайт. Биздин адамдар үчүн «уятсыз!» деген сөздү угуу эң чоң акаарат болуп эсептелет.

Өкүнүчтүүсү, жогоруда эске алынган глобалдашуу шартында көпчүлүк Батыш мамлекеттеринде пайда болгон, миндеген массалык маалымат каражаттары аркылуу бүткүл дүйнөгө чагылгандай тез таратылып жаткан «массалык маданият» деген аталыштагы маданиятсыздык, ахлаксыздык, уятсыздык биздин жашообузга да кирип келүүгө аракеттенүүдө. Бул жөнүндө өткөн сабактарыбызда да сүйлөшкөн болсок деле, бир караганда көзгө даана байкалбай турган бул кооптон толук кабардар болуу үчүн аталган маселеге дагы бир жолу токтолуу зарылдыгын сездик.





*«Массалык маданият»тын маңызын түшүнүү үчүн, оболу, чыныгы маданияттын өзү эмне экендигин эске алышыбыз керек болот. Адам башка жандыктардан аң-сезими, акылы, ой жүгүртүүсү менен гана эмес, ошондой эле алардын жардамында пайда кылган маданияты менен да айырмаланаарын жакшы билесиң.*

Маданият түшүнүгү инсан тарабынан жаратылган, изгиликке кызмат кылуучу бардык материалдык жана руханий байлыктарды өзүндө камтыйт. Элдик оозеки чыгармачылык, жазма адабият, архитектура, музыка, театр, кино, телевидение, радио, массалык маалымат каражаттарынын башка бардык түрлөрү адамзат тарабынан ачылган маданий турмуш натыйжалары эсептелет. Алар, өз кезегинде, адамзаттын андан да маданийлешүүсүнө, инсандашуусуна кызмат кылышы керек.

Тилекке каршы, өзүн кудум ушул адамзаттын өкүлү деп эсептөөчү, бирок чындыгында адамдык сезимдерден алыс болгон кишилер тарабынан «массалык маданият» деген инсандыкка жат көрүнүштөр ойлоп табылууда. Алар жогоруда биз санап өткөн маданий тармактардын бардыгынан орун алууга, чыныгы маданиятты сахнадан сүрүп чыгарууга аракет кылууда.

Бул абал сага түшүнүктүүрөөк болуусу үчүн айрым мисалдарды келтиребиз. Мисалы, чыныгы ыр деген эмне? Анын жаралышы үчүн эмнелер талап кылынат? Укканында сени «толкундантып жибере турган» классикалык же заманбап ырлардын текстине көңүл бур-

гансыңбы? Алардагы маани-маңыз канчалык терең, таасирлүү же куунак сезимдерди туюнтушу үчүн акын кандай кооз көркөм сөз каражаттарын пайдаланган. Бирок жакшы ырдын өзү эле али ыр дегени эмес. Таланттуу композитор бул ырга ушундай бир музыка, бүгүнкү күнгө чейин башка эч ким таба албаган обонду жаратып, кудум бул ыр мына ушул обон үчүн жазылгандай чыгармачыл иш жасайт. Бирок... али да сени менен биз ырдын өзүн «укканыбыз жок», ыраспы? Ыр менен обондун өзү дагы бир талантты талап кылып турат. Ал да болсо, өзүнүн туума, ширелүү үнү менен башкалардан ачык айырмаланып туруучу ырчы болуп саналат.

Көрүп турганыңдай, адамды өзүнө тартуучу бир эле чыныгы ырдын пайда болушу үчүн канча туума талант, канча кайгы-кубанычка жуурулган сезимдер, ыкылас жана илхам керек болот.

Эми түрдүү чет элдик телеканалдарда коюла турган «ыр»ларга, алардын мазмунуна, музыкасына, аткаруу стилине көңүл буралы. Бир топ жарым жалаңач, чач-сакалы өскөн же астынан кырып алып ташталган, кудум мас адамдардай өзүн ар жакка уруп, секирип, оозунан көбүк чачырата бакырып жаткан, сахнада кудум жан берип жаткандай жатып алып онтогон бул адамдардын чыныгы көркөм өнөргө, маданиятка, ыр жана обонго кандай тиешеси бар? Адамдык сезимдер, эргүү жана толкундануулар, маанай мына ушундай түрдө билдирилеби? Кайсы тилде айтылып жатса да, эгерде ошол «ыр»лардын текстин которуп көрсөң, көпчүлүгүндө уятсыз каалоолор, зордук-зомбулук, дүйнө жана тирүүлүккө жек көрүү сыяктуу «маани»лер үгүттөлүп жатканына күбө болосуң.

Кудум ушундай көрүнүштөрдү «массалык маданият»тын жолуна түшүп жаратылган кино жана театр иштеринде, телекөрсөтүүлөр жана радио уктуруулар, адабият жана көркөм сүрөт өнөрүнө үңүлүп кирип келе жаткан беймаза чыгармалардын мазмунунда да даана көрүшүбүз мүмкүн.

Булардын бардыгы инсандын айбандык, жырткычтык сезимдерин козгоп таштоого, аны эч нерседен кайтпай турган, эч нерсени ойлобой турган макулукка айландырууга каратылган болот. Ал эми мындай адам Мекенди да, улутту да, ата-энени да, адамдыкты да тааныбайт. «Массалык маданият»тын жаратуучу жана үгүттөөчүлөрүнүн түпкү максаты да – элдерди, улуттарды каякка айдаса, ошол жакка кете берүүчү аламанга, үйүргө айландырып, алардын үстүнөн өз бийлигин орнотуу болуп саналат.

**Президентибиз бул абалдан бардыгыбызды мындайча эскертет: «Албетте, «Массалык маданият» деген беткап астында ахлактык бузуктук жана зордукчулдук, индивидуализм, эгоцентризм идеяларын таркатуу, керек болсо, ушунун эсебинен байлык арттыруу, башка элдердин канча миң жылдык салт жана баалуулуктарына, жашоо мүнөзүнүн руханий негиздерине кенебестик, аларды кыйратууга каратылган кооптуу кол салуулар адамды кабатырга салбай койбойт»[1].**

*Сен индивидуализм, эгоцентризм деген сөздөрдү жакшылап түшүнүп алууң үчүн аны чечмелеп беребиз. Бул сөздөр адамдын жалаң өзүн гана ойлошу, бардык нерсе өзү үчүн гана болуусун каалоосу, башкалардын жашоосу, ой-пикири, тагдыры менен эсептешпестик сыяктуу өзүмчүлдүктү билдирет.*

Демек ар бирибиз окумакчы болгон китепке, көрмөкчү болгон кинофильм же мультфильмге, телевизордон көрөйүн деген көрсөтүү же башка нерселерге ачык көз менен, сергек назар менен карашыбыз, аң-сезимибизди ууланууудан, дитибизди мокоодон, дилибизди болсо оройлошуусунан өзүбүз сакташыбыз талап кылынат.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Глобалдашуу дегенде эмнелерди түшүнүп алдың?
2. Глобалдашуунун оң жана терс жактары жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Журтубуздан Ислам дининин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон кандай улуу окумуштуулар жетишип чыккан?
4. Догматик адамдарды кандай таанып алуу мүмкүн деп ойлойсуң?
5. Террорчулук деген эмне жана ал кандай кесепеттерди келтирип чыгарат?
6. Экстремизм илдетине мүнөздөмө бер.
7. Төмөнкү сүрөттөрдүн негизинде маданият жана «массалык маданият» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмаларды айтып бер.


*a*


*b*


*c*


*d*

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 117-бет.

## ЖЕКЕ ИНСАН ТАРБИЯСЫ

Бүгүнкү теманын маңызын аңдоо үчүн, оболу, «жеке инсан» дегенде ким назарда тутулушун түшүнүп алуубуз керек болот. Бул түшүнүктүн «адам», «көпчүлүк», «аламан» деген түшүнүктөрдөн кандай айырмасы бар экенин да билүүбүз зарыл.

Темабыздын аталышынан эле көрүнүп тургандай, жеке инсан болуу үчүн адам, албетте, тарбияланышы керек экен. Таалим-тарбиясыз, жашоодогу жакшылык менен жамандыкты билбестен, аларды айырмалабастан туруп, адамдын жеке инсан болуп калыптануусу мүмкүн эмес экен. Таалим-тарбия, жакшы-жамандын айырмасына бара турган даражага жетишүү болсо узак убакыт талап кылуусу, атүгүл, инсандын өмүрүнүн аягына чейин уланышы мүмкүн. Демек, ар кандай адамды да, бул дүйнөдө баш көтөрүп жүргөн бардык инсандарды да жеке инсан деп атай албайбыз. Бул наамга татыктуу болуунун өз талаптары, ченем – өлчөмдөрү бар. Бул талап-нормалардын ичинде руханий-билим берүүчүлүк нормалары маанилүү орун ээлейт.

«Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинен окуйбуз:

**«Ар кайсы ата-эне, устат жана тарбиячы ар бир баланын мисалында, оболу, жеке инсанды көрүүсү зарыл. Мына ушул жөнөкөй талаптан келип чыккан түрдө, перзенттерибизди өз алдынча жана кең пикирлөө жөндөмүнө ээ болгон, аң-сезимдүү түрдө жашап жаткан жеткилең инсандар кылып эрезеге жеткирүү – таалим-тарбия тармагынын негизги максаты жана милдети болуусу зарыл»[1].**

Кел, бул сөздөрдүн маңызына көңүл буралы. Журтбашчыбыз ата-энелер, устат жана тарбиячыларга «ар бир бала мисалында, оболу, жеке инсанды көрүү зарыл»дыгын уктурууда. Башкача айтканда, сен

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 61-бет.

жана досторундун ар бири келечекте жеке инсан болуп жетишүү мүмкүнчүлүгүнө, кубатына ээсиң. Бүткүл таалим-тарбия мына ушул мүмкүнчүлүктү ишке ашырууга, сенин кан-жанында жашырынып жаткан ушул чоң жөндөмдүүлүктү ачып, аны өркүндөтүүгө каратылуусу зарыл.

**Ар бир бала төрөлүшү менен эле даяр жеке инсан болбойт. Тескерисинче, анын мисалында, ичинде жеке инсан болуп жетишүү мүмкүнчүлүгү жашырынган болот. Бардык сөз мына ушул «казына»ны көрө билүүдө, аны ача билүүдө болуп саналат.**



Эгерде адамдын өз алдынча жана кең пикирлөө жөндөмү колдоого алынса, ушундай пикирлөөгө шарт жаратылса, ал аң-сезимдүү жашап жаткан инсан болуп эрезеге жетет. Эркин жана өз алдынча, терең жана кең пикирлөө, бардык нерсе жөнүндө калыс ой жүгүртүү, турмушта аң-сезимдүү түрдө жашоо болсо – инсанды жеткилендикке карай алып барат.

Эми жеке инсан болуп жетишүүнүн бул маанилүү талаптарына өзүнчө токтолуп өтөлү. Демек, эркин пикирлөө кандай болот?

Билгениндей, дүйнөдө нерсе жана кубулуштардын эсеби жок. Алар жөнүндө ар бир илим, предмет өзүнүн илимий көз караштарын илгери сүрөт. Ал эми илимдин болсо, чек арасы жок, б. а. нерсе-кубулуштардын маңызын үйрөнүү түбөлүк улана берет. Ушул үйрөнүүчүлөрдүн катарына эми сен да кошулуп жатасың. Үйрөнүү жараянында өткөн бабаларыбыздан калган илим-тажрыйбаларды мүмкүн болушунча көбүрөөк өздөштүрүүң, албетте, зарыл. Ансыз арга да жок. Анткени, канча кылымдар илгери ачылган жаратылыш жана коомдун мыйзам ченемдүүлүктөрүн кайра баштап ачып чыгып, өмүрдү өткөрүп жибербейбиз го, туурабы?

**Бирок, бардык сөз, бая эстеткенибиздей, нерсе жана кубулуштар ар канча терең үйрөнүлгөн болбосун, алардын али үйрөнүлбөй калган, али ачып үлгүрүлбөгөн кайсы бир жагы, албетте, болот.**

Эгерде сен алар жөнүндө үйрөнгөн билимдериңе жана өздүк көз карашыңа таянган түрдө дагы да эркин ой-пикир жүргүзө турган болсоң, ошол нерсе жана кубулуштардын башка эч ким көрбөгөн маанилүү жактарын табаарыңа ишен. Ал үчүн болсо, дагы кайтарабыз, сен эркин пикирлөөңдү, эч кимдикине окшобой турган акылэстик жана сезимдик кубаттуулугуңду ишке салууң талап кылынат.

Ал эми өз алдынча пикирлөө түшүнүгүн сага тааныш бир чыгарманын окуялары мисалында көрүп өтөбүз.

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептин 5-класс «Адабият» окуу китебинде белгилүү жазуучу Айбектин «Фонарчы ата» аңгемеси берилген. Анда өткөн кылымдын 20-жылдарында көчөлөргө орнотула турган, билик жана керосин менен күйө турган фонарларга карай турган кексе адам – Фонарчы ата менен мааледеги жаш балдардын ортосунда болуп өткөн бир окуя баяндалат. Балдардын ичиндеги «эң көп коркпой турган, эң зыянкеч Касым аксак» дайыма курбуларын көчөгө нур таратып турган фонардын айнек көзүн – айнектерин таш же кесек менен уруп сындырууга, ушуну менен Фонарчы атанын кыжырына тийүүгө үгүттөйт. Анын сөзүнө кирген бир топ бала ушул жосунсуз жорукту жасап, атанын наразылыгына себеп болот. Акыр аягында, Фонарчы ата алардын бул кылыгы мааледеги көпчүлүккө, айрыкча, ылайлуу күндөрдө түндө көчөгө чыккан карыяларга көп кыйынчылыктар жаратып жатканын түшүндүргөндөн кийин гана балдардын көзү ачылат. Балдар, Касым аксактын ачууланып кыйкырганына карабай, анын сөзүнө кирбөөгө, мындан кийин адамдарга пайдасы тие турган фонардын «көзүн оюп» албоого убада беришет...

Көңүл бурган болсоң, ушул кичине окуяда да инсандын өз оюна, өз алдынча көз карашына ээ болбостугу канчалык жагымсыз кесептерди келтирип чыгарышы өтө таасирлүү ачып берилген. Өзүнүн кылып жаткан иши, аракети жөнүндө өз алдынча ойлоп көрбөй жаткан, натыйжада анын кесепетин сезбей жаткан балдар, бир эле эси жок жолдошунун сөзүнө кирип, канча зыяндуу иштердин себепчиси болот. Балким Касым аксак дегени, чындан да балдардын

ичинде «эң коркпосу»дур. Бирок анын бул коркпостугу эмнеге кызмат кылууда? Аңгемеде берилгендей, зыянкечтикке – жамандыкка, бузгунчулукка!

Сабагыбыздын башында «жеке инсан» түшүнүгүнүн жөнөкөй «адам», «көпчүлүк», «аламан» деген түшүнүктөрдөн эмне айырмасы бар, деп койгон суроообузга жооп берүүнүн да ушул жерде орду келди.

*Өз оюна, жеке көз карашына ээ болбогон, айтып жаткан сөзү же кылып жаткан иши үчүн жооп берүү жоопкерчилигин сезбей турган адам жеке инсан деген жогорку даражага көтөрүлө албайт. Мына ушундай адамдар топтолуп «аламан»ды, «көпчүлүк»тү пайда кылат.*

Өткөн сабагыбызда баса белгилегенибиздей, ар кандай мамлекет жана улутту ичинен бузмакчы болгон кара ниеттүү күчтөр дал ушул аламанды, топту пайда кылууну, анын кыйратуучу күчүнөн өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланууну ойлошот. Алар адамдарды өз алдынча, эркин пикирлөөдөн чалгыта турган өздөрүнүн бузгунчу идеяларын, идеологияларын жабыштырышат, өз тузагына түшкөн жаштарды, атүгүл, башкача ойлобостукка, өзүнө үйрөтүлгөн догмалардан четке чыкпоого ант да ичиришет.

**Жасалма «массалык маданият» үгүттөөчүлөрүнүн ниети да ушуга окшош. Алар инсандын айбандык сезимдерин козготуучу тамашаларынын күчү жана таасири менен коомдо жеке инсандарды жок кылып, адамдарды эч нерсе жөнүндө олуттуу ойлобой турган, эмнени укса же көрсө, ошонун артынан караманча ээрчип кете берүүчү аламанга айландырууну каалашат.**

Ар эки аракет да, акыр-аягы, элдин, улуттун үстүнөн өз бийлигин орнотуу, анын тагдырына ээлик кылуу, байлыктарын талоо сыяктуу кара ниеттерди көздөйт.

**Демек, ар бирибиз ар кандай нерсе жана окуя жөнүндө өзүбүздүн өз алдынча, жеке оюбузга ээ болуубуз, аны коргой алуубуз бизди көптөгөн жамандыктардан сактап калат.**

Ошондо гана биз түрдүү бузгунчу пикирлер, идеялар таасирине түшүп калбайбыз, кыйратуучулукка үгүттөөчүлөрдүн артынан ээрчибейбиз. Өздүгүбүздү, улутубузду, келечегибизди сактап калабыз.

Эркин жана өз алдынча, терең жана кең пикирлөө өз-өзүнөн пайда болуп калбастыгын жакшы билесиң. Ал үчүн адам көптөгөн билимдерди өздөштүрүшү, акыл-эсин байытышы, көнүккөндүк жана тажрыйбалар арттыруусу талап кылынат. Ал эми бул сапаттар ой-тоодо, көчөдө эмес, тескерисинче билим берүү мекемелеринде – таалим-тарбия очокторунда өздөштүрүлөт.

Журтбашчыбыз дагы бир маанилүү эрежени баса белгилейт:

**«Билим берүүнү тарбиядан, тарбияны болсо билим берүүдөн ажыратып болбойт – бул Чыгышка мүнөздүү көз караш, Чыгышка мүнөздүү жашоо философиясы»**[1] болуп саналат. Бул көз карашка, чыныгы жашоо философиясына амал кылып гана коомдо жеткилең инсанды эрезеге жеткирүү мүмкүн.

Күзөткөн болсоң, биздин элибиз илимдүү, көп нерсени биле турган инсандарды өтө урмат кылат, ардактайт. Мындай адамдарга мааледе да, ишканаларда да, дос-курбулар арасында да өзгөчө көңүл бурулат. Бирок, бир шарт менен гана: эгерде ошол билимдүү, көп нерсени биле турган инсан, оболу, адамгерчиликти да билсе, алган таалими тарбиясына төп келсе, айткан сөзүнүн жана жасаган ишинин ортосунда айырма, карама-каршылык болбосо. Эң негизгиси – ошол адам окумуштуу болуусу менен гана эмес, адам болуу илимин да терең ээлеген, башкаларга урмат жана сый көрсөтүү тажрыйбасын да өздөштүргөн болсо. Дал мына ушул жаатта Президентибиздин жогоруда келтирилген сөздөрүнө көңүл бура турган болсок, тарбия көргөн, жакшы-жамандын айырмасына бара турган адамдын таалимди – илим-билимди терең жана кең ээлеши, өздөштүрүүсү жана жашоодо колдонушу абдан натыйжалуу болот. Ошондой эле, адам баласына бериле турган тарбия, биринчи орунда, илимге негизделиши, билим берүү жагынан туура уюштурулушу зарыл.

Эгерде тарбия баш-аламан түрдө, сабатсыздык менен уюштурулса, системалуу жана үзгүлтүксүз түрдө алып барылбаса, мындай «тарбия» адамдын келечегине, жеке инсандын калыптануусуна зыян келтирет.

Мына ушул эрежелерге амал кылганда гана таалим-тарбия өзүнүн жыйынтык максатына жетишүүсү – жеткилең инсанды эрезеге жеткирүү мүмкүн.

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 62-бет.

*Жеткилең инсан дегенде биз эркин жеке инсанды, эркин ой жүгүртүүчү, Мекенине адал жана туруктуу кызмат кылуучу адамды түшүнөбүз.*

Тескерисинче, эгерде инсан башка бирөөгө кулдай ээрчисе, өзүнүн жеке пикирине ээ болбосо, же аны коргой албаса, көз карандылык жана жатып ичээрлик кусуруна туш болот. Мындай адам Мекенинин, элинин кызыкчылыктарына жат, зыяндуу идеяларды таратып жаткан адамдардын артынан ээрчип кетүүсү да толук ыктымал.

Сен мамлекетибиз жаштарынын социалдык кыймылы «Kamolot» деген аталыш менен, лицей жана коллеж окуучуларынын ортосунда өткөрүлө турган спорттук мелдештер болсо «Barkamol avlod» деген аталыш менен аталаарын жакшы билесиң. Жаштарыбызга турмушта өз ордун табууга көмөктөшө турган мекемеге же өсүп келе жаткан балдардын дене тарбиялык жактан күчтүү болуусун колдоп кубаттай турган спорттук мелдештерге мындай аттардын берилиши бекеринен эмес, албетте. Мында жаштардын ар тараптуу жеткилендикке умтулуучу болуусу көздө тутулган. Анткени дене тарбиялык жана руханий жеткилендик өз ара байланышкан түрдө өнүгүшү зарыл.

**Дене тарбиялык жеткилеңдикке жетишпей туруп, чыныгы руханий жеткилеңдикке, ал эми руханий жеткилеңдикке жетишпестен туруп болсо толук дене тарбиялык жеткилеңдикке жетишип болбойт.**

**Жеткилеңдикке жетишүүнүн маанилүү шарты – билимдүүлүк саналат.**

Албетте, руханий жеткилендикке жетишүүнүн башка шарттары да көп. Мисалы, адеп-ахлактуу болуу, эмгекчилдик, журтка берилгендик жана сүйүү, кооздукка дос тутунуу ж. б. Бирок булардын бардыгынын негизинде үйрөнүү, билүү жана таанып билүү талабы жатканы себеп инсандын руханий жеткилендикке жетишүүсүндө билимдүүлүк, билим алуу чоң роль ойнойт.

Мисалы, сага жашоодогу эң жөнөкөй сөздөрдү жана иштерди да кимдир бирөө, качандыр эжелеп, бирме-бир, зерикпей отуруп үйрөткөнү туурабы? Ата-энебиз баштап эмнени кандай атоо, кийимди кандай кийүү, атүгүл тамакты кандай жешке чейин үйрөткөн. Башкача айтканда, биздин бүткүл жашообуз үйрөнүүгө, билимге

негизделген. Эгерде сени менен бизге эми жөнөкөй туюла турган мына ушул нерселерди кимдир бирөө убагында үйрөтпөсө же кимдендир көрүп өзүбүз үйрөнбөсөк, биздин башка жандыктардан айырмабыз калбайт эле. Демек, билимдүүлүк руханий жеткилендиктин негизи, анын маанилүү нормасы экен.

**Инсан табиятынан билүүгө кызыгат. Анткени ал тынымсыз изденүүдөгү аң-сезимге, ой-жүгүртүүгө ээ. Ал физиологиялык жактан гана эмес, ошондой эле аң-сезими жана ой жүгүртүүсү аркылуу да өсүү, өнүгүүгө умтулат.**

Жаныбарларда болсо таптакыр башкача. Алар напси каякка баштаса, ошол жакка кете берет. Напсиси канса болду, умтулуусу да бүтөт, жатып эс алат. Аларга билүүнүн кызыгы жок. Анткени аларда билүүгө болгон зарылдыктын өзү жок.

Адамзат миң жылдар бою учар килемдерди, көрсөткүч күзгүнү, ачыл дасторкондорду эңсеп келген. Күн келип, ал акылы жана ойжүгүртүүсүнө таянып самолётту, телевизор жана радиону, түрдүү нерселерди даярдап бере турган фабрика жана цехтерди ачты. Бирок ушуну менен чектелип калганы жок. Самолёттон да тез уча турган ракеталар, жылдар бою космосто өзү кезип жүрө турган жасалма жолдоштор, зымсыз улана турган жана көрсөтө турган телефон аппараттары, бүткүл Жер жүзүндөгү адамдардын аң-сезимин маалымат тору менен ороп-чулгап алууну максат кылган Интернет («Бүткүл дүйнөлүк жөргөмүш тору») системасын жаратты. Эми инсан Жердеги жашоо менен канааттанбай, башка планеталарга, жадагалса башка галактикаларга да саякат кылуунун, адамдын мээсиндеги ой-пикирлерди окуунун да аракетине түшкөн.

Бардык бул үмүт-тилектерди, умтулууларды четке какпаган түрдө, бир өзгөчө маанилүү чындыктан сак болуу дал ушул адамзаттын өзүнөн талап кылынат.

**Демек, бардык илимий-техникалык ачылыштар жана ийгиликтерди изгиликке, жакшылыкка, адамзаттын бакыт-таалайына кызмат кылдыруу зарыл.**

Эгерде дүйнөнүн кечээки жана бүгүнкү күнүнө назар сала турган болсок, жогорку өнүгүүгө жетишкен элдердин бардыгынын илим-

билимдин эсебинен өнүккөнү, ал эми жакыр элдердин, тескерисинче, билимсиздик жана акылга жардылыктын айынан артта калып кеткени, башкаларга көз каранды болуп калганы белгилүү болот.

! **Азыркы учурда дүйнөдө акыл-эс, билим жана ой жүгүртүү мелдеши бардык замандардан да күчтүүрөөк күч алган. Ким ушул мелдеште алдыда барса, өнүгүүнүн тизгини да ошонун колунда болот. Президентибиз Ислам Каримовдун мына ушул чындыктан келип чыгып айткан «Күч – билим жана ой-жүгүртүүдө» деген идеясы дал ушул руханий күчтү, жеңилгис кудуретти көздө тутат.**

? ***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Билим берүүнү жактоочу бабабыз Абдулла Авланийдин «Тарбия биз үчүн же жашоо – же өлүм, же кутулуу – же кырсык, же бакыт – же кесепет маселеси болуп саналат» деген сөздөрү бизди эмнелерден сак болууга чакырат?
2. Эмне үчүн билим берүүнү тарбиядан, ал эми тарбияны болсо билим берүүдөн ажыратууга болбойт? Бул эрежеге амал кылынбаса, сенин оюнча, кандай кесепеттер келип чыгат?
3. Журтубузда жеке инсан тарбиясына өзгөчө көңүл бурулуп жатканынын себеби эмнеде?
4. Адамдын жеке инсан болуп калыптануусунда анын эркин жана өз алдынча ой жүгүртүүсү канчалык маанилүү?
5. «Ар бир баланын мисалында оболу жеке инсанды көрүү зарылдыгын» кандай чечмелейсиң?
6. «Жеке инсан» жана «аламан» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырманы өз күзөтүүлөрүңдөн келип чыгып чечмелеп берүүгө аракеттен.
7. Илим-билим ачылыштарын жаратмандык менен бирге бузгунчулукка да колдонуу мүмкүн экендигин төмөнкү сүрөттөрдүн негизинде түшүндүрүп бер.


*a*


*b*


*c*


*d*

## КООМГО КООП САЛА ТУРГАН ИЛДЕТТЕР

Ардактуу окуучу, өткөн сабактарыбыздан бири болгон «Көзгө көрүнбөй турган кооптор» темасында элибиздин аң-сезими жана рухуна сырттан кол салып жаткан идеологиялык илдеттерге көбүрөөк токтолгон элек. Бирок, руханиятты изден чыгара турган кооптор ушулар менен гана бүтүп калбайт. Тарыхтын маанилүү учурларында элибиздин бутуна тушоо болгон, аны өнүгүү жолунан чалгыткан, өзүбүздүн ичибизден чыккан илдеттерди да билбей, аларга каршы күрөшпөй аргабыз жок. Буларга өзүмчүлдүк жана кайдыгерлик, тууган-урукчулук жана жердешчилик, кол карагандык жана паракордук, менсинбөөчүлүк жана башкаларды менсинбестик, ич күйдүлүк жана чыккынчылыкты мисал келтирүүгө болот.

Адам жашап эле турса, тилекке каршы, жогоруда санап өткөн терс көрүнүштөр анын рухун, аң-сезимин ээлеши, инсанды жолдон азгыруу коркунучу дайыма сакталып кала берет. Ошондуктан, оболу, бул илдеттерди ар бирибиз «таанып алуубуз», алардан дайыма этият болуубуз, сактануубуз керек.

*Өзүмчүлдүк – адамдын өзүн гана ойлошу эле эмес, о.э, башкалардын кызыкчылыктары менен да эсептешпестик, өз каалоолорун кандыруу жолунда башкаларды тепсенди кылып кетүүдөн да кайтпастык сыяктуу терс илдет болуп саналат.*

Өзүмчүлдүк илдетине чалдыккан адам үчүн кудум бардыгы аны менен гана эсептешүүсү, бардык иштер ага жага тургандай түрдө ишке ашырылышы, бардык маселе анын гана пайдасына чечилиши зарыл. Мындай адамдар, биздин арабызда да учурап турганы өкүнүчтүү. Алар мамлекеттен, коомдон, элден бардык нерсени талап кылышат да, өздөрү ошол коом, мамлекет жана элге кандайдыр бир нерсе менен пайдам тиеби, деп ойлоп көрбөйт. Өзү туулуп өскөн журтта болуп жаткан окуя-кубулуштар, өзгөрүүлөр, көйгөйлөрдүн аларга эч кандай тиешеси жоктой, жалаң гана өз турмушунун ичи-

не «камалып алышат». Жөнөкөй кылып айтканда, мындай адамдар үчүн дүйнөдө бир гана «мага бер!» деген талап, каалоо эле бар. Башкалардын кубаныч-кайгысына шерик болуу, улуту жана мамлекетинин алдында турган маселелерди чечүү жолунда жан үрөп, элдин турмушу менен жашоо өзүмчүл адамдар үчүн жат сезим болуп саналат.

Өзүмчүл адам коомдук көйгөйлөргө гана көңүлкош эмес, ошондой эле өз айланасындагы теңкурлары, кесиптештери, жадагалса үй-бүлө мүчөлөрүнө карата да өзүн кудум жаттай, бөлөк адамдай тутат. Бул түрдөгү инсандар адам баласына ырайым кылуу, жардамга муктаждарга жардам колун созуу, өзгөлөрдүн түйшүгү үчүн тынчын жоготуудай изги максаттарды таптакыр ойлобойт да. Натыйжада, өзүмчүл адамдар кулк-мүнөзүнөн алардын жакындары да, үй-бүлөсү да, коом да бирдей жабыркашат, зыян көрөт.

**Эгерде тарыхка көз салсак, журтубузду өзүнө моюн сундурмакчы болгон, эр жүрөк кол башчыларыбыздын, улуу окумуштуу жана билимдүү бабаларыбыздын жашоосуна кол салган бардык баскынчылар дал ошол өзүмчүл адамдарды өздөрүнө моюн сундуруп алганынын күбөсү болобуз. Өзүмчүл адамдар, кандай кылып болбосун, ким менен бүтпөсүн, өз кызыкчылыктарын кандырууну ойлоп, эл-журт кызыкчылыктарынын тебеленди болуусуна себепчи болгон.**

Коомубузга олуттуу кооп туудуруучу илдеттерден дагы бири кайдыгерлик болуп саналат. Журтбашчыбыз бул илдеттин канчалык кооптуу экендиги жөнүндө «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» чыгармасында өтө үлгүлүү, негиздүү пикирлерди билдирип өтөт.

**«Эзелтеден белгилүү болгондой, кайдыгер адам душмандан да кооптуураак. Анткени душмандын кимдиги, чыныгы жүзү сен үчүн алдындан белгилүү болот. Бирок кайдыгер жана көңүлкош адамдын чыныгы жүзүн дароо билип болбойт. Ошондуктан, ал араңда жүрүп, сага каршы тиш кайрай турган душмандар үчүн мүмкүнчүлүк жаратып берет.**

**Белгилүү философтордон бири мына ушул турмуштук чындыкты терең чечмелеп, төмөнкү негиздүү пикирлерди билдирген: «Душмандардан коркпо – нары барса, алар сени өлтүрүшү мүмкүн. Достордон коркпо – нары барса, алар сага кыянат кылышы мүмкүн.**

**Кайдыгер адамдардан корк – алар сени өлтүрбөйт да, сатпайт да, алардын унчукпай жана кайдыгер карап туруусу менен гана жер жүзүндө кыянаттык жана канкордуктар тынбай боло берет»[1].**

Ушул орунда Өзбекстан эл акыны Ыкбал Мырзанын төмөнкү үгүттөөчү ыр саптары эске түшөт:

Дүйнө бүгүн башка дүйнө, беткабы түрдүү,
Көөнүндөгү сөзү түрдүү, айтканы түрдүү.
Жүрөгүңдү ойгот, досум, дилиңди ойгот!
Адашканга ырахат жок, азабы түрдүү.
Бул күрөштө өз ордуңду тандадыңбы, эй?!
Өздүгүңдү, кимдигиңди аңдадыңбы, эй?!

Имараттар жергемдеги көктөн түшпөгөн,
Ылаачындар журтумдагы зор эл коштогон.
Кандай адам адам десин кайдыгерди, айт,
Үлүш алган, бирок элге үлүш кошпогон.
Бул күрөштө өз ордуңду тандадыңбы, эй?!
Өздүгүңдү, кимдигиңди аңдадыңбы, эй?!

**Сергек болуубуз, сактануубуз керек болгон дагы бир илдет тууган-урукчулукка өзгөчө маани берүү, бардык нерседен ушуну жогору коюуга болгон умтулуулар болуп эсептелет.**

Ободу, өзүнүн тууган-уруктарын билүү, алар менен жакын мамилелерди жолго коюу, кубанычтуу жана оор күндөрүндө бирге болуу, чындыгында, өтө зарыл инсандык сапат болуп эсептеле тургандыгын баса белгилеп өтүү зарыл. Айрыкча, элибиз өз үй-бүлөсү, жакындарынын аброюн сактоону, алардын тынчтыгы, жыргалчылыгы жөнүндө ойлоону өзүнүн бурчу, милдети деп билет. Бул жолдо адал аракет жасоо, жакындарына материалдык жана руханий көмөктөш болуу – жакшылыктын жаркын көрүнүштөрүнөн бири эсептелет. Бардык сөз мына ушул аракеттердин чын дилден, көңүлдөн, туура жана мыйзамдуу экендигинде.

Эгерде көңүл бурган болсоң, айрым адамдар кандайдыр бир мансапка ээ болуп калышса, айланасына дароо тууган-уругун, тааныштарын чогултууга, алар менен тил бириктирип, элдин, мамлекеттин

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 124-бет.

байлыктарын талап-тоноого түшүп кетишет. Бул жолдо алар нысапты да, адамдыкты да, мыйзамды да бир четке сүрүп коюшат. Кандайдыр бир жоопкерчиликтүү милдетке абдан ылайык, колунан иш келе турган жакшы адистер бар туруп, дароо кандайдыр бир тууганын, жакынын кыстырууга умтулушат. Натыйжада мекеменин иши артка кетет, чоң өлчөмдөгү мамлекеттик каражаттар коромжуланат.

**Эң жаманы – булардын бардыгын көрүп-билип турган адамдарда адилеттүүлүккө, мыйзамдуулукка болгон ишенichсиздик, көңүл калдылык, ишке болгон кызыгуунун жоголушу өңдүү жагдайлар келип чыгат.**

Кайсы даражада болбосун, пайда болгон мындай керексиз жагдай адамдардын танып болбой турган наарaзылыктарын келтирип чыгарат. Ошондуктан да биздин мамлекетибизде тааныш-билишчилик, тууган-урукчулуктун терс көрүнүштөрүнө каршы мыйзамдуу да, руханий-агартуу багытында да активдүү күрөш алып барылат, бул жолго кирген адамдар коомдун жек көрүүсүнө туш болот. Бул маселеде Журтбашчыбыз Ислам Каримовдун Россияда чыга турган «Рабочая трибуна» газетасы кабарчысына 1991-жылда эле айткан төмөнкү тарыхый сөздөрү бардыгыбыз үчүн үлгү болот:

**«Менин тууган-уругум – мага Президент болууну ишенип тапшырган эл болуп саналат»[1].**

Тууган-урукчулуктан да кооптуураак болгон илдет жердешчилдик эсептелет.

*Жердешчилдик – адамдарда өздөрү туулуп-өскөн жер менен байланыштуу түрдө калыптана турган аймактык жакындык сезиминин терс көрүнүштө ачыкка чыгуусу болуп эсептелет.*

Жердешчилдиктин эң жаман жагы маале, аймак, континенттин кызыкчылыктарын жалпы коомдук кызыкчылыктардан жогору коюусунда. Коомдо мындай көз караш жана түшүнүктөрдүн күчөшү мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө, туруктуулугу жана өнүгүүсүнө өтө терс таасир көрсөтөт. Жердешчилдик аймактардын өзүн өзү чектеп коюусуна, чарбалар жана аймактар ортосундагы байланыштардын күчсүздөнүүсүнө, акыр-аягы экономикалык, социалдык-сая-

[1] **Ислам Каримов.** O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. –T.: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2011-жыл, 356-бет.

сий жана руханий чектелгендикке алып келүүсү эч шексиз. Эмнегедир, жердешчилдиктей зыяндуу таасирлердин жолуна түшүп калган адамдар башка жерлерде жашоочуларга кенебестик назары менен кароо, аларды менсинбестик, атүгүл үстүнөн мыскылдап күлүү сыяктуу терс аракеттерге ыктап калат.

**Мындан жердешчилдиктин мекенди сүйүүчүлүккө тиешеси жок экендиги келип чыгат. Бул эки түшүнүктү айырмалап алуу, бүтүн Өзбекстанды өзүнүн бирдиктүү Мекени деп билүү ар кандай жердешчилдиктен арылуунун шарты болуп эсептелет.**

Мамлекетибиз Президенти жердешчилдик жана тууган-урукчулдукка берилүү улуттук коопсуздукка чоң зыян келтиришин далилдеп берген чыгармасында төмөнкү маанилүү пикир баса белгилеген:

**«Инсан өзүн эң оболу Өзбекстандын жараны деп, ошондон кийин гана Харезмдик, Самарканддык же Фергана өрөөнүнүн жараны деп сезиши керек»[1].**

Биздин адебибизге көрк кошо турган сапаттардан бири кичипейилдик болсо, анын көркүн буза турган, башкаларды бизден бездире турган илдет бой көтөрүнгөндүк жана башкаларды менсинбөө болуп саналат. Тилекке каршы, арабызда кичипейилдиктей баалуу сапатка көңүлкош карай турган, өзүн башкалардан жогору коюу аракетинде жүрүүчү балдар да учурап турат. Мындай балдардын көпчүлүгү өзүндө жок болгон сапаттарды эптеп-септеп көрсөтүүгө аракет кылышат. Айталы, чыныгы билимдүү бала өзүн көрсөтүп мактанбайт, башкалардын үстүнөн күлбөйт. Тескерисинче, ал досторунун да өзүнө жетип алуусун, бүт класс анын билиминен пайда көрүүсүн каалайт. Мындай балдар кимдир бирөөнү таң калтыруу, мактоо угуу үчүн окубайт. Алар үчүн билимдүү болуу, китеп окуп, өзүн моралдык жактан байытуу ички бир зарылдык болуп саналат. Анткени, билимдин натыйжасында көңүлү өсүп бара жатканын, жашоосу кызыктуу мазмунга ээ болуп жатканын алар өтө жакшы туюшат.

Кичипейил адам айланасындагылардан өзүнө карата мамиледе ашыкча урмат-сый, өзүнчө көңүл бурууну талап кылбайт, кадыр сурабайт, ийгиликтеринен текеберленип, мактанчаактык кылбайт.

---

[1] **Ислам Каримов.** Xavfsizlik va barqaror taraqqiyot yo‘lida./ O‘zbekiston XXI asr bo‘sag‘asida. —Т.: «O‘zbekiston» басма үйү, 1998-жыл, 101-бет.

**Демек, кичипейилдик инсанды жеткилеңдикке алып баруучу маанилүү сапат болсо, менсинбөөчүлүк, тескерисинче, аны рухий жалгыздык, руханий жардылык жана бүлгүнгө карай баштоочу олуттуу кесирлерден саналат.**

Мектеп сабактарынан сага жакшы белгилүү болгондой, тарыхыбызда өткөн көптөгөн улуу инсандар, даанышмандар да кичипейилдик жаатында мекендештери жана кийинки муундарга өрнөк жана үлгүнүн эталону болушкан. Бул орунда бир гана азирет Наваийди эстөө жетиштүү. Ал канчалаган өлкөлөргө таанымал акын, падыша Хусайн Байкаранын бала чактан берки досу, улуу амир, эсепсиз байлыктардын ээси болгонуна карабай, кичипейилдик жана үнөмчүлдүгү менен жалпыга үлгү болчу. Улуу ойчулдун илгери өткөн жана өзү менен замандаш болгон устаттарына көрсөткөн урматсыйы, өзүнөн кыйла жаш шахзадаларды тынчтык-бейкуттукка чакыруудан чарчабастыгы, мамлекеттик деңгээлдеги документтердин эң ылдыйына кол коюусу – булардын бардыгы Наваийдин улуулугунун дагы бир өчпөс далили болуп саналат.

Жогоруда келтирилген пикирлерден маалым болгондой, руханий жаатта элибизди даңктай турган улуу сапаттар менен бирге анын өнүгүшү, өркүндөшүнө терс таасирин көрсөтө турган жакшы эмес адаттар, илдеттер да бар. Алардан дайыма сак болуу, улуулар жана устаттардын үгүттөрүнө амал кылуу, жакшы кишилерди ээрчүү, дилибизге изги сапаттарды түнөк таптыруу аркылуу бул кусурлардан сактанышыбыз керек.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Улуттук руханиятка каршы каратылган кандай сырткы жана ички коопторду билесиң?
2. Өзүмчүлдүк илдетине чалынбастык үчүн адамдан эмнелер талап кылынат деп ойлойсуң?
3. Айрым учурларда өзүңдө да өзүмчүлдүктүн белгилерин сезгенсиңби? Андан бүтүндөй кутулганмын, дей аласыңбы?
4. Эмне үчүн кайдыгер адам душмандан да кооптуу болот?
5. Жердешчилдикке берилген мүнөздөмөнү өз тилиңде чечмелөөгө аракет кыл.
6. Менсингендик, текеберликке берилүүнүн натыйжасында келип чыгып жаткан жагымсыз турмуштук мисалдардан келтир.
7. Ич күйдүлүк, көрө албастык сезиминин инсанда кандай пайда болуусу жана кандай кесепеттерге алып келүүсү жөнүндө айтып бер.

## ИНСАНДЫН ДИЛИНЕ ЖОЛ

Ардактуу окуучу, эгерде көңүл бурган болсоң, адамдар дайыма сулуулукка умтулат. Чоктой кызыл килем өңдөнүп жайкалган кызгалдакзарды же жогорудан тынымсыз ылдыйга түшүп жаткан шаркыратманы көргөндө, адамдын жүрөгү бир башкача дүкүлдөп кетет. Балким мына ушундай көрүнүштөр байыркы бабаларыбызга да илхам тартуулап, аларды аска таштарына сүрөт тартууга, кийимдерин түркүн гүл жана түстөр менен кооздоого, үй-жайларды түрдүү формаларда курууга үндөгөндүр. Мисалы, азыркы Наваий областынын Сармышсай, Үчтут деген тоолуу аймактарындагы аска таштарына миңдеген жапайы жана үй жаныбарлары, аңчылык менен алектенип жаткан адамдардын сүрөттөлүшү оюп иштелген. Бул таш сүрөттөрдүн жашы бир нече он миң жылдар менен өлчөнөт. Чоң ата жана чоң энелерибизден калган, азыркы учурда үй-бүлөбүздөгү ыйык буюм катары ардактап асырала турган кийим-кечелерге, сузанелерге, топулардын жасалгаларына кунт коюп карасаң, алардагы оймолор, түстөр канчалык дит менен тандалганына, өз ара шайкеш келтирилгенине таң каласың.

Көпчүлүгүңөр Самаркандды көргөн чыгаарсыңар. Балким Хива же Бухарага баргандырсыңар. Эми айтчы: мисалы, Самарканддагы Бибиханым мечитиндей салабаттуу имаратты куруу жана кооздоо үчүн улуттун көркөм жана илимий потенциалы канчалык жогоруга көтөрүлгөн болушу керек? Сен «Адабият» сабагынан үйрөнгөн азирети Наваийдин чыгармалары же Камалиддин Бекзаттын калемине таандык сүрөттөр, Самарканддагы Амир Темурдун айкели же борбор шаарыбыздагы Хазрати Имам комплекси элибиздин жаратмандык деңгээлин, көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсү канчалык кудуреттүү экендигинен кабар бербейби!?

Мындай ой толгоону ар бирибиз туулуп өскөн облус, район аймагындагы искусство эстеликтери мисалында да беймарал айтышыбыз мүмкүн.

**Инсан искусство чыгармасын түшүнүүнү, туюуну кааласа, оболу, өз дити, элестетүүсү жана идирегин тарбиялоосу талап кылынат. Искусствону түшүнүү, туюу болсо адамдын ар жактуу өсүүсүнө, руханий байышына себеп болот.**



Эгерде сексен-токсон жаштуу чоң-ата, чоң-энелериңе кулак салсаң, алар тиричилик өтө кыйын болгон учурларда да, жадагалса согуш жылдарында да түндөсү коңшу-колондор бир үйгө чогулушуп, кара чырактын жарыгында элдик дастандарды, байыркы аңгемелерди, Машраб жана Наваийнин китептерин окугандарын эстешет. Ойлоп көрсөң: искусствого, адабиятка ушунчалык чаңкагандыктын сыры эмнеде? Эмне үчүн адамдар курсагы ачтыгын, үстү жупунулугун унутуп, искусствого мынчалык берилген?

**Мында сөз чыныгы инсандар жашоону жеп-ичүү, жеңил-желпи оюн-күлкү менен гана өткөрүүнү өздөрү үчүн уят деп билгендигинде. Анткени, инсан, биринчи орунда, руханий жактан бай болууга аракет кылуусу, денесин гана эмес, рухун да дайыма азыктандырып баруусу талап кылынат. Өтмүштө үлгүлүү из калтырган бардык тарыхый инсандар, оболу рухий-руханий жактан кудуреттүү болгондугу менен башкалардан айырмаланып турушкан.**

Сен да физиологиялык жактан балагат жашына кадам койгон экенсиң, эми рухий жактан да балагатка жетүүнү олуттуу түрдө ойлошуң керек болот. Ал үчүн болсо алтындан кымбат убакытты текке кетирбестик, жаш өмүрүңдүн ар бир мүнөтүн мазмун жана маңыз менен толтурууга аракет кылууң зарыл.

**Эгерде инсандын руханий жеткилеңдигин куруулусу зарыл болгон имаратка окшотсок, ар күнү ага жок дегенде бир «кыш коюу» талап кылынат. Ал болсо түрдүү формада – окуган кызыктуу китеп, көргөн спектакль же фильм, барып көрүлгөн музей же көргөзмө түрүндө болушу мүмкүн.**

Эгерде өзүң кайсыдыр искусство багытына ички жактырууну сезип, кандайдыр бир чыгарма жаратуу менен алек болсоң, андан да кубанычтуу болот. Бул жараянда сенин дилиңден айланага көз ылгабас нур таралат, десек, адашпаган болобуз.

**Анткени, акыл жарыгы дүйнөдөгү бардык нур булагынан күчтүүрөөк болуп эсептелет.**




Искусство аны жараткан элдин руханий-рухий түспөлүнүн күзгүсү болуп эсептелет. Мурда өткөн сабактарыбызда эстеткенибиздей, Жаангер бабабыз Амир Темур өзү төрөлгөн журт – Кеш (Шахрисабз)ке курдурган Аксарайдын дубалдарына: «Ким биздин кудуретибизге шек санаса, биз курган имараттарды көрсүн» деген сөздөрдү бекеринен мөөрдөй кылып жазып койбогон.

**Академик Гафур Гулам өз макалаларында Амир Темур бабабыз менен байланыштуу бир тарыхый фактты келтирет. Анын жазышынча, Жаангер чоң аскердик жүрүштөргө аттанып жатып, көп сандуу аттуу аскерлердин куржунунун бир көзүн сапаттуу сагыз топуракка, экинчи көзүн болсо имараттардын маңдайына иштетиле турган даяр оймо жана жасалгаларга толтуруп жолго чыккан экен.**

Ал эми барган жеринде бул нерселерди мектеп-медреселер, сардабалар, кербен сарай жана кооз имараттардын курулушуна иштеткен экен. Мисалы, азыркы күнгө чейин өз салабаты жана сулуулугу менен адамдарды таң калтырып жаткан Түркстан шаарындагы Ахмад Яссавийдин мавзолейи же Дагестандын тоолуу аймагында жайгашкан Дарбанд чебинин бир бөлүгү мына ушундай түрдө курулган. Бул жана буга окшош жүздөгөн архитектуралык укмуштар элибиздин көркөм даражасынын, руханий-агартуу кудуретинин символу болуп келүүдө.

Биз ушундай улуу элдин өкүлү экенбиз, андыктан, бизден да кийинки муундарга изги иштер мурас болуп өтүүсү керек. Ошондой эле, искусство, адабият жаатында да Журтбашчыбыз бул маселеге өзгөчө көңүл буруп, төмөнкүлөрдү баса белгилейт:

**«Азыркы учурда дүйнөдө күчөп бара жаткан түрдүү руханий кол салуулардын алдын алуу, «массалык маданият»тын зыяндуу таасиринен перзенттерибиздин аң-сезими, ойлорун коргоодо илим, билим берүү жана маданият жамаатчылыгы, чыгармачыл инсандардын орду жана ролу барган сайын артып барууда.**

**Эмне үчүн дегенде, биздин улуттук рухубуз жана табиятыбызга жат, бөлөк болгон мына ушундай «маданият» үлгүлөрүнө кол салуу жана четке кагуу же аларга тыюу салуу менен гана кандайдыр бир натыйжага жетишип болбойт. Мындай коптордон жашообузду асыроо, руханий боштукка жол койбостук үчүн, оболу изги инсандык идеялар жана улуу чеберчилик менен жаратылган иштер аркылуу элибиздин маданий билимин жогорулатуу, башкача айтканда, бүгүн дүйнө аренасында болуп жаткан акыл-эс жана таланттын кескин таймашууларында күч сынашууга жөндөмдүү болушубуз шарт»[1].**

Эгемендүүлүк жылдарында улуттук көркөм өнөрүбүздүн бардык түрлөрү — элдик практикалык көркөм өнөрү, көркөм адабият, классикалык жана заманбап музыка, көркөм сүрөт өнөрү, айкелчилик, театр жана кино багыттарын өнүктүрүү маселесине бирдей маани берилип жатат. Журтубузда эл усталарынын башы бир жерге бириктирилип, аларга улуттук практикалык көркөм өнөр чыгармаларын жаратуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ устаканалар куруп берилди. Натыйжада бул көркөм өнөрдүн совет доорундагы көңүл бурбастыктын натыйжасында жоголуп кете жаздаган сейрек түрлөрү кайра калыбына келтирилип, чет элден келген саякатчылардын чоң кызыгуусуна себеп болуп жатат.

Журтбашчыбыз жогоруда эске алынган чыгармасында «Эгерде биз Өзбекстаныбызды дүйнөгө таанытмакчы, анын байыркы тарыхы жана жаркын келечегин даңазаламакчы, аны келечек муундардын эстутумунда түбөлүк сактап калтырмакчы болсок, оболу улуу жазуучуларды, улуу акындарды, улуу чыгармачыл инсандарды тарбиялашыбыз керек. Эмне үчүн дегенде, улуу жазуучу Чолпон айткандай, «адабият жашаса — улут жашайт», деп эскертет. Чындыгында эле, адабият — элдин дилинин котормочусу, анын тарбиячы-

---

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 133—134-беттер.



сы жана илхам булагы болуп саналат. Ушундан келип чыгып, журтубузда адабият өкүлдөрүнө жогорку деңгээлде көңүл бурулуп жатат, алардын эркин чыгармачылык кылуусу үчүн зарыл шарт-жагдайлар түзүлүп берилүүдө. Атап айтсак, 2009-жылда Өзбекстан Жазуучулар уюмунун ишин өнүктүрүү, чыгармачыл инсандарды материалдык жана руханий жактан колдоп-кубаттоо боюнча чоң иштер жасалды. Президентибиздин «Адабиятка көңүл буруу – руханиятка, келечекке көңүл буруу» деген аталыштагы кайрылуусу жана атайын токтомунун негизинде «Ижод» фонду уюштурулду. Мамлекет бюджети жана ушул фонддун каражаттары эсебинен Дормандагы Жазуучулардын чыгармачыл үйү жана багы, чыгармачылдарга кызмат көрсөтө турган поликлиника толук кайра ремонттолду, абат жайларга айландырылды. Эң негизгиси, журтубуздун түрдүү шаар жана кыштактарында жашап жана чыгармачылык кылып жаткан, келечекте улуттук адабиятыбыздын өнүгүшүнө чоң салым кошуусу мүмкүн болгон жүздөгөн жаш таланттардын алгачкы китептери басылып жатат. Зулфия атындагы мамлекеттик сыйлыкка ээ болгон жаштардын арасында жазуучу жана акын кыздар көпчүлүктү түзөт.

**«Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде жазылышынча, Самаркандга жакын болгон Момунабад кыштагынан 3 миң 300 жыл мурда сөөктөн жасалган най музыкалык аспабы табылган. Байыркы Бинкат, азыркы Ташкент жергесинен болсо археологдор сөөктөн жонулган хома – калемди казып алышты. Бул жана башка көптөгөн байыркы эстеликтер биздин өлкөбүздө өтө байыркы замандардан баштап билимди, искусствону сүйүүчү адамдар жашаганына тилсиз күбөлүк берет.**

Элибиз өзүнүн байыркы жана өтө бай музыка өнөрү менен акылуу түрдө сыймыктанса арзыйт. Бир эле «Шашмакам» түркүмүнө камтылган музыкалык чыгармалар, мына, канча кылымдар бою, он-

догон муундардын дилин азыктандырып, рухий талабын кандырып, элибиздин жакшы күндөрүндө да, кайгылуу күндөрүндө да ак дилден шерик болот. Бай музыкалык мурасыбыздын бермети болгон «Cho‘li iroq» күүсү заманы, улуту, жынысы жана дининен көз карандысыз түрдө, ар кандай инсан баласын эрксизден терең ойго талдырып, пикирлөөгө аргасыз кылса, «Лязги» жаңырааары менен өмүрүндө бийлебеген  адам да кантип бийлеп кеткенин билбей калат.

**Дагы бир нерсеге көңүл бур, биздин бийчилер дүйнөдөгү ар кандай элдин бийин өзүнөн да өткөрүп аткарып, аткаруучуларыбыз болсо мейли ал Европанын болсун, Азия же Латын Америкасынын ырларын болсун чегине жеткере чалып бере алуу менен бирге, биздин улуттук күүлөрүн жана бийлерибизди окшото аткаруу анча-мынча чет эл искусство ээлеринин колунан келе бербейт... Булардын бардыгы элибиздин музыкалык чыгармачылыгы өркүндөгөнүнүн, дити курч жана көркөм таанып билүүсү кеңдигинин айкын далили боло алат.**

Мамлекетибизде музыка жана искусство тармагын андан да өнүктүрүү, ушул максатта жаш муундун өз чыгармачылыгын көрсөтүүсү үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу багытында ишке ашырылып жаткан иштердин көлөмү эбегейсиз. Журтбашчыбыздын демилгеси менен 2008-жылдын «Жаштар жылы» деп жарыяланганы, дал ушул жылда 2009–2014-жылдарда балдардын музыка жана искусство мектептеринин материалдык базасын чыңдоо жана жаңы мекемелерди куруу боюнча мамлекеттик программанын кабыл алынганы да мунун практикалык далили болуп саналат. Ушул программага байланыштуу, республикабыздын ар бир шаар жана областында заманбап пландардын негизиндеги, бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон музыка жана искусство мектептери курула баштады. Борбор шаарыбызда курулган көркөм «Жаштардын чыгармачыл сарайы»нын кучагында болсо канчадан-канча үмүттүү талант ээлери өсүп, улгаюуда.

Бүгүнкү Өзбекстан улуттук ыр-күүлөрүбүз менен гана эмес, о.э. бүткүл Чыгыш жана башка элдердин баалуу музыкалык өнөрүнүн үлгүлөрү аткарыла турган, өз ара чыгармачыл байланышка кең мүмкүнчүлүк жарата турган эл аралык искусство жергесине айланып барууда. Атап айтсак, жердин гүлү болгон көөнө Самарканд

шаарында ар эки жылда бир жолу өткөрүлө турган «Sharq taronalari» эл аралык музыка фестивалына дүйнөнүн түрдүү континеттеринен искусство ээлери келишип, өз улуттук көркөм өнөрлөрү менен жалпы катышуучуларды тааныштырышууда. Ачык асман астында, Ай жана жылдыздардын сыйкырдуу көрүнүшү менен коозодолгон Регистан аянтынын табигый сахнасында жаңырып жаткан ар түркүн обондор түрдүү улут, дин, тил ээлери болгон инсандардын дилдерин өз ара жакындатууга, элдердин ортосундагы чыныгы маданий кызматташтыкты чындоого кызмат кылууда.

**Бул фестивалдын коногу болгон франциялык ырчы, дүйнө музыкасынын ири өкүлдөрүнөн бири Шарль Азнаур бул чоң искусство майрамынын жана Самаркандыбыздын потенциалына жогору баа берип: «Мен сыйкырдуу Регистандын ыйык аянтында туруп, өзүмдүн инсан катарында ушунчалык жогору көтөрүлгөнүмдү, жан дүйнөм улуулукка жетишкенин ич-ичимден туйдум» деген эле. Бул баа сен жана биз – Өзбекстан перзенттеринин сыймыгына сыймык кошпостугу, ушундай журт ээлери экенибизден дилибизди толкундануу сезимдери ээлебестиги мүмкүн эмес!**

Адабият сабактарынан жакшы билгениндей, өткөн XX кылымдын баштарынан журтубузда заманбап театр искусствосунун алгачкы үлгүлөрү жаратылган. Бирок искусствонун бул түрү ушул мезгилге келип гана элибиздин турмушунда пайда болуп калбаган, албетте. Анткени өлкөбүздө өтө байыркы замандардан куурчак өнөрү, маскарапоздук, жыгач бутта жана дар оюндары сыяктуу көптөгөн оюн-тамаша түрлөрү бар болгон. Элдин сейилдери, той-тамашалары буларсыз өткөн эмес. Айтканыбыздай, XX кылымдын башына келип, бизде да заманбап театр үчүн атайын драмалар жазылды, алгачкы театр группалары иш жүргүзө баштады. Ошол мезгилде бул искусство түрүнө өзгөчө күчтүү талап пайда болгонун устаттарың түшүндүргөн болсо керек. Чындыгында эле, газета-журналдар, китеп жана башка басмакана продукцияларынын саны аз болгон Түркстан өлкөсү элин агартууга чакыруу, аны билимсиздик баткагынан алып чыгууда театр искусствосунун мааниси чоң болгон.

Бул искусство түрүнүн руханиятты үгүттөөдө, руханий тарбияда туткан ролу жана мааниси азыр да, мындан кийин да эч азайбайт. Анткени театр сахнасында коюлуп жаткан спектаклди көрүүчүлөр

түздөн-түз, жандуу-кыймылдуу абалда көрүү-күзөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул болсо инсандын сезим-туюмдарына күчтүү таасир көрсөтөт, анын бир нече саат ичинде сырткы ааламдан үзүлүп, өзүн сахнадагы окуялардын ичинде сезүүсүнө мүмкүнчүлүк жаратат. Театрдын тамашасында өткөрүлгөн мына ушул бир нече сааттын өзү эле инсандын дили, аң-сезими, жан дүйнөсү, демек, руханиятында да сезилерлүү оң өзгөрүүлөрдүн пайда болуусу үчүн жетиштүүлүк кылат.

Өзбекстан Республикасы Президентинин 2014-жылда Өзбек Улуттук академиялык драма театрынын 100 жылдыгын кеңири белгилөө жөнүндөгү токтому да ушул исскуство багытынын коомдун жашоосунда өтө маанилүү орун тутушун көрсөтөт.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк кино искусствосунун техникалык-технологиялык өнүгүүсү адамзаттын маданий өнүгүүсүнө тиешелүү болгон башка бардык тармактарды артта калтырып жатканын бардыгы көрүп-билип турат. Азыркы убакытта киноиндустрия үчүн мүмкүнчүлүгү жок нерсенин өзү жоктой болуп калды. Айрыкча, Америка, Кытай, Европанын айрым мамлекеттеринин кинокомпаниялары тарабынан жаратылып жаткан көркөм жана документалдык картиналарда колдонулуп жаткан көркөм (тагыраак айтканда – техникалык) эффекттердин даражасын көрүп, анча-мынча нерсеге камырабай турган, таң калбай турган адамдар да «бали» деп жибергенин өзү сезбей калып жатат.

Айнектен жасалган көк тиреген имараттарга ээ болгон чоң шаар көчөлөрүндөгү кызгын жашоону өтө чоң ажыдаардын бир нече минутада тыптыйпылын чыгарып жиберүүсүн мындай денгээлде ишенимдүү чагылдыруу мүмкүндүгүн мындан болгону жыйырма жыл илгери да эч ким элестете албайт эле (Өткөн кылымда өз эффекттери менен ата-эненди таң калтырган «Эрабыздан миллион жыл илгери», «Синдбаддын саякаты» сыяктуу фильмдер болгону сенин күлкүндү гана келтириши мүмкүн). Космос кендиктеринде уюштурулуп жаткан согуштар, тарыхый же «коркунучтуу» фильмдерде колдонулуп жаткан атайын эффекттер жөнүндө болсо айтпаса да болот.

**Кино чыгармасынан, ал ар канча тамаша искусствосу болуусуна карабастан, бардык искусство түрлөрү сыяктуу инсандын көзүнө эмес, көңүлүнө таасир көрсөтүүсү, дилинде кандайдыр бир өзгөрүүлөр, жан дүйнөсүндө оң жакка бурулуулар жасоо талап кылынат.**

Ушул мааниде, мисалы бизге, чет өлкөнүн космостук же жер асты согуштары жөнүндөгү, миллиарддаган доллар каражат сарптап алынган фильмдеринен көрө, өз кино усталарыбыздын ак-кара түстүү «Сен жетим эмессиң» же «Мааледе дуу-дуу сөз» сыяктуу фильмдери көбүрөөк руханий азык берет.

**Журтбашчыбыздын сөзү менен айтканда, «Мына ушундай чыныгы маанидеги улуттук чыгармалар элибиздин руханиятын жогорулатууга гана эмес, ошондой эле анын көркөм баалуулуктарын бүткүл дүйнөгө таанытууга да чоң салым кошуп келе жатат»[1].**

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Инсандын искусствого мынчалык кызыгуусун, ансыз жашоону элестете албастыгын кандай түшүндүрөсүң?
2. Журтубузда искусствонун кайсы түрлөрү көбүрөөк өнүккөн? Мунун себеби эмнелерде экен?
3. Искусство ээси болуу же искусствону түшүнүү адамдан кандай сапаттарды талап кылат?
4. Журтубуздун даңкын дүйнөгө таанытып жаткан кайсы искусство ээлерин билесиң, алардын чеберчилиги эмнеде?
5. Теңкурларыңдын искусство жана адабиятка болгон мамилеси сени канааттандырабы?
6. Өзүң жашап жаткан жерде кандай искусство эстеликтери бар? Алардын тарыхы менен кызыккансыңбы?
7. Эмне деп ойлойсуң: заманбап технологиялар – компьютер графикасы, электрондук музыка аспаптары жана башкалар искусствонун өнүгүүсүнө оң таасир көрсөтүп жатабы же тескерисиби?
8. Төмөнкү сүрөттөрдүн негизинде улуттук музыка искусствобуздун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бер.


*a*


*b*


*c*


*d*

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma’naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 145-бет.

## ТАРЫХЫЙ ЭСКЕРҮҮНҮ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮДӨ ИСКУССТВОНУН МААНИСИ

Ардактуу окуучу, бул сабагыбызга даярдануудан мурда ата-энеңден совет доорунда көчө жана сейил бактарга кимдердин айкели орнотулган эле, кандай мазмундагы плакаттар илинет эле, көргөзмө жана музей залдары кандай көркөм сүрөт өнөрүнүн чыгармалары менен толтурулчу, деп сөзсүз сурап көрчү. Алдын ала айтаарыбыз, алардын жооптору «Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch» китебиндеги төмөнкү ой-пикирлер менен мазмундаш болуусу анык:

**«Борбор шаарда гана эмес, атүгүл эң четки аймактарыбызда да совет ишмерлеринин, миңдеген мекендештерибиздин өмүрүн кыйган, кийинчерээк кара иштери бүткүл дүйнөгө ашкереленген адамдардын айкелдери сөөлөт төгүп турат эле. Түрдүү майрамдар себеп мына ушул айкелдердин алдына гүлдөр коюлчу. Бирок бул аземдер өтө жасалма жана үстүртөн болуп, адамдар бул иш-чараларды чын жүрөктөн эмес, болгону расмийлик үчүн аткарышчу»[1].**

Чындыгында эле, совет доорунда Өзбекстандын көчөлөрүндө жүргөн адам журтубузду өмүрүндө көрбөгөн, бирок анын башына салынган көргүлүктөргө негизги себепчи болгон адамдардын чоңкичине айкелдери, бюсттары, сүрөттөрү, көчө жана сейил бактарга коюлган аттарына ушунчалык даражада көп туш болгондуктан, кокусунан каерде жүргөнүнө да таң калат эле. Азыркы күндө бүткүл адамзат тарабынан дүйнө тарыхында кандуу из калтырган саясатчылар катары каралана турган Ленин, Дзержинский, Фрунзе, Сталин сыяктуу «генийлер»ге элди сыйынтуу үчүн ойлоп табылган бул руханий чабуулдардын чеги жок эле. Ошону менен бирге, өз журтубузда туулуп-өскөн, анын даңкын дүйнөгө тараткан улуу ата-баба-

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 148—149-беттер.

ларыбыздын ыйык наамдары топуракка буланып, жаманатты кылынып, аларды элдин эсинен таптакыр өчүрүп таштоого аракет кылынат эле. Окуу китептеринен тартып бардык массалык маалымат каражаттарына чейин – бардык үгүттөөчү трибуналарда элибиздин сыймыгын ойготушу мүмкүн болгон, ага өздүгүн таануусуна жардам бере турган улууларыбыз жөнүндө бүтүндөй жалган жалааларды тынбай кайталашат эле. Ушунчалык байыркы жана баалуу маданиятка ээ болгон элибиз болсо бүтүн тарыхында кудум сабатсыз, жапайы, артта калган улут болгону, советтер дооруна келип гана маданият эмнелигин билгени жөнүндөгү жалаалар жалпы элдин аң-сезимин уулоого багытталган эле.

Журтбашчыбыз ушул абдан кайгылуу абалды 1990-жылда эле кескин сынга алган эле: **«Элдин өтө бай тарыхын жана маданиятын, өлкөнүн өзүнө мүнөздүү баалуу өзгөчөлүктөрүн билбеген жана билүүнү да каалабаган адамдар республиканын турмушун тебелеп-тепсеп, ийри өзөнгө салууга киришишкен.**

**Элдин көп кылымдык салттары, маданияты, үрп-адаттары жана руханий баалуулуктарын менсинбөө элди өтө капаланткан»[1].**

Айрыкча, Жаангер бабабыз Амир Темур жөнүндөгү ойлоп табылган жалгандар бардыгынан өтүп түшөт эле. Аны «кара мүртөз», «баскынчы» катары көрсөтүүгө, элди ачыкчасына алдоо аркылуу ал жөнүндөгү тарыхый эскерүүнү элдин эсинен сыгып чыгарууга катуу аракет кылышчу.

Улуттук эгемендүүлүк бул адилетсиздиктердин бардыгына кескин чек койду. Журтбашчыбыздын өзүнүн демилгеси жана колдоосу менен эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле Амир Темурдун аруу наамын элге кайтаруу, анын адамзат тарыхына, цивилизациясына кошкон чоң салымын калыс баалоо жана урматын жайына коюу боюнча зор иш-чаралар жасалды. Мисалы, Жаангердин тарыхый элесин жаратуу боюнча терең илимий изденүүлөр алып барылды. Президентибиз тарыхый чындыкты, адилеттүүлүктү кайра калыбына келтирүүдөй татаал бул жараянда калыстыкка, илимийликке гана таянылганын баса белгилеп, төмөнкү пикирлерге өзүнчө токтолот:

[1] **Ислам Каримов.** O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. –Т.: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2011-жыл, 177-бет.

**«Амир Темурдун сарайында жети жыл жашаган атактуу тарыхчы Ибн Арабшах бабабыздын көрүнүшүн жана мүнөзүн мындайча сүрөттөйт:**

**«Темур узун бойлуу, келбети тик, жазы маңдай, башы чоң, абдан күчтүү жана салабаттуу, ак-кызыл жүздүү, кең желкелүү, келбети келишкен, сакалы көп, оң колу менен оң буту орулуу, эки көзү кудум эки шамдай күйүп туруучу, жоон үндүү, улуулугу өзүнө жарашкан, токтоолук менен сүйлөй турган, акыйкатчыл инсан эле. Ал, сырдуу караганды жана көз ишараттарын сезе турган, акылдуу, сынчыл, ар кандай ишараттан сак киши болуп, келип чыгышы мүмкүн болгон бардык иштi алдын ала көрүп-билип турчу эле».**

**Өзүңөр айткылачы, улуу бабабыздын анык жана чыныгы портретин жаратмакчы болгон сүрөтчү үчүн мындай маалыматтар баалуу материал болуп кызмат кылбайбы? Биз бул иштин тарых жана келечек алдындагы жоопкерчилигин ар тараптуу терең туйган, түрдүү булактарда катталган ишеничтүү тарыхый далилдерге таянган түрдө иш туттук»[1].**

Журтбашчыбыздын китебинде оболу Өзбекстан эл сүрөтчүсү Малик Набиев мына ушул пикирлердин негизинде Жаангер бабабыздын классикалык түспөлү чагылдырылган портретин жаратканы, дал мына ушул көрүнүш кийинчерээк журтубузда Амир Темур бабабызга атап курулган бардык айкелдер үчүн негиз болуп кызмат кылганы айтып өтүлөт. Бул айкелдер болсо көркөм чыгармачылыктын монументалдык искусство түрүнө таандык болуп эсептелет.

*Монументалдык искусство дегенде, оболу чоң таасир күчүнө ээ болгон ири өлчөмдөгү айкелдер жана эстелик комплекстерди түшүнөбүз.*

Чындыгында эле, эгемендүүлүк жылдары улуттук монументалдык искусствобуз үчүн да чыныгы көтөрүлүү, улуттук салттар рухунда өнүгүү доору болду. Бул тармакта дагы кандай изденүүлөр ишке ашырылганы, атап айтсак, Амир Темурдун Самарканд, Ташкент, Шахрисабз шаарларында тургузулган ири айкелдеринин жаратылуу жараяны, ушундай изденүү жана тажрыйбалардын негизинде

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 150–151-бет.

кийинчерээк Фергана шаарында – Ахмад Ферганий, Үргөнчтө – Мухаммад Муса Харезмий жана Жалалиддин Мангуберди, Наваий шаарында – Алишер Наваий, борбор шаарыбызда – Гафур Гулам, Абдулла Каххар жана Зулфия сыяктуу ойчулдарыбыз, акын жана жазуучуларыбыздын айкелдери, Термез шаарында Алпамыш, Каршы шаарында «Эл-журт таянычы», Ташкент шаарынын дал борборунда Эгемендүүлүк жана изгилик монументи, Азалуу эне айкели, улуу азиз-олуяларыбыздын элесине арнап ондогон эстелик комплекстери тургузулганы жөнүндө «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» чыгармасында абдан үлгүлүү аңгемелер орун алган[1].

Бул тарыхый аракеттер үзгүлтүксүз улантылып, кийинки жылдарда Андижан шарында – Бабур Мырза, Чолпон, Ташкентте – Айбек, Саид Ахмад жана Саида Зуннунованын салабаттуу айкелдери бой көтөрдү.

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, совет доорунда биздин ыйык жергебизде туулуп-өскөн, адамзаттын илимий жана маданий өнүгүүсүнө эбегейсиз зор салым кошкон даанышмандардын ыйык жайлары таштанды абалга салынган, аларды абат кылуу, зыярат жайларга айландырууга жол коюлбайт болчу.

Азыркы күндө журтубуздун бардык облустардагы мындай куттуу жайлар кайра ремонттолуп, баштапкы абалына келтирилүүдө. Зыярат жайлардын өзү гана эмес, аларга алып бара турган жолдор да кеңейтирилип жатат, айланасындагы эл жашоочу аймактар абат кылынып жатат. Журтубузга келип жаткан расмий коноктор, көптөгөн туристтер кыска убакыттын ичинде ишке ашырылып жаткан бул сооптуу жумуштарды көрүп, таңдангандарын жашыра алышпай жатат. Мисалы, Бухарадагы Абдулхалык Гыждуваний жана Бахауддин Накшбанд, Самарканддагы Имам Бухарий жана Имам Маатуридий, Маргыландагы Бурханиддин Маргынаний, Ташкент шаарындагы Хазрати Имам сыяктуу эстелик комплекстеринен жыл бою зыяратчылардын кадамы арыбайт.

**Эң негизгиси, чын дилинен кылынып жаткан бул зыяраттар элибиздин руханий ааламын байытууда, өзүнүн шаңдуу тарыхын билүү аркылуу өздүгүн таануусунда, дилинде сыймыктануу сезиминин күчөшүндө өзгөчө чоң мааниге ээ болууда.**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 149–156-беттер.

Эгерде совет доорунун тарыхын кунт коюп үйрөнсөң, борбор шаарыбыз Ташкенттин башкы аянты жогоруда айтканыбыз большевиктердин жетекчиси Лениндин аты менен аталганын, бул аянтта ушул кишинин өзү туулуп өскөн журтунда да учурабай турган, дүйнөдөгү эң чоң таш айкели орнотуп коюлганын билип аласың. Аянттын өзү болсо ири, өтө одоно бетон плиталар менен капталган эле. Ар жылда эки жолу бул аянтты бойлой совет армиясынын ажал уругун чачуучу танк, замбирек, ракета жана башка аскердик техникасынын парады – көргөзмөсү өткөрүлчү. Бир сөз менен айтканда, башкы аянт инсандардын укуктарын таптай турган эзүүчү режимдин темирбетон аралашмасынан турган муздак символуна айланды. Бүгүнчү?

Борбор шаарынын дал ортосунда – Мустакилик жана Эскерүү аянттарында заманбап монументалдык искусствобуздун баалуу үлгүсү болгон Эгемендүүлүк жана изгилик монументи ошондой эле Азалуу эне айкели курулду. Өзүндө инсанды жактоочулукту, изгиликти, өткөндөрдүн элеси ыйыктыгын жана келечекке туруктуу ишенимди камтыган бул искусство берметтери мекендештерибизге да, бизге да дос болгон бардык инсандардын жүрөгүнө жарык нур алып кирүүдө. Журтбашчыбыз бардыгыбызга сыймык тартуулай турган бул изги иштин маанисин акылуу түрдө ушундайча баалайт:

**«Арадан жылдар, кылымдар өтөт, замандар өзгөрөт, бирок өзүнүн мааниси жана көрүнүшү менен бири-бирин толтура турган бул эки эстелик комплекси баалуу жана өлбөс көркөм эстелик катары элибиздин руханиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калаарына мен ишенем»[1].**

Ушул орунда, көркөм искусство чыгармалары өзүнүн кайсы өзгөчөлүктөрүнө карай түбөлүктүүлүккө жетишет, деген суроого да жооп табышыбыз мүмкүн. Демек, бул өзгөчөлүктөрдүн эң маанилүүлөрү – чыгарманын улуттук экендиги, аны жараткан чыгармачылдын чын дилден тилеген үмүт-тилектерин туюнтуусу, элдин дилине жакындыгы, реалдуулугу болуп саналат.

**Журтубузга чет элден келе жаткан туристтер эмнелерге көбүрөөк кызыгуусуна бир көңүл бур. Алар улуттук рух даана байкалып турган тарыхый курулуштарды, байыркы нерселерди таңданып көрүшөт.**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –Т.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 155-бет.

**Эмне үчүн? Бир гана Өзбекстанда мындай искусствонун үлгүлөрү учурагани үчүн!**

Себеби, көк мелжиген заманбап имараттар дүйнөнүн ар жеринде каалаганча табылат, бирок бөбөк жыргап уктай турган, колдорун чыгарып мончокторун ойноп жата турган куттуу бешикти Өзбекстанда гана көрүү мүмкүн. Египеттиктер өзүнүн сырдуу жана салабаттуу пирамидалары менен сыймыктанышса, биздин элибиз дубалдары бири-бирине туташып кеткен, көгүш күмбөздүү медреселери менен сыймыктанышат.

Ардактуу окуучу, албетте, бардыгынын да акын же жазуучу, сүрөтчү же скульптор, актёр же композитор болушу кыйын. Анткени бул тармактарда жалаң гана окуп-үйрөнүү, тынымсыз машыгуу менен иш бүтпөйт. Көркөм чыгармачылык адамдан өзүнчө талантты талап кылат. Эгерде көңүл бурган болсоң, телевизорго чыгып ырдай тургандар өтө эле көп. Бирок чыныгы өнөрпоз деген атка татыктуу болгондор саналуу эле.

**Ошондуктан да адамдардын наразылыгына себеп боло турган жасалма өнөрпоз болгондон көрө, искусствону терең туя биле турган, сулуулукту сүйүп ардактай турган чыныгы күйөрман болуу миң мертебе жакшы. Мындай кишилердин дили аруу болуп, алар кандай иш жасабасын, бул ишинин натыйжасы, сөзсүз кооз болот. Ата Журтту сүйүү, элди ардактоо да, чындыгында өзүнчө бир улуу өнөр болуп эсептелет.**

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Монументалдык искусствонун өзүнө мүнөздүү жактары эмнеде?
2. Улуу бабаларыбыздын жаткан жайларынын абат кылынышы адамдардын жан дүйнөсүндө кандай оң өзгөрүүлөрдү келтирип чыгарат деп ойлойсуң?
3. Борбор шаарыбыздагы Мустакиллик аянтын келип көргөн болсоң, ал сенде кандай таасир калтырган?
4. Журтубуздагы кандай ыйык жайларды зыярат кылгансың? Ал жерлерде көбүрөөк көңүлүңдү тарткан эмнелер болду?
5. Өзүң жашап жаткан шаар же айылдагы көчө жана аянттардын баштап кандай аталганын, азыркы күндө болсо кандай аталышын ата-энеңдин жардамында иликте.

6. Амир Темурдун айкелин көргөнүндө дилинден кандай ойлор өтөөрүн классташтарыңа айтып бер.
7. Сүрөттөр үчүн ажыратылган төмөнкү орундарга сен өз районуң же облусундагы кайсы маданий эстеликтердин сүрөтүн койгон болоор элең?


*a*


*b*


*c*


*d*

## ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

Т а п ш ы р м а: **«Искусство жана адабияттын инсан руханиятын жогорулатуудагы ролу»** темасында реферат даярда.

Анда төмөнкү маселелерди жарытууга аракет кыл:

– Журтбашчыбыз Ислам Каримовдун «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch» чыгармасындагы темага байланыштуу пикир жана идеялар;

– классикалык жана заманбап адабиятыбыз менен искусствобуздун өзүнө мүнөздүү жактары;

– искусство жана адабияттын түбөлүктүүлүгүн камсыздай турган маанилүү өзгөчөлүктөр;

– инсанга көркөм чыгармалар аркылуу таасир этүүнүн абдан эффективдүү экени;

– чыгармачыл инсан болууну эңсеген адамдан талап кылына турган маанилүү сапаттар;

– дүйнөлүк коомчулуктун элибиздин искусствосу жана адабиятына болгон чоң кызыгуусунун себептери, анын натыйжалары жана башка маселелер.

## ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН АДАБИЯТТАР:

1. Ислам Каримов. Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch. Ташкент. «Ma’naviyat», 2013-ж.

2. Ислам Каримов. Adabiyotga e’tibor – ma’naviyatga, kelajakka e’tibor. Ташкент. «O‘zbekiston», 2009-ж.

3. Ислам Каримов. O‘zbekiston mustaqillikka erishish ostonasida. Ташкент. «O‘zbekiston» БПЧУ, 2009-ж.

4. Milliy istiqlol g‘oyasi: asosiy tushuncha va tamoyillar. Ташкент. «O‘zbekiston», 2011-ж.

**IV бөлүм**

# ЖОГОРКУ РУХАНИЙ НОРМАЛАР

## ИНСАНДЫ ЖАКТООЧУЛУК (ГУМАНИЗМ) – ЭЛИБИЗДИН ИЗГИ САПАТЫ

Ардактуу окуучу, гуманизм дүйнө тарыхындагы изги окуулардан бири, адамзаттын жогорку жана аруу үмүт-тилектеринин жаркын туюнтулушу болуп эсептелет.

*Гуманизм – адамзаттын кадыр-баркы, анын эркиндиги жана жөндөмдөрүнүн ар тараптуу ачыкка чыгуусу үчүн күрөшүү, адамдардын бакыт-таалайы, тең укуктуулугу, адилеттүү турмушун камсыздоого умтулуусун туюнта турган идея жана көз караштардын системасы болуп саналат.*

Чыгыш элдеринин социалдык ой жүгүртүүсүндө гуманизм идеялары байыркы тамырларга ээ болсо, Батышта ал орто кылымдарда миндеген адамдардын өлүшүнө себеп болгон догматик динчилдер жана аларды колдоп-кубаттаган феодалдарга каршы күрөш катарында пайда боло баштаган.

**Гуманизм же инсанды жактоочулук кең социалдык пикирди камтып алып, адабият, философия, искусство жана башка тармактарда көрүндү жана Европада «gumanizm» аты менен аталды.**

Көөнө тарых элибиздин гуманисттик сапатын абдан көп сыноодон өткөргөн. Бул орунда бир эле Экинчи дүйнөлүк согуш (1939–1945-ж.) жылдарын эстөө жетиштүү. Бул согуш биздин журтубуздан өтө алыста – негизинен Европа континентинде жүргөндүгүн билесиң. Фашизмге каршы согушта элибиздин да миндеген уулдары жөнөтүлгөн. Республикада калган калк – аялдар жана балдар, карыялар менен инвалиддер күн-түн дебей эмгектенип, аскерлерге зарыл нерселерди жеткирип берип турушкан. Мына ушундай шартта согуш болуп жаткан жерлерден жүз миндеген эл Өзбекстанга көчүрүп келтирилген. Алардын көпчүлүгү жумушка жараксыз карыялар жана

жетим балдар эле. Элибиз алардын бардыгына үйүнүн жана жүрөгүнүн төрүнөн жай берди. Өз балдарына жетпей жаткан нанынан сындырып, аларга карматты, ушунча инсандын жашоосун сактап калды.

> **Жалпыга белгилүү «Сен жетим эмессиң» фильмин көргөн болсоң керек. Он төрт жетим баланы ак жууп ак тараган фильм каармандары жөнөкөй темирчилер эле. Алардын ашыкча байлыгы да, үй-жайы да жок болчу. Дагы бир нерсени билип кой, бул фильмдеги окуяларды кимдир бирөө кыялынан токуп чыгарган эмес. Ондогон жаш балдарды багып чоңойткон үй-бүлөлөр журтубузда абдан көп болгон.**



Аларды бул ишке бирөө мажбур да кылган эмес. Анткени кең пейилдүүлүк, башкалардын кайгысына шерик болуп, аларга жардам көрсөтүүдөй гумандуулук сезимдери элибиздин табиятына эзелтеден мүнөздүү болгон.

Мекенибизге келип кеткен көпчүлүк чет элдиктер өзбек элинин меймандостугун көп айтышат. Муну сен телевизордон да, радиодон да уккансың. Эми бир ой жүгүртүп көрөлү: бул меймандостуктун негизинде кандай сапат жатат?

Бул суроого жооп берүү үчүн баштап башка бир суроого жооп табышыбыз зарыл: кана эмесе, кайсы журттан келбесин, качан келбесин, мейман дегенибиз ким өзү?

Инсан!

> **Демек, мейманга сый көрсөтүү, көңүл буруу, анын көңүлүнө кароо – Инсанга сый, Инсанга көңүл буруу, Инсандын көңүлүн ардактоо дегени экен да! Элибиздин меймандостугу гуманизмдин дагы бир кооз көрүнүшү экен да!**

Албетте, гуманизм кимгедир мактана турган, артында кандайдыр бир нерсе үмүт кылуу жашырынган нерсе эмес. Тепкичтен көтөрүлүүгө кыйналып жаткан кексе адамды колтуктап алуу да, шум

балдар капа кылып ыйлатып жаткан кичинекей кыздын таламын талашып, аны коргоо да, атасы же апасынан ажырап калган классташыбыздын көңүлүн көтөрүп, анын кайгысын жеңилдетүүгө аракет кылуубуз да чындыгында гуманизм дегени.

Ислам дининде адамдарды гуманизм рухунда тарбиялоого өзгөчө көңүл бурулат.

**Атап айтсак, хадиси шарифтердин биринде «Өзүңөр жакшы көргөн нерсени жакындарыңарга ыраа көрмөйүнүңөрчө, эч бириңер чыныгы момун боло албайсыңар», дейилген.**

Демек, өзүбүз жакшы көргөн нерсени башка бирөө сураганда берүү гана эмес, тескерисинче, эч ким айтып сурабаса да, чын жүрөктөн ошону башкаларга ыраа көрүшүбүз зарыл экен. Ал эми инсан өтө көп нерсени жакшы көрөт. Булардын арасында – тынчтык жана амандыкта жашоо, чыныгы достордун арасында болуу, бактылуу өмүр сүрүү сыяктуу каалоолор бар. Демек, бизге ушул каалоолор жага турган болсо, анда буларды башкаларга да ыраа көрүүбүз чыныгы сапат – гуманизм болуп эсептелет.

**Адилеттүүлүк – адилдик сезимисиз гуманизмге жетишип болбойт. Ар кандай иште адилеттүү болуу инсандын жеткилендигин көрсөтүүчү маанилүү белги болуп саналат.**

Амир Темур бабабыздын шакек-мөөрүндө «Күч – адилеттүүлүктө» деп бекеринен жазып коюлбаган эле. Жаангердин болуп көрбөгөндөй даражада чоң империяны куруусуна, бул империянын узак жылдар бою дүркүрөп өсүүсүнө да дал ушул адилеттүү ички жана сырткы саясат жүргүзгөнү себеп болгон, десек, жаңылышпаган болобуз.

Мамлекетибиздин Президенти Ислам Каримов: «Биз жөн эле демократиялык коом эмес, демократиялык адилеттүү коом курмакчыбыз. Адилеттүүлүк жана чындыкка умтулуу болсо элибиздин табиятынын маанилүү сапаттарынан бири болуп саналат», деп айткан.

Адилеттүү чөйрө кандайдыр бир коомдо өз-өзүнөн пайда болуп калбайт. Ал үчүн ошол коомдун мүчөлөрү ар кандай иште адилеттүү болууга умтулуулары зарыл.

Демек, биз жашай турган коомдо кандай чөйрө өкүм сүрүүсү ар бирибизге жана бардыгыбызга бирдей таандык маселе. Өзү жашап

жаткан коомду үзгүлтүксүз жакшыртууга, ондоого аң-сезимдүү түрдө аракет кылуу менен да инсан жаныбардан айырмаланып турат. Жаныбарлар дүйнөсү жөнүндөгү документалдуу фильмдерди көбүрөөк жана көңүл буруп көрүүгө аракет кыл. Ошондо сен жаныбарлар жашоосунда «жунгли мыйзамы» бар экендигин угасың жана көрөсүң. Бул дегени жаныбарлар дүйнөсүндө күчтүүлөр алсыздарды жеңүүнүн эсебинен жашайт, дегени. Адилеттүүлүк, ырайым кылуу, мээр-акыбет, айланасындагыларга камкордук кылуу бул чөйрө үчүн таптакыр жат, дегени.

**Эгерде коомдун ар бир мүчөсү ушуну түшүнүп жетпесе, өз жашоосун өзү ондоо зарылдыгын сезбесе, адамдардын турмушунда да мына ушундай айбандык чөйрөнүн пайда болуусу ыктымал. Анткени коомдун жашоосунун тууралыгы анда жашап жаткан ар бир инсандын руханий-рухий жактан аруулугу, тууралыгы менен тыгыз байланышта.**

Туура ой жүгүртө турган инсан болсо айланасындагы окуяларга «мага эмне» деген мамиледе боло албайт. «Мага эмне» деп ойлоо, чындыгында, «мен эч ким эмесмин, менин колумдан эч нерсе келбейт, мен – болгону тирүү өлүкмүн» деген менен барабар. Чыныгы инсандар үчүн мындай жашоонун кызыгы да, мааниси да болбойт. Өткөн сабактарыбызда Журтбашчыбыздын «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде ушундай көз караш менен жашоочу кайдыгер адамдар себеп келип чыгуусу мүмкүн болгон руханий кырсыктар жөнүндө сүйлөшкөнүбүздү эсте.

Чындыгында эле, өз алдынча пикирлей турган, инсан деген жогорку наамга татыктуу жашоону максат кылып алган адамдар өз тагдырын эли жана улутунун тагдырынан айырмаланган түрдө элестете албайт. Өзүн ушул чоң элдин бир өкүлү, анын тагдыры үчүн жоопкер сезет.

**Демек, журтубуздун бүгүнкү жана эртеңки күнүнүн кандай болуусу биздин кандай болуубуз менен тыгыз байланыштуу экенин терең түшүнүп жетсек гана, ушул журтка татыктуу перзент боло алабыз.**

Гуманизмдин маанилүү көрүнүштөрүнөн бири мээр-акыбет болуп саналат.

Маегибиздин мээр жана акыбет сезимине арналган бул бөлүгүн бир музыкалык чыгарманы окуу менен баштасак. Бул Өзбекстан Каарманы, эл акыны Абдулла Ариповдун 1979-жылда жазылган «Космостук конок, беш даанышман жана жардамчы кемпир аңгемеси» болуп саналат. Сен ушул чыгарманын негизинде даярдалган мультфильмди көргөн болсоң керек деп ойлойбуз.

Бул сонун аңгеме ушундай окуянын сүрөттөлүшү менен башталат:

Кабар келди илим шаарына,
Алыс-алыс жунгли жактардан.
Өткөн түндө кандайдыр нерсе,
Оттой күйүп түштү асмандан.

Жылдыз десе жылдыз да эмес,
Же жолдошпу, мында адашкан.
Же болжолу учуучу нерсе,
Тарелка деп элдер аташкан.

Ооба, дүйнөнүн али бул, али тигил жерине түшүптүр деп элдерде уу-дуу сөз болуп жаткан учар тарелка бул жолу Жерге анык түшкөн эле. Түшкөндө да, заманбап кайсы бир шаарга эмес, алыс Жунгли токойлорунун ортосуна конгон эле. Бүткүл дүйнөнүн илимпоздору бул кабардын чын-төгүндүгүн текшерүү, космостон келген коноктору үйрөнүүгө келишишет. Беш материктен беш эң күчтүү окумуштуулар чогулуп, Жунглини көздөй жолго чыгышат. Алар суудай кылып ичип жибербеген илимдин өзү жок – «Дүйнөдөгү бардык илим ушул бешөөндө бар». Окумуштууларга кызмат кылып туруу үчүн бир жардамчы кемпирди да өз катарларына кошуп алышат.

Даанышмандар барып көрүшсө, чынында да токойдун ортосунда чоң бир учуучу тарелка жаткан имиш. Окумуштуулар баштап анын тегерегинде айланып жакшылап текшеришет. Али бул, али тигил капталына өтүп, баш кашып турушат. Акыр аягында, «тарелка»нын эшигин эптеп ачышат да. Ошондо...

Ичкериге карап баары,
Тандданышып калышат.

Жаткан экен орундукта,
Кандайдыр бир макулук.
Бир көзү бар... мандайында,
Экинчиси такыр жок.

Мына эми окумуштууларга иш табылат. Бул таң калыштуу коноктун ким жана каерден экени, Жерге кандай келип калганы, максат-тилегин билүү үчүн кылбаган иштери калбайт. Дүйнөдөгү бардык илимий усулдарды колдонуп, анын сырын билип алууга аракет кылышат.

Бирок сырдуу коноктон үн чыкпайт. Ал жалгыз көзүн чоң ачып, бир нерселер деп айланасында убараланып жүргөн окумуштууларга сезимсиз гана карап турат эле.

...Ошол маалда тиги кемпир
Кирип келди энтелеп.

Жардамчы да, тыным билбей,
Жумуш түшпөйт колунан.
Орундукта жаткан жанды,
Көрдү кемпир кокустан!

Байкушум ай, бул баламды,
Дарты кыйнап салыптыр!
Алдан тайып башка көзү
Жумулуп да калыптыр!

Жардамчы кемпирдин колунда адамды текшере турган кандайдыр бир аспап тургай, көзүндө кадимки көз айнек да жок эле. Кемпир бул таң калыштуу жандыкты текшерип көрүүнү, аны сурамжылоону оюна да келтирбейт. Ал «конок»тун

Чын көңүлдөн, мээрим менен
Ал башынан сылады.
Тикен өңдүү типтик өскөн
Кыл чачынан сылады...

Чыныгы укмуш мына ошондо болуп өттү. Бир эмес, беш окумуштуунун бардык аракеттерине эч кандай жооп бербеген, Жерди да, анда жашай турган адамдарды да биринчи жолу көрүп турган космостук конокто өзгөрүү пайда болот:

Мына ошондо баягынын,
Кан жүгүрдү жүзүнө.
Мөлт-мөлт этип жаш да келди,
Жалгыз гана көзүнө.

Жан киргендей болду дароо,
Колу-буту тыбырап.
Жылмайгандай болду окшойт,
Сүйлөгөндөй шыбырап.

Эми окумуштууларды башка планетадан түшкөн космостук коноктун сыры эмес, чындыгында анын жүзүнө кан, көзүнө жаш келтирген кызматчы кемпирдин иш аракеттери көбүрөөк кызыктырып коёт. Ойлоп-ойлоп, бул жөнөкөй укмуштун себебин, акыр аягында, түшүнүшөт:

Аалымдардын кызматтары
Жок, бекерге кетпептир.
Ушунча иш жасап, бирок
Мээрим гана жетпептир.

Ардактуу балдар, тамаша түрүндө жазылгандай туюлган бул уламыштын негизинде абдан маанилүү чындык, үлгү жатат. Өзүң көрүп-билип турганыңдай, бүгүнкү күндө инсандын акыл күчү менен жаратылып жаткан техникалык-технологиялык укмуштардын эсеби жок. Илимий-техникалык өнүгүү адамдардын жашоосунун бардык багыттарына кирип келүүдө. Алардын дүйнөгө болгон көз карашы, адеп-ахлагы жана түшүнүктөрүндө кескин бурулуулар жасап жатат. Бир мезгилдерде адам табияттын бир бөлүгү катары көпчүлүк өмүрүн анын койнунда өткөрөт эле. Табияттын койнунда эмгектенчү, үй-жай курчу, табияттын кооздуктарынан ырахаттанып жашачу. Инсандын табиятында да ак ниеттүүлүк, жөнөкөйлүк, сезим-туюмдардын aруулугу үстөмдүк кылчу.

**Бүгүнкү адамзат болсо өмүрүнүн негизги бөлүгүн татаал машиналар, аспап-жабдыктар, темир жана бетондун арасында өткөрүүгө мажбур. Ал барган сайын табияттан алыстап, ага жат болуп бараткандай. Ошого ылайык түрдө инсандын бири-бирине болгон мамилесинде, көңүлүндө да олуттуу өзгөрүүлөр болуп жатат.**

Жогоруда талкууга алынган ыр түрүндөгү аңгемеде да акын дал мына ушул ачуу чындыкты баяндап жатат. Баягы беш даанышмандын билбеген илими, окубаган китеби дээрлик калбаган. Галактикада канча планета бар экендигин, инсан денесиндеги ар бир клетка, ар бир генетикалык ткань кандай милдет аткараарына чейин билишет алар. Бирок ушунча илим, ушунча акыл эмне үчүн бир гана жандыктын жан дүйнөсүн билүүгө, аны менен байланышууга жардам бере албайт? Эмне үчүн ыйлап жаткан иниңди профессор (мугалим, агроном, инженер ж. б.) атаң соорото албайт да, коңшунун баласын көрөөрү менен ал чуркаганча ойноп кетет?

**Элибизде «Куштун тилин куш билет» деген макал бар. Ошого окшош, адамдын дилин, жан дүйнөсүн билүү үчүн башка инсандан да дил, көңүл талап кылынат. Инсандын көңүлүнө шыпаа боло турган эң баалуу нерсе да мээрим болот. Классикалык акындарыбыздын чыгармаларында Күндүн нуру «мээрим нуру» деп аталганы бекеринен эмес. Анткени, инсандын жашоосунда Күндүн нуру канчалык маанилүү болсо, башкалардан мээрим көрүү да ушунчалык чоң маанилүү таасирге ээ.**

Жогорку окуу жайларында окубаган, миндеген китептердеги илимди суу кылып ичип жибербеген жардамчы кемпирдин көңүлү мына ушул мээрим нуруна жык толгон эле. Ушул мээрим нуру баягы бир көздүү макулуктун дилин жарытты, көңүлүн ээритти, көздөрүнө жаш келтирди. Даанышмандардан чочуп, аларга ишенбей турган космостук конок кемпирдин колунан жамандык келбестигин, өзүнө зыян келтирбестигин түшүндү. Тил менен эмес, дил менен байкады.

2004-жыл Журтбашчыбыз тарабынан «Мээрим жана жардам көрсөтүү жылы» деп аталды. Мындан көздөлгөн максат – элибиздин арасында мээрим-жардам көрсөтүү сезимдерин андан да күчөтүү, жардамга муктаж карыялар, инвалиддер, багуучусун жоготкон үй-бүлөлөр, жетим-жесирлерге ар тараптуу жардам берүү, жарандардын өз ара мамилелеринде инсандык баалуулуктардын үстөмдүү болуусун камсыздоо болуп саналат. Бир эле ушул жылы эмес, эгемендүүлүгүбүздүн ар бири – ал «Карыяларды кадырлоо жылы» болобу, «Аялдар жылы»бы же «Жеткилең муун жылы»бы – бардыгынын түпкү негизинде чыныгы гуманизмге жуурулган максат-тилектердин турганы Журтбашчыбыздын «Бул ыйык Мекенде ардактуу инсан!» деген изги идеясынын иш жүзүндөгү далили болуп эсептелет.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Элибиздин гумандуулук сапаттарын айкын көрсөтө турган кандай окуяларды билесиң?
2. Дагы кайсы көркөм чыгармаларда гуманизм сезими бааланат, ага каршы көрүнүштөр болсо караланат?
3. Адилеттүүлүккө амал кылынбаса, коомдо кандай жагдайлар келип чыгышы мүмкүн, деп ойлойсуң?
4. «Космостук конок, беш даанышман жана жардамчы кемпир аңгемеси» чыгармасынын негизинде сүрөткө алынган мультфильм сага жактыбы? Пикириңди далилдешке аракет кыл.
5. Элибиздин мээрим-жардам көрсөтүүчү, кайрымдуу экендигин билдирүүчү турмуштук далилдерди эстеп көр.

## РУХАНИЯТТЫН КАЛЫПТАНУУСУНДА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ОРДУ

Ардактуу окуучу, Журтбашчыбыз өзүнүн «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде бир нече жолу улуу жазуучубуз Абдулла Кадырийдин «Өткөн күндөр» романын эске алат. Анткени ошол чыгармада элибизге эзелтеден мүнөздүү болгон өлбөс баалуулуктарыбыз, рухий-руханий байлыктарыбыздын таасири туюнтулган. Юсуфбек ажыдай улуттун руханий аталарынын колунда тарбия алган Атабек да, Афтаб айымдай ыймандуу, билимдүү энелердин мээримине канган Күмүшбиби да өзүнүн эс-акылын, парасатын, адебин жана башка бардык инсандык сапаттарды үй-бүлөсүндө өздөштүрүшөт. Атабектин жакындары менен да, бейтааныштар менен да жасай турган мамилелеринде канчалык жогору маданият, чыныгы инсандык сапат даана байкалып турат. Жаш башына ааламдай түйшүк, татаал сыноолор түшө турган Күмүшбиби болсо бир жолу да кыздык, аялдык беделин, уятын колдон бербейт. Тескерисинче, аты затына эч төп келбей турган Жаннат эженин колунда чоңойгон Садык, бир нече аялдын бактына балта урган, үй-бүлө аттуу ыйык туракты көзгө илбей турган Хамид сыяктуу адамдардын кылмышы ар кандай инсандын кыжырын келтирет.

Эгерде бул чыгарманы кунт коюп окусаң, Атабек жана Күмүшбиби өскөн чөйрө – үй-бүлөдөгү сарамжалдык, тартип, мамиледеги өз ара урмат жана маданият адамды суктандырат. Ошого ылайыктуу түрдө башкы каармандардын жан дүйнөсүнүн кооздугу алардын жүзүнө балкып чыккан – Күмүшбиби жана Атабек көргөн кишини өзүнө тарта турган сулуу инсандар болушат. Буга карама-каршы түрдө Садыктай адам өлтүргүч жетишип чыккан короодогу тартипсиздик, кутсуздук, балиттик көзүнө тикендей кадалат. Бул кутсуздук, куниктик жана мерездик бул үй-бүлөдөгү эне жана баланын да, аларга демөөрчүлүк кылууга убада берген Хамиддин да ички сезимдери жүзүнөн даана көрүнүп турат.

**Булардын бардыгынын инсан тарбиясында, анын руханий өнүгүүсүндө үй-бүлөдөгү чөйрөнүн канчалык маанилүү орун тутуусун көрсөтөт. Бул чөйрөнүн аруу жана туура болуусу болсо көптөгөн факторлорго көз каранды.**

Оболу, ата-энендин бири-бирине мамилеси чын дилден, өз ара урматтын негизинде курулса гана мындай үй-бүлөдө таза руханий чөйрө пайда болот. Тескерисинче, алардын бири-бирине орой мамилеси, маданиятсыздыгы, турмуштук кыйынчылыктарды жеңүүдө, балдар тарбиясында, үй-бүлөнү материалдык камсыздоодо түрдүү айры пикирдүүлүк үй-бүлөдөгү өз ара мамилелерге доо кетирет.

**Ар нерседе сабырдуулук, үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү ойлоп, акылдуулук менен биргеликте чечүү, өз ара мээримдүүлүк, перзенттерге таттуу мамиле, ар эки жактын тууган-уруктарына, коңшу-колондорго мээримдүүлүк менен мамиледе болуу, чындыкты адеп-ахлак нормалары даражасында сүйлөө болсо үй-бүлө чөйрөсүн аруулантат.**

Ошондой эле, ичүү, чегүү, жалганчылык, күндөлүк турмуштагы жаман адаттар, текебердик, менсинбөөчүлүк ж. б. ушул өндүү илдеттерден арылгандык да үй-бүлө маданиятынын жогорулашына сөзсүз оң таасир көрсөтөт.

Атап айтсак, ата-энендин бири-бирине «сиз» деп сылыктык менен сүйлөшү, жолго аттанганда «аман-эсен барып келиңиз», «сапарыңыз байсалдуу болсун», күтүп алганда «чарчабадыңызбы?», «жакшы барып келдиңизби?» сыяктуу сөздөрдү иштетүү перзенттин ата-энеге карата урматын, мээрим-сүйүүсүн ашырат, ата-эненин алар үчүн үлгү болуп калуусун камсыздайт.

**«Анткени инсандын эң таза жана аруу сезимдери, алгачкы турмуштук түшүнүк жана элестөөлөрү биринчи орунда үй-бүлөдө калыптанат... Баланын аң-сезими негизинен 5—7 жашта калыптануусун эсепке ала турган болсок, дал мына ушул мезгилде анын дилинде үй-бүлөдөгү чөйрөнүн таасиринде руханияттын алгачкы бүчүрлөрү байкала баштайт. Элибиздин «Куш уясында көргөнүн жасайт», деген учкул макалы, мына ушул эзелки чындыкты айкын көрсөтөт деп ойлоймун»[1].**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat — yengilmas kuch. —T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 52—53-беттер.

Жогоруда келтирилген пикирлер үй-бүлөнүн чондорго, анын туруктуулугуна жоопкер болгон ата-энелерге тиешелүүдөй туюлушу мүмкүн сага. Бирок, бир нерсени унутпагын, азыр сен да ошол жоопкерчиликтин бир бөлүгүн мойнуңа ала турган жашка жетип калдың. Тактап айтканда, үй-бүлөнүн бекемдигине жардам бере турган анча-мынча иш сенин да колуңдан келет.

Албетте, өзүн урмат кылган ата-энелер үй-орозгерди материалдык жактан камсыздоо, жаңы имарат куруу же машина сатып алуу сыяктуу оор жумуштарды эч качан эрезеге жетпеген балдарына таштап коюшпайт. Бирок, бул дегени үй-бүлө иштерин, анын түйшүктөрүн чоңдор гана тартуусу керек, дегени эмес.

**Үй-бүлөдө, эгер кунт коюп карасаң, бардыгына иш табылат.**



Дагы да тагыраак айтканда, үй-бүлө иштеринин жүрүшү, анын жакшы жана бекем болуусу, үй-бүлөнүн руханий чөйрөсүнүн аруулугу анын ар бир мүчөсүнүн иш-аракетине байланыштуу болот. Демек, сага да.

Мисалы, иниң же карындашың үй тапшырмасынын айрым жерлерине түшүнбөй, жардамга муктаж болуп калышы мүмкүн. Эми айтчы, ушул үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинде ушул жагдайда ага көмөк бере ала турган, көмөк көрсөтүүсү зарыл болгон адам ким? Албетте, сен. Же ушул учурда ашканада идиш-аяк жууп жаткан апаң же кызматтан чарчап келгенине карабай, иштен чыккан кайсы бир үй буюмун түзөтүп жаткан атаң жумушун токтотуп анын алдына келүүсү керекпи?

Эң негизгиси, мына ушул жумуштарды чогуу аткарып жатканда мектепте, көчөдө болгон канчадан-канча кызыктуу окуялар эске алынат, турмуштагы күлкүлүү анекдоттор айтылат, азил-тамаша кылынат. Бул колубуз гана эмес, акылыбыз да, дилибиз да аракет кылып жатат, чыңдалып жатат дегени.

**Жасаган эмгегибиз натыйжасында бир эле короо-жайыбыз, айнек-терезелерибиз тазаланып, жаркырап жатканы жок, о. э., жүрөгүбүз, дилибиз да абат болуп, жан дүйнөбүз өсүп жатат.**

Дагы бир айтаарыбыз, бул жараянда чоңдор менен кандайдыр бир иш жөнүндө кеңешмекчи болсоң, алардын маанайына, убактына карашың, айтыла турган пикирди ойлоп, аларды иренжитпей турган түрдө сүйлөөгө аракет кылууң зарыл. Кыз бала көбүрөөк апасы менен, уул бала болсо атасы менен кеңешкени максатка ылайык. Мында апага да, атага да туш келген эле сөздөрдү айтууну адат кылбастыгыбыз керек. Анткени биз Чыгыш адамдары, Өзбекстандын перзенттери экенибизди унутпашыбыз керек.

**Бүгүнкү күндө телевизор экрандарындагы көптөгөн чет эл фильмдеринде көрсөтүлүп жаткан айрым үй-бүлөлүк мамилелер, адамдардын ортосундагы мамиле түрлөрү эч качан сен менен бизге үлгү, өрнөк боло албайт.**

Биз дал ошол аларга окшобогонубуз, өзүбүзгө мүнөздүү жана өзүбүзгө таандык жогорку мамиле маданиятына, кооз үй-бүлөлүк мамилелер системасына ээ болгонубуз себептүү өздүгүбүздү, улуттук менталитетибизди сактап келе жатабыз. Бул салтты кийинки муундарга эсен-аман узатуу Сага жүктөлгөн жооптуу милдет болуп саналат!

Киши күндөлүк жашоосунун негизги бөлүгүн эмгектенүү, окуу жана башка зарыл жумуштарды аткаруу менен өткөрөт. Ар бир адамдын үй-бүлөсүнүн койнуна кубаныч менен кайтышынын, натыйжада узак өмүр сүрүүсүнүн гарантиясы – жетекчи менен ишчинин, мугалим менен окуучунун, кесиптештер, теңкурлардын өз ара мамилеси, байланышынан тыгыз көз каранды болот. Айрымдардын менсинбөөчүлүгү, орой мамилеси, өзүн билимдүү көрсөтүп жогору тутушу, башкаларды назарына илбестиги көпчүлүктүн маанайына терс таасир көрсөтөт. Ишканада, үй-бүлөдө, класста, достордун арасында жагымсыз чөйрөнү пайда кылат. Мындай жерде иштөө же окуу кишинин ден соолугун гана эмес, ошону менен бирге, бир караганда бул жерге тиешеси болбогон жүздөгөн үй-бүлөлөрдүн руханий маанайына да доо кетирет.

**Эгемендүүлүк жылдарында журтубузда үй-бүлөлөрдү ар жактан бекемдөө жаатында көп жакшы иш-чаралар аткарылды.**

Эмне үчүн «ар жактан» деп жатабыз? Себеби, үй-бүлөнүн бекемдиги өтө көп факторлорго байланыштуу. Оболу, ар бир үй-бүлө материалдык жактан камсыздалган болуусу керек. Ал үчүн болсо үй-бүлөдөгү ишке жарамдуу чоңдор өз кесиби, талантына ылайыктуу эмгек кылуусу, балдарынын ток жана жыргал жашоосу үчүн аракет кылышы зарыл.



Мамлекетибизде жаш үй-бүлөлөргө ар тараптуу көмөк берүү, атап айтсак, аларды үй-жай менен камсыздоо маселесине өзүнчө көңүл бурулган. Жаш үй-бүлөлөр үй-жай курмакчы же сатып алмакчы болушса, аларга банктар тарабынан көп жылдык артыкчылыктуу кредиттер берүү системасы жолго коюлган.

Үй-бүлөнүн бекемдигинин дагы бир шарты, жогоруда белгилеп өтүлгөндөй, анда өкүм сүрө турган руханий чөйрө менен байланыштуу. Бул чөйрөнүн аруулугуна жетишүү үчүн мамлекетибизде абдан чоң иштер алып барылып жатат. Мисалы, жаштарды дене тарбиялык жактан да, моралдык жактан да туура эрезеге жеткирүү маселесине бардык мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелер жана ишканалардын көңүлү бурулган. Бардык шаар жана кыштактарыбызда иштеп жаткан спорттук мекемелер, мектепке чейинки тарбия берүү мекемелери, жалпы билим берүүчү мектептер, маданият жана искусство жайлары силер – балдардын өсүп өнүгүүсү жолунда кызмат кылууда. Бул мекемелерде таалим-тарбия алган жаштарыбыз жетишип жаткан ийгиликтер болсо бир гана өздөрү туулуп чоңойгон үй-бүлөнүн гана эмес, ошондой эле бүтүндөй элибиздин, журтубуздун ийгилиги болуп саналат.

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. «Куш уясында көргөнүн жасайт» деген макалды турмуштук мисалдардын жардамында кандай чечмелейсиң?
2. Мамлекетибизде үй-бүлөнүн бекемдигине мынчалык чоң көңүл буруп жатканынын чыныгы себеби эмнеде, деп ойлойсуң?
3. Мааленде сени суктандыра турган үй-бүлөлөр барбы? Ошол үй-бүлөлөр жөнүндө айтып бер.
4. Үй-бүлө, үй-бүлөлүк баалуулук жана салттарды туюнткан макал, лакап жана учкул сөздөрдөн төртөөнү таап, төмөнкү чакмактарга калем менен жаз.

| a | b | c | d |
|---|---|---|---|
| | | | |

## АДЕП-АХЛАК – РУХАНИЯТТЫН НЕГИЗИ

Ардактуу окуучу, бул жашоодо көргөн-билгендериндин негизинде бир чындыкты жакшы түшүнүп алган болсоң керек. Ал да болсо, дүйнө имаратын адамдардын өз ара байланыш-мамилесисиз элестетип болбостугу. Эстеп көрчү: өзү жалгыз ээн аралга түшүп калган Робинзон Крузо эң көп эмнеден кыйналат?

Ал аралдагы дарактардын мөмөсүн терип жеп, аңчылык менен алектенип, курсагын тойгузат. Жырткыч жаныбарлардан коргонуу үчүн өзүнө үй курат. Эки жыгачты бири-бирине сүргүлөп, отко ээ болот. Капчыгында калып кеткен буудайдын дандарын үч-төрт жыл кайра эгип, нанга да оозу жетет... Демек, жалгыздыктагы жашоонун материалдык жагын ал эптеп жөнгө келтирет. Бирок ал өзү менен сүйлөшө турган, оюн, сөзүн уга турган шерик таба албай, акылдан азайын дейт. Баштап ичинде өзүнө-өзү сүйлөп сооронуп жүрөт – болбойт. Кийин өзү менен өзү үн чыгарып сүйлөшүүгө өтөт. Караса, мындайда жинди болуп калуу эч нерсе эмес. Анан ал эчки менен, түрдүү куш жана жаныбарлар менен сүйлөшүп, өзүн чалгытууну ойлоп табат...

«Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде аймагыбыздын табигый-географиялык түзүлүшү биз жана айланабыздагы элдерди байыртадан жамаа болуп жашоого аргасыз кылганы белгиленет:

**«Орто Азия аймагында калк эзелтеден өрөөндөрдө, чоң суу булактары – дарыя жана арыктардын боюнда жашап келет. Айланасы чөл жана такыр талаалар менен курчалган, табияты, климаты абдан татаал болгон аймактын шартынын өзү мына ушул эл жана улуттардын миң жылдар бою бири-бирине ылайыкташып, жакын көмөкчү болуп, бири-биринин оорун жеңил кылып жашоосун талап кылат»[1].**

[1] **Ислам Каримов**. Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch. –T.: «Ma'naviyat» басма үйү, 2013-жыл, 9-бет.

Эгерде, адамдардын табияты жамаа болуп жашоого көнүккөн болсо, мындай жашоо түрүнүн өзүнө жараша ички тартиптери, эрежелери болушу да табигый көрүнүш. Биздин элибизде ошол эрежелердин негизи – пайдубалын адеп-ахлак нормалары түзөт. Башкача айтканда, адамдар адамдай жашоо үчүн ушул нормаларга амал кылуулары зарыл болот. Эгерде ушул эрежелердин чеги бузулса, аларга амал кылынбаса, каерде болбосун, инсандын айбандан айырмасы калбастыгын элестете алсаң керек.

Ар бир инсандын руханий даражасы оболу анын кулк-мүнөзү жана адебинде көрүнөт.

**Ал эми кулк-мүнөз жана адеп өз ичине абдан көп нерсени камтыйт. Жүргөн-турганыбыз, адамдардын арасында жана жалгыз калганыбызда өзүбүздү тутушубуз, мамиле маданиятыбыз, айланадагыларга көңүл буруубуз – булардын бардыгы бир болуп биздин кулк-адебибиз кандай экендигин көрсөтөт.**

Мисалы, инсанды коодой турган, аны айланасындагыларга жагымдуу кылып көрсөтө турган белги – анын тили эсептелет.

Кээ бир досторуң бар, аларды угуп тажабайсың, сүйлөшүп жыргайсың. Албетте, алар сага ыр ырдап бербейт, маскараподук кылып күлдүрбөйт. Сөздөрү да түшүнүктүү – жөнөкөй эле. Бирок, ойлоп көрчү: эмне үчүн аларды уккуң, аларга окшогуң келе берет? Антке ни бул досторуңдун сөздөрү мазмунга толо, күзөтүүлөргө бай (Эгерде окшотмо жасай турган болсок, алардын сөздөрү ичинде маңызы толо болгон жаңгакка окшойт. Бактан ушундай жаңгакты таап алганда канчалык кубанып кетсек, мындай балдарды көрүп, маектешип ушунчалык көңүлүбүз жазылат). Бул балдар атүгүл кайсы бир окуяны талкуулап, ага баа берүүгө да аракет кылат. Сөздөрү бир кылка, кулакка жагымдуу угулат. Алардын сөзүндө башка тилдерден кирип калган керексиз сөздөр, орой окшотуулар такыр кезикпейт.

**Кана айтчы, бул белгилер эмнеден дарек берет? Бул досторуңдун өз алдынча пикирлей алуусунан, өзүн башкара билүүсүнөн дарек берет. Алардын тилинин тазалыгы – дилинин тазалыгынан, пикирлөөсүнүн айкындыгынан, эне тилибизге урматынан дарек берет.**

Эми  башка бир көрүнүштү көз алдыбызга келтирели.

Автобуска сен теңдүү беш-алты бала бири-бирин түртүнө чыгып келүүдө. Кудум айланасында алардан башка эч ким жоктой, үндөрүн бийик көтөрүп өз ара азилдешүүгө өтүшөт. Кез-кезде уяттуу сөздөрдү, атүгүл акаарат кылуучу сөздөрдү да иштетүүдөн кайтышпайт. Тилге алынып жаткан сөздөрдүн одонолугун, оройлугун, «үзүп-жулунганын» болсо айтпаса да болот. Бирок, чындыгында алардын бул шоокумдуу маегинде түзүгүрөөк мазмундун өзү жок (Жогоруда ичи толо маңыздуу жаңгакты эстеген болсок, эми сенин үмүт менен колуңа алып, чагып көргөндө маанайыңды түшүргөн, ичи карайып-чирип жаткан жаңгакты элестет).

Эмне деп ойлойсуң: теңкурларыңдын бул кылыктары автобустагы адамдардын кайсы бирине жагат? Анткени, алардын кээ бирлери жумуштан чарчап келе жаткан, башка биринин нервдери талыккан болушу мүмкүн го. Же алардын арасында башына оор түйшүк же кайгы түшкөн адам да бардыр. Теңкурларыңдын оозунан чыгып жаткан уятсыз сөздөрдү уккан аялдар «Тарбиясыздар!» деп алардан жүзүн бурушун элестете аласыңбы же жокпу?

**Алишер Наваий «Тилге ыктыярсыз болгон – элге кайдыгер болот» деп, өз тилин тыя албай турган мына ушундайлардан адамдарга көп зыян жетишин көздө туткан экен. Бир нерсени анык билүүбүз керек, элге кайдыгер карай турган ар кандай кишини ошол эл да кайдыгер калтырат. Бул – инсан өзүнүн терс кулк-мүнөзү менен элдин назарынан калат дегени.**

Бүгүн бардыгыбыздын үйүбүздө радио жана телевизор, көпчүлүгүбүздө компьютер да бар. Каерге карабайлы, ар түрдүү маалыматка көзүбүз түшөт. Буга чоң көчөлөрдө илинген, автобус жана метро вагондорунун ичине, дагы көптөгөн башка жерлерге жабыштырылган жарыялар жана жарнак (реклама)тарды да кошуу мүмкүн. Дем алыш күндөрү телевизордун ондогон каналдарында коюлуучу жүздөгөн көрсөтүү жана фильмдерди, каалайбызбы-жокпу, көрөбүз, алардан албетте таасирленебиз. Мынчалык күчтүү маалыматтардын агымын токтотуу же жылоолоонун мүмкүнчүлүгү жок, албетте. Андыктан, (мисалы, телевизор мисалында) биз эмнени көрүүнү, качан көрүүнү, канча көрүүнү өзүбүз үчүн аныктап алуубуз өтө маанилүү.



Айтып өткөнүбүздөй, биз Чыгыш элдеринин катарына киребиз. Ата-бабаларыбыз адеп-ахлак, уят, намыс сыяктуу чыныгы инсандык сапаттарды даңктоочу жана инсандардан талап кылуучу ислам динине ынанып келишкен. Ата-бабаларыбыз миң жылдар бою жашоо мүнөзүнө сиңдирген бул баалуулуктарга туруктуу болуу бардыгыбыздын бурчубуз болуп эсептелет. Демек, дүйнөнүн бардык жеринде, ар түрдүү көз караштардын негизинде жаратылган бардык көрсөтүүлөр да бизге толук пайдалуу деп болбойт. Бул көрсөтүүлөр (кинофильмдер, видеофильмдер, спектаклдер, концерттер, программалар, түрдүү шоулар) түрү жана маани-мазмуну менен улуттук жана диний баалуулуктарыбызга карама-каршы келген жагдайлар да көп табылат.

Инсандын кулк-мүнөзүндө анын тили канчалык мааниге ээ экени жөнүндө айттык. Эми Батыш мамлекеттеринде тартылган кинофильмдердеги айрым каармандардын тили, мамиле маданиятына көңүл бур. Эгерде бул каармандар терс, ахлаксыз адамдар катары көрсөтүлсө да түшүнсө болмок. Жок, көпчүлүк оң – башкалар өрнөк алышы зарыл болгон каармандардын айтып жаткан кеп-сөздөрүн угуп, биз таң калабыз. Эмне үчүн? Анткени биз бул жаатта башкачараак көз карашка ээбиз.

**Бизде качан жана каерде болбосун, уят, орой сөздөрдү колдонуу уятсыздык, тарбиясыздык болуп эсептелет. Эсептеп гана калбастан, жадагалса бул жазылбаган эрежелерге амал кылууну ар бир адам өзүнүн инсандык бурчу деп билет.**

Дагы башка бир мисал. Көпчүлүк чет эл фильмдеринде бир-эки сааттын ичинде ондогон, жүздөгөн адамдар «өлүп кете берет». Айрым фильмдерде ушунчалык көп кан төгүлгөндүктөн, эрксизден «инсандын өмүрү жердеги кумурсканын өмүрүчөлүк да баага ээ эмес экен да», деген ойго барып каласың. Эми ойлоп көрчү: мындай «зыянсыз көрсөтүүлөр» адамдын психикасына кандай таасир көрсөтөт?

Алар, оболу, инсандагы боор ооруу, мээр-акыбет сезимдерине доо кетирет. Бул кооз сезимдердин ордун таш боордук, караөзгөйлүк сезимдеринин ээлешине жол ачат. Күнү кече бут астындагы кумурсканы басып кетпестик үчүн айланып өтүп жаткан бала мындай фильмдерди көрүп мээрими жоголуп барып, эми мышыктын мойнуна зым байлап даракка асып коюудан да кайтпай турган таш боор, ырайымсызга айланат.

Мындай көрсөтүүлөрдүн тузагына түшкөн адамдын бетинен уят, ийменүү пардасы көтөрүлөт. Анын кеп-сөздөрү, жүрүм-туруму оройлошот, жанындагылардын кыжырын келтире турган түспөлгө кирет. Бир сөз менен айтканда, адамдын психикасында, ахлагында кескин өзгөрүү, айнуу пайда болот.

**Бир нерсени унутпастык керек, оозеки үгүт-насааттан көрө искусство аркылуу кылына турган таасир өтө күчтүү жана натыйжалуу болот. Себеби, искусство жана адабият образдар аркылуу иш көрөт, анын таасири инсандын аң-сезимине, сезимдерине, туюмдарына түздөн-түз жетип барат.**

Жогоруда биз тилге алган фильмдерде болсо буларга кошумча заманбап кино искусствосунун техникалык эффекттери да колдонулат. Натыйжада, сен өзүң билбеген түрдө бул фильмдерде алга сүрүлүп жаткан идеялардын, көз караштардын, түшүнүктөрдүн таасирине түшүп каласың. Бул таасир канчалык көп жана үзгүлтүксүз созулса, психикандагы, жан дүйнөндөгү өзгөрүү да ошончолук көп болот. Кийин болсо бул өзгөрүүлөр өзүңдү тутушуң, кеп-сөздөрүң аркылуу жүзөгө да чыгат.

Жогорудагы ой-пикирлер менен эмне демекчибиз?

**Инсандын кулк-мүнөзү жана адеби ага таасир эте турган сырткы факторлор менен тыгыз байланышта.**

Элибизде «Казанга жакын жүрсөң, карасы жугат» деген сөз бар. Бул дүйнөдө жашап жатасыңбы, демек анда болуп жаткан окуя-кубулуштар, кеп-сөздөр сага өз таасирин тийгизбестиги мүмкүн эмес. Бардык сөз эмнеден таасирленүүдө, кандай таасирленүүдө. Демек, ар бирибиз кандай чөйрөдө жашап жатканыбыз, айланабыздагы адамдар кимдер экенин, алардан кандай жакшы нерсени үйрөнсө

болот жана кайсы терс иштерине кошулбастыгыбыз зарыл экенин дайыма көзөмөлгө алуубуз керек экен да.

Журтбашчыбыз 2000-жылда «Фидокор» газетасы кабарчысынын суроолоруна жооп берип жатып, эгемендүү журт перзенттеринен талап кылына турган сапаттарды төмөнкүчө мүнөздөйт:

**«Алар улуттук тамырлары күчтүү, дүйнөнү терең таанып биле турган, замандын өнүгүүсү менен тең адымдай турган инсандар болуп жетишишсин. Мына ошондо сезими караңгы догматиктин «чакырыгы» да, ахлакты четке кагуучу, биз үчүн таптакыр жат болгон идеялар да аларга өз таасирин тийгизе албайт»[1].**

Ушул орунда адеп-ахлактын өз улуттук нормалары бар экенин да айтып өтүшүбүз зарыл. Ага амал кылуу, бул нормаларды бузуп четке чыкпастык өтө маанилүү. Сөзүбүз кургак болбосун үчүн дагы бир жолу «Өткөн күндөр» чыгармасына кайрылалы.

Белгилүү жазуучу Абдулла Кадырийдин бул романын элибиздин жети жаштан жетимиш жашка чейин – бардыгы сүйүп окуйт. Китептин негизинде тасмага тартылган көркөм фильм көрсөтүлсө, бардыгыбыз телевизордун алдынан кете албай калабыз. Мунун себептери өтө көп, албетте. Чыгарма көркөмдүк жагынан жетик экендиги, каармандарынын характеринин өзүнө мүнөздүү баяндалышы, чыгарманын тили жана жазуучунун стилинин кооздугу анын таанымал болушуна себеп болгон. Бирок бул романдын элибиздин арасында сүйүктүү болуусунун башка себептери да бар.

Анда элибиздин эзелки табияты – характери толук маңызы менен чагылдырылган. Бул пикирди романдын каалаган каарманына жакшылап көңүл буруп, далилдеш мүмкүн. Мейли ал терс же оң болсун, бул чыгармада катыша турган бардык адамдар бизче пикирлейт, бизче аракет кылат, бизче сүйөт жана бизче жек көрөт. Ата-энелер менен перзенттердин (Юсуфбек ажы, Өзбек айым – Атабек; Мырзакарим кутудар, Афтаб айым – Күмүш), эр менен аялдын (Юсуфбек ажы – Өзбек айым; Мырзакарим кутудар – Афтаб айым; Атабек – Күмүш; Атабек – Зейнеп), куда менен куданын (Юсуфбек ажы – Мырзакарим кутудар; Өзбек айым – Афтаб айым),

[1] **Ислам Каримов.** Donishmand xalqimizning mustahkam irodasiga ishonaman. «Fidokor» газетасы. 2000-жыл 8-июнь саны.

Атабек менен Хамиддин, Күмүш менен Зейнептин мамилелери өтө табигый, чыныгы сүрөттөлгөн. Мындай ийгиликке болсо бардык жазуучу да, бардык чыгарма да татыктуу боло бербейт.




Мисалы, Күмүшбиби менен байланыштуу бир эле эпизодду эске алалы. Билесиң, ал – Ташкенттик соодагер жигит Атабектин Маргыланга барганда кокустан көрүп, жактырып калып үйлөнгөн сүйүктүү аялы. Атабек ата-энесинин кыстоосу менен Ташкентте экинчи жолу үйлөнүүгө мажбур болот. Чындыгында Зейнепхан абдан сулуу, кичипейил кыз болсо да, Атабектин көңүлү бир гана көз ачып көргөнү Күмүшбибини дейт. Перзент күтүп жаткан Күмүш Ташкентке, кайнене-кайнатасынын үйүнө келет. Кайненеси мурда көрбөгөнү себептүү аны абдан жаман көрүп жүргөн эле. Күмүштү көргөндөн кийин болсо, Өзбек айым кичи келини Зейнепти таптакыр унутат. Күмүштү жер-көккө ишенбей, анын жанынан кетпей калат. Албетте, бул жагдай, жадагалса, эри Атабектин ого бетер өзүнөн алыстоосу Зейнепке оор таасир этет. Эмне кылаарын билбей калган Зейнеп, бакытка каршы, эжеси Хушройдун сөзүнө кирип, жаман ишке кол урат...

Эми кырдаалды көз алдыңа жакшылап келтир: Күмүшбибинин бирөөгө жамандыгы тийген жок. Канчалаган үмүттөр менен эми гана биринчи перзентин көрүү алдында турган болчу. Бул үйгө качандан бери күтүлгөн наристенин ыйлаган үнүн, кубаныч жана бакытты алып келип жаткан эле. Бирок, ага ушул үйдө уу беришти, өмүрүн кыйышты. Күмүш жан талашып жатат, бир нече минутадан соң бул дүйнөдөн түбөлүккө көз жумат. Анын бүтүндөй денеси от болуп күйүп жатат, деми алкымына тыгылып, жаны көзүнө көрүнүп калган. Толгонуп жаткандыктан чачтары жайылган, үстү-башы тартипсиз. Ушул абалда анын алдына кайнатасы – Юсуфбек ажы кирип келет. Ал миң кыжаалат жана бушаймандык менен келининин

мандайына акырын алаканын коёт. Алсыз жаткан Күмүш тынчсызданып көзүн ачат да жанында кайнатасы турганын көрүп... уялганынан кийим-башын оңдонууга, ордунан турууга аракеттенет...

Буга окшош мисалдарды жалаң эле түбөлүктүү чыгармалардан эмес, ошондой эле турмуштан да абдан көп келтирүү мүмкүн.

**Журтубуздун ар бир үйүндө Күмүшбибидей кыздар, Атабектей жигиттер көп эле табылат. Алардын характери, ахлак-адеби башкаларды суктандыраары анык.**

Албетте, мындай кооз мүнөздөгү адамдар асмандан түшпөйт. Алар да сени менен бизге окшогон жөнөкөй адамдар. Болгону, алар инсан деген улуу наамга татыктуу болуу зарылдыгын, адам айланасындагыларга жакпай турган кылыктары менен өзүнүн сулуулугун жоготушу мүмкүндүгүн ичтен сезишет. Ошого ылайык өздөрүн тарбиялап, коздоштуруп барышат.


Күмүшбибинин сапаттарын эстөө жана жогоруда айтылган пикирлер менен биз эмне демекчибиз?

**Биз ушул элдин өкүлү, анын тарыхый орун басарларыбызбы, анда бул баалуу салттарды көз карегиндей сакташыбыз, аларга туруктуу бойдон калуубуз, эч качан өздүгүбүздү жоготпостугубуз талап кылынат. Анткени, биздин руханий түспөлүбүз, менталитетибиз кудум күзгүдөгү сыяктуу адеп-ахлагыбызда даана көрүнөт.**

***Суроо жана тапшырмалар:***

1. Адамдын адебинин калыптануусунда ал жашап жаткан чөйрөнүн кандай таасири бар деп ойлойсуң?
2. Элибиздин «Адепти адепсизден үйрөн» деген сөзүн чечмелеп бере аласыңбы?
3. Теңкурларыңдын кулк жана адебинен сага туура келбей турган кандай кемчилдиктерди байкап жатасың?
4. «Адепсиздик көбүрөөк уул балдарга мүнөздүү болот» деген пикирге кандай карайсың?
5. Чет эл фильмдери, түрдүү көрсөтүүлөрдүн оң жана терс жактары жөнүндө классташтарың менен талкуу уюштур.

6. Сүрөттөрдө берилген чыгармалардын окуялары боюнча өтүлгөн темaны чечмелеп бере аласыңбы?




*a*




*b*




*d*




*e*

## ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

Т а п ш ы р м а: Классташтарың менен бирге **«Гуманизм деген эмне?»** темасында талкуу өткөргүлө.

Ага даярдык көрүү жараянында төмөнкү маселелерге өзгөчө көңүл бур:

– Журтбашчыбыз Ислам Каримовдун «Yuksak ma’naviyat – yengilmas kuch» чыгармасындагы ушул темага тиешелүү пикир жана идеялар;

– гуманизм адамды башка жандыктардан ажыратып тура турган маанилүү сапат экендиги;

– эзелтеден элдик адабиятыбыз жана искусствобузда гуманизм идеяларынын илгери сүрүлгөнү;

– тарыхта болуп өткөн гуманизмге каршы окуя жана кубулуштар, алардын адамзат башына салган чоң алааматтары, кырсыктары;

– дүйнөнүн айрым чекиттеринде адамдын кадыр-баркын тепселей турган, өмүрү жана келечегин кооп астында калтырышы мүмкүн болгон окуялардын болуп жатканы;

– гуманизмди үгүттөөдө массалык маалымат каражаттарынын, искусство жана адабияттын ролу жана башкалар.

## МАЗМУНУ


**Киришүү** ........ 3

*I бөлүм.* **Эгемендүүлүк жана улуттук идея** ........ 7

Улуттук идея – изги үмүт-тилектердин туюнтулушу ........ 7
Руханият жана анын мүнөздөмөсү ........ 11
Пикир жана идея ........ 15
Идеянын негизги өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү ........ 20
Коомдун өнүгүүсү жана жаратман идеялар ........ 26
Билим жана руханият *(Практикалык көнүгүү)* ........ 32
*Кайталоо* ........ 35

*II бөлүм.* **Идеяга каршы идея, пикирге каршы пикир** ........ 36

Зыяндуу идеялар ........ 36
Сергектик жана сактык ........ 42
Улуттук өздүк жана салттар ........ 48
Тарыхый эстеликтер *(Практикалык сабак)* ........ 55
*Текшерүү иши* ........ 57

*III бөлүм.* **Руханиятка кооп – өздүгүбүзгө кооп** ........ 58

Көзгө көрүнбөй турган кооптор ........ 58
Жеке инсан тарбиясы ........ 66
Коомго кооп сала турган илдеттер ........ 74
Инсандын дилине жол ........ 80
Тарыхый эскерүүнү калыбына келтирүүдө искусствонун мааниси ........ 89
*Текшерүү иши* ........ 95

*IV бөлүм.* **Жогорку руханий нормалар** ........ 96

Инсанды жактоочулук (гуманизм) – элибиздин изги сапаты ........ 96
Руханияттын калыптануусунда үй-бүлөнүн орду ........ 104
Адеп-ахлак – руханияттын негизи ........ 109
*Текшерүү иши* ........ 117

MURTAZO QARSHIBOYEV, SANOBAR NISHONOVA,
OYNISA MUSURMONOVA, RAHMON QO'CHQOROV

# MILLIY ISTIQLOL G'OYASI VA MA'NAVIYAT ASOSLARI

**7-sinf**

*(Qirg'iz tilida)*

*To'ldirilgan va qayta ishlangan 5-nashri*

*Toshkent «Ma'naviyat» 2015*

Которгон *А. Зулпихарова*
Редактору *Г. Токтобаев*
Сүрөтчүсү *М. Аглямов*
Тех.редактору *С. Шухрат*
Компьютерде беттеген *Ш.Сахибов*

Лицензия AI №189, 2011-жыл 10-майда берилген. Басууга 20.06.2015-жылда уруксат берилди. Форматы 70x90 $^{1}/_{16}$. Таймс гарнитурасы. Офсеттик басма түрүндө басылды. Шарттуу б. т. 8,77. Басма т. 6,96. 762 нускада басылды. Буюртма № 15-308.

«Ma'naviyat» басмасы. Ташкент, Тараккиёт 2-тупик, 2-үй. Келишим № 43-15.

Өзбекстан Басма сөз жана Маалымат агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100129. Ташкент, Наваий көчөсү, 30-үй, 2015.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү кретийлери негизинде толтурулат

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарсыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |